
Чоюн Өмүралиев

# ЧАБАРМАН



1984.

*Чоюн Өмуралиев*

# ЧАБАРМАН

Аңгемелер

Фрунзе
«Қыргызстан»
1988

84 Ки 7
Ө 99

**Өмүралиев Чоюн.**

Ө 99 Чабарман: Аңгемелер /Сүрөтчүсү Ө. Асанов.— Ф.: Кыргызстан, 1988. — 108 бет.
ISBN 5-655-00111-X.

Бул жыйнакка автордун жаштар проблемасы, алардын ички дүйнөсү, идеалы, эмгекке болгон мамилеси, турмуштук көз карашы; сулуулуктан, жаратылыштын ажайып кереметинен от алып, келечекке умтулуусун көрсөткөн чакан кайрыктары менен аңгемелери кирди.

Ө $\frac{4702280200—9}{М 451 (17)—88}$ 122—88 ББК 84 Ки 7

LSB №5-655-0111-X.

Рецензиялаган *К. Ибраимов*
Сүрөтчүсү *Ө. Асанов*

© «Кыргызстан» басмасы, 1988.

## АЙ ЫРЫ

*Аруу Ай*
*Аздым-тоздум жеталбай*
*Алыстайсың ансайын...*

Тие (Япон акыны, XVIII к.)



### ТАҢ

Кыш. Таң куланөөк салганда турдум. Теребел муздай кашкайып тунук. Ушул күзгүдөй тунуктуктан чагылып асман да тунук. Ушунчалык тунук дейсиң — адаттагысынан да көпкөк болуп ансыз да аягы жок түпкүрү дагы арылап кеткен. Түрктөрдүн асабасындагыдай түпкүч Ай гана дирилдеп, сары-кызгылт ыраңын акырындап акка алдырат. Таң жакынын кабарлайт. Жылуу үйдөн чыккангабы, дароо чыйрыктым. Аңан ушул көк жалтаң таңда көктө илинген, өзүнөн өзү жылуулук таап мемиреген аксаргыл Айга карап, бир саам суктана, жылуулугун өзүмө өткөрө үшүбөй калдым.

### АЯН

Кышындагы айлуу түндөн өткөн эмне керемет бар. Асман көлдөй көпкөк болуп тереңинде сансыз бермет жылдыз жанат. Карга басырылган ой-кыр ылдый салааланып Ай эрийт. Сүттөй аппак айлана түндүктүн ак түндөрүн

эске салат. Жок, бул ушу түндүн шамдай жарыгынан уламкы жакындатылган бир кеп да. Шоолаланган күнгөй менен күңүрт тарткан тескейлердин сырдуу жуурулушу, булаңгыр элес калкыган буурул талаасы тереңинде катылган сыйкыр ажайыптан аян бергенсиген кышкы айлуу түнгө эмне тең келсин! Мына Эки-Бала чокусун да ушунда көр!

Мен түндөсү сыртка чыктым да Эки-Баланы карадым. Кырына, этегине үлбүрөгөн саргыч булут куйрук, жалдай илээшип, шамал ургандай жапырылат. Айланадан заңгырап бөлүнгөн тоо ушу калыбында жылдыздуу ааламга зымырылган аргымактай. Бирөөнүн «биздин тоолор жаш, ал дагы өсөт» дегени эсимде. Капыстан тоонун өсүү тездиги ушул зымырылган абалында элестеп, анын жанында бүт өмүрүм ушул, мына ушул мунарык сырдуу көрүнүшкө бир саам, бир саам гана делдейип таң калган көз ирмемдей сезилди.

Буурул түндүн мундуу аяны ушулбу?...

## ОБОН

Айылдын айлуу кышкы кечи түнгө оогонун көргөнсүңбү?

Күн батат, көлөкө текши баскан бүт теребел көпкөк муздай туна түшөт. Ушунчалык тунук дейсиң, шыңгырап алдыртан ырдап турушкансыйт. Бир гана улуу тоолордун кар жатпаган айза учтары шаманадай балбылдайт. Ошол чокулардан от ыргыппы, же теребелдин кечки ырына элжиреппи, көңүлдүн тереңинен катылган кайдагы бир абан жаңырыктап ээ-жаа бербей кыстап чыгат. Сызылтып бир кумарлуу ырдап алгың бар. Бирок, ушу учурда кылт эткен үнүң да доо кетирчүдөй болгон морт дүйнө, бир кошумча алымча суранбаган аруу дүйнө өзүнөн башканы текши өгөйлөп тургандыгын туясың.

Убакыт көк боегун коюулантып сүрөт түсүн күүгүм

чалат. Кереметтен көз көрүнө кол жуучудай дүмөктүү коркунучка бийлетесиң. Ал аңгыча табият канчалык күүгүмгө бастырган сайын кайра бир жагынан жаңы башталган сагынычтай болор-болбос саргарганын көрөсүң. Жеңилдейсиң өзүңчө. Ал бая көктө бир үзүм кылаңгыр булуттай кылтылдаган кубатсыз Айдын бийликке өткөнү. Көпкөк буудай талаасы билинбей бир четинен кыярып, болор-болбос желаргыга жайкалгандай дирилдеп нур алдында күмүш күңгөй, күңүрт тескей термелип күүгө келет. Күндү узатып күйүт чеккен чокулар Айга ажарлана жүз тосушуп, мойнун бийик созушуп, табышмактуу хор ырдашат. Көкүрөгүндөгү баягы абан кайра күчөп алдастатат. Өз бийлигин өктөм алган Айлуу түндүн абаны демейт, демейт...

Сен өзүңдү бүт унутуп ушул түнгө эрийсиң...

...Кубулжутуп күү төккөн жүрөгүңбү, айлуу түнбү?...

## ЫР

Мындай бир карай салсаң:

Көөдөндөгү калкылдаган сезимиң көккө калкып кеткендей аруу... аруу Ай турат!..

Алдыңдагы жапан дүйнө; тоо толкуган, көл чалкыган жарык дүйнө жүрөгүңдүн жаңырыктап, жаңырыктап жаткан жаркын нуру экен...

## КУБУЛУУ

Көздөрүмдө Ай балбылдайт...

Кулагымда суу шары...

Ай дегениң тыным билбей иштей берген, иштей берген, аппак ырын бүтпөй келген, бүтпөй келген алда кандай булчуң белем, арбагандай ырчы белем.

Жарк! Жарк! Жарк!

Жарык, жарык, жарык...

Булак деген тыным албай оргуп кайнап, кайнап турган, окторулуп сайрап турган булбул белем, дулдул белем.

Шарр! Шарр! Шарр!

Шамаал, шамаал, шамаал...

Ээ-жаа бербей туйлап агып, бийлеп агып аалам ылдый диркиреп жүрөгүмө куюлган айран нурлар, майрам нурлар таңдайыма татып бүтпөй, маңдайыма атып бүтпөй, бүтпөй... бүтпөй Ай сымалы агарткандан агартат...

Шаркыраган шаалдаган шаа шоокум жүрөгүмө агып бүтпөй, мүрөгүнө канып бүтпөйм... бүтпөй, бүтпөй тамчым калбай тазарткандан тазартат...

Жарк! Жарк! Жарк!
Шарр! Шарр! Шарр!
Жарк! Жарк!
Шарр! Шарр!
Жарк! Шарр!

ЖАРЫК ШАР!

* * *

Апам терезени дүкүлдөттү:

— Тур, уйду саадыр.

Уйкулуу мага «Айды саадыр» дегендей угулду. Баш көтөрүп сыртты карадым.

Апам, аңын ийининен артылган Эки-Бала, Эки-Баланын чокусунда чын эле нурлары тамчылап, ийип Ай туруптур...

О маңдай жарган чагылгандай көз ирмем! Ошондон соң карыган апам, Ай, Эки-Бала менде бир бүтүнгө биригип, жан-дүйнөмдү жаркыткан ак жалындай айкалышып жашап келет айрылбай.

* * *

Кой жоготтум. Айлар акты, жыл саргайып кылым соолду, издейм, таппайм. Боз бала элем санааркап атамдан корккон, сакалына тушалып бүжүрөгөн чал болуп кайтып келем.

Жолума иңир чөктү...

Карыбаган үмүт экен — артыма бир кылчайтты. Ошо ирмемде карагай чер жүзү ого түнөрүп, калдайып асман тоскон Кайыңдынын арсак терсек мизинде шыркырап кучак жеткис Ай чыгып келатыптыр.

Коюм да, оюм, жолум да заматка өчүп, элейип нес катыпмын. Анан көзүмдөгү Ай көлкүлдөп кетти, өрөпкүтүп өпкөмө сыйбай кетти.

Алиге билбей келем, ал көз жашым: кой жоготконум беле, Ай жоготконум беле?!

* * *

Буурул таң... Сыртка чыгып бушайман түшүп үй тегеренген коңшумду көрдүм.

— Э, тоокторго жем чачып атсам бир ак короз ушерди имерилип эле жок. Жер жуттубу дейм, көккө учтубу дейм...

Көнүмүшүм: көктөн Айды издей кеттим. Батпай таңга калган толукшуган Ай көрдүм.

О бүтпөс, түгөнбөс ай наарлуу өмүр-дүйнө!

Куш базардай кужулдаган жарык күн!

Таңкы айдарымга суйкая таранган Ай аалам кыйырын жаңыртып тирүүлүктүн улуу, майда, майрам түйшүгүн шаңгыратып корооз үнүндө жар салып турган экен...

* * *

Буурул кыштын бубактуу көгүш таңында шашып ишке келаттым. Аялдамадан баштап Ай ээрчип алды. Туптунук муз бетине таамп калган бир илим сары майдай жүзү каймактаган Ай! Артымдан калбай ээрчийт, бак аралайт, там кырынан тайгаланып бутактарга тытылат. Кайра ааламдын кең жайыгын жалгыз ээлеп жаркырап чыга келет, чалкып берет...

Көк теңиринин көз алдынан сыдырылган адамдардын аны менен иши жок. Көрбөйт да, байкабайт. Чалкар ааламдын жалгыз ээсиндей чалкыган бир өзү. Ээрчишип ишке келдик. Кеңсеге кире бериште соңку ирет бир кыл-

чайдым. Ушу ирмемде Айдан эми ажыраарым көөнүмдү тыз эттирди. Учсуз-түпсүз аалам туңгуюгунда жалгыз калаар бир тамчы Айды аяп кеттим.

Караңгы бөлмөгө кирип баратып капыс: «Ай эмес, адамдар, мына бул күңүрт бөлмөдөгү күүгүм жүз адамдар жалгыз болуп жүрбөйлү» деген ой ооду көңүлүмө. Ушунда Айдын ичине кирип алып бир жылыңгым келди... Жарыгы-ым, агаргым келди...

* * *

Үй түбүндө байтерек өсөт. Күндүз сырын жан туйбайт. Жалбырагын самсаалатып ылаалаган бир дарак. Күндүз баары чачыраган, ар бир буюм, көрүнүш, түс, жан-макулук өз абанын өз бетинче созот да качат бири биринен. Бар тарапка! Бар жанынча! Бириктирээр күч кайда?

Күн сайын өлүк-тирик кошулган кечки иңирде жер кишенин кыйратат да бая байтерек боюн керип көк теңирине калкып кетет. Ошондо аалам чапчыган чеңгели жылдыздарды шыңгыратып калчап ойнойт. Ал эми айлуу түн — айтып болгус сан салтанаты! Түнкү жеңил айдарымга жумшак сапырылган кулун жал нурлар байтеректин көккө төнгөн кыл учу ылдый айдың жерге агылат. Ар кеч сайын ушу ажайып жарыкты эңсеп кеберсиген кең жазык дүрт жанат да талыкшыган боюна жайып иет нур абанын...

Көк мөңгү тоолор. Көк буурул дүйнө. Көк шамдай дарак. Көк жалтаң асман. Байтеректин баянын улап, тереңдеги сырын чубап белгисиз жакка бет алган балык кабырчык булакта да күмүш чыбырчык дир-дир ойнойт. Ушу саатта муңайым абан термеп айдың жер, асман көгүш-мунар көшөгөдө биригет, жүлүндөй сыйкыр байланышта дил табышат. Ушу ирмемде аалам тымып өзүнө уюйт.

Көккө төнгөн кыл учу алыскы бир жылдыз ырын сыбызгы шоодуратып ырдап турат...

Акыл жеткис ай жарыгын бариктери жомок кылып жоодуратып ыргап турат...

* * *

Айдын бул канчанчы ирет көз жарышы? Канчанчы ирет карап турам дал болуп? Сыйкырланып, арбалып... Алтын тулку затында эмес атында да жердин жепен түшүнүгү жете албаган терендик. Ай закымда адашкандай каяккадыр калкып кетти калган дүйнө... Маңдайымда бир гана балбылдаган Ай калды.

Ал — табышмак... Жандырмагы менминби?

Анда неге мен өзүмдү түшүнө албай Айга үзүлүп жалооруйм. Өмүрүмдүн өксүк чалган жарымын, толгондогу жарыгын ким чечмелеп айта алат?..

Жок! Айтылган сөз — жепен сөз, желип кеткен желге тете. Ачкан акыл — качкан акыл кунсуздалып куюн болуп куюккан. Бул өмүрдүн эс акылга кармалбаган маанисин айтып берээр жалгыз гана бир маңызын чачыратып, чатырап, күлүн гүлгө айлантып, маңдайыңа куйуп берген, түпсүз түнгө жылт ачылган ай терезе...

* * *

Жылан кабык каңылтыр тоо сур чаңгылт жарык чагат. Көк тилип учкан жылдыз кадуудан кайый берип миң бычырайт, апай бетте кар тозондоп морт жылдыздын сапарын улайт.

Ким бирөөнүн жылдызы учту...

Шайтан чырактын өлүмсөк шооласындай кубаакы дүйнө калды. Шамал улуйт, карандап элес ойнойт. Ким бирөө кете албай тегеренип, кыя албай алда нени кынжылып үнсүз басат. Жер, көк чегинде күдүрөйгөн көрүстөндө какчайып өчкөн Ай. Тирүүлүк тоңуп калгандай. Жер чыйрыгып түйшөлөт. Ушу тапта асмандын бир өңүрүн алоо нур каптап, өрт селинен аян кылат. Өчпөс да бир Айдын бары. Буурул дүйнө муңайган бир ачылыш күтүп, дымып мемирейт...

Ай кумары жанбай калган, сан миң жылдар түн түпкүрдө буулугуп жарыкчылык күсөгөн жан бүткөндүн ар-

зуу, эңсөө, сагынычы жер көөдөнүн тиреп чыңап, чоку бойлоп көккө эргип, көкшүн канбай өзөңдөйт. Айлуу түндөгү ак чокулардын муңайым авазынын акыл жеткис керемети ушунда бир ачылат.

Жылан кабык каңылтыр тоо дилиме сур чаңгылт жарык чагат:

Көздөрүмө көлкүп берген, колдоруму конуп берген, учан-теңиз ааламда учуп күйгөн ушул Ай... менин жаным болбосун?...

## МАЖНУН

Ыймандай бир сырымды айтпаска аргам калбай айласызмын. Ишенгиле, буга дейре Ай көрбөпмүн. Айтсаңар, кантип, кантип Айсыз караңгыда жашап келгем. Айдын барын билбеген соң Күнүң деле Күн эмес, жылдызың да жылдыз эмес, ташпы, кушпу, шайтанбы, даракпы... айрып билбей, көрбөй, караңгы, көрдөй дудук думугуп жашапмын десең. Акылманы Ай тигине десе ага ишенип, акылдан адашканы Ай мынабу десе буга ишенип, макулуктай баарына көнүп, бүтүйүп бүтүпмүн десең. Курган башым, курган башым!.. Жок! Акыр түбү Айдын өзүн, өзүн көргөн алтын башым, алтын башым!.. Карагылачы, акебайлар, көзүңөрдү жуумп туруп шарт ачкыла да, асманды бир жалт карагылачы. Көрдүңөрбү?! Асман көпкөк болбой кыпкызыл же сапсары болуп калса эмне болмок! Мына ошондо эмне болмок десең?! Эмне гана күндө калмакпыз десең, акебайлар?!..

Аппак булут! Жашыл майсаң! Көк зоока!..

Бул не деген улуу түстөр кыябында жаралган. Тээ түпкүрүнөн сызылып чыккан обондой кубулжуп угулбаса мынчалык керемети болот беле! Айтсаңар! Аралаштырып эле, жууруп эле көргүлөчү. Элестетип эле көрсөңөр... Жок, анда дүйнөң аңтарылмак, ишенгиле, караңгы бир куюкка караан үзүп куркурамак! Айланайын акебайлар, бу-

луттун актыгына, асмандын көктүгүнө бир сыйынсак канетет!

...Анакей Ай. Қара жер каймактангандан канча бир Дон Кихоту, Санчолору Айды өз энчилерине басылгандай туюп, кыйбасындай ыр жазышты. А Ай болсо ага дагы, буга дагы таандык эмес, өзү менен өзү жүргөн, өзү менен өзү жашап, өзү менен өзү алышкан өгөрөк, жапжарык, суйкайган гана Айдай Ай экен.

Ай, Ай, Ай... Мына эми баарын, баарын артка таштап... СЕН төрөлүп бойго жеткен боз тамыңдын түндүгүнөн артылып... терегиңдин учтарынан тегеренип маа келаткан, маа ачылган, жалоон жалы чачтарыңдай сапырылып асманыма зымыраган калыс Ай.

Эми кандайча тил табышсам өз ыкыбалым, тагдырым Ай!..

## ЖЫШААН

Таң. Айлана текши карга чумуган. Асман түнү бою жерди боору менен басып жатып кайра бийигине калкып бараткандан жерге сиңген көк түсү тарай элек. Дүйнө көк жалтаң. Бир гана мурдагыдай терезелерин кыроо баспай күлмүңдөгөн боз тамдар, бутактарын бубак чалбай жел термеген карт дарак ушул теребелге коошпойт. Аздан соң күн нурунан өрт алган кырбуудагы муз чорголор чоор ойнотуп, күүнү уулап бул дарактарга Саврасовдун чар каргалары учуп келчүдөй...

## САГЫНУУ

Туруп туруп эле Көлдү сагындым, эмнеден экенин билбейм, мүмкүн бүгүн иним ошол жакка жолоочу кеткендендир. Көлдө акыркы жолу болгонумду эстедим. Кеч күз эле. Көл жээги ээн калган. Жээкте жалгыз жүрдүм. Толкун жууп, чайкап отуруп муздай көк кашка кылып тазалап

салган майда таштардан терип эрмектедим. Бир кезде толкун бут алдыма бармактай чамындыны серпти. Канча убактан бери толкун чайкап келгендиктен ал ушунчалык жумуру жылмаланган жалпак чамынды эле. Бу мүмкүн качандыр бир карт дарактын дүмүрү болгон чыгаар. Эми бармак башындай өзөгү калган. Аны карап олтуруп, пендемин да, ойго алдырдым. «Мүмкүн көл жээгинде таң атырып, көл жээгинде күн батырып, ушу айкөлдүккө жаңаша жээкте жүрсөм, жүрө берсем... акыры мен да майдабаратымдан арылып, жышылып, адамдык өзөгүм жаркырап ачылат беле?

Чамындыны жыттап көрүп шордун жытын, соңунан тээ алда кайдагы ийне көзүндөй жылчыктан алыскы бир жылдыздын шооласы жылтылдаган сыңары билинер-билинбес арчанын, ооба, канча жылдар долу толкун чайкап кетире албаган кадимки арчанын жытын сезгем...

Күтпөгөн жерден: «Деги өз жытымдан өзүмдө калды бекен?» — деген ой келди. Анан Көлсүз жашай албачудай ал жакты демеп-демеп самай бердим.

## ЭСТЕТ

Тамдын боорунда өзү тарткан үч эликтин сүрөтү илинип турчу. Ортоңкусунун башы оңбогондой сулуу тартылыптыр. Ал дайыма ошол эликти карап, сулуу башын өзү тартканына бир эсе ишене албай, өнөрүнө канааттанат. Бир жолу үйгө келген жолдошу сүрөттү карап жатып баягы эликти «кемээк экен» деди. Чын эле алдыңкы ээрди үстүңкүсүнөн саал кемирээк экен. Анын оюна бала кездеги кайтарган жаш козулары түштү. Жаңы отуккан козулар төө куйрук, тикендердин арасындагы мал тиши тие элек жаш чөптү оттоп жүрүшүп тикенекке сайдырып ооздорун жара кылышчу. Картыккан тумшуктары чормоюп сулуу баштарына жарашчу эмес.

Ал жолдошунун азыркы сөзүнөн ошол качаңкы козу-

ларын эстеди. Ошондон кийин баягы сүрөт мурунку кол жеткис аруулугунан тайып, дубалда илинген кадыресе бир буюмга айланды.

* * *

Таранчынын уясындай тар бөлмөдө үрпөйүп үшүп олтурам. Терезенин алкагында бир тилим жер, андан ары улуу тоонун бир өңүрү, төбөсүндө алакандай чарчы асман. Дүйнөнүн бар туруму мына ушу. Ааламым мынча тарып мени дагы кибиретип басынтат. Ушул азыр тардык эле дейсиңби? Ак кар менен думуктурган боз тумандын ажырымы билинбей, ымтыраган бир түрдүү түс баамыңа жалгыз быдыр илээштирбей жадатат. Мукуратып дээринди мокотот. Көйгөй дүйнө — көңдөй дүйнөң. Жадыраган жашыл жаз, санжыргалуу сары күз качандыр бир кездерде бир көрүлгөн түш өңдүү...

## КЕРЭЭТ

Адам сагынат экен өткөнүн...

Качаңкы бир өспүрүм курагымда өзүм тарткан сүрөттөрдү аңтарып карап отурдум. Ар бир сүрөттү көргөн сайын аны менен кошо өткөнгө көчөм да, качанкы бир элестер жадымда жаңырып толуп ташып чыга келет. Шыбактын жытына чумуп алгандай тамагым кермек татып, каңылжаарымды зил өрдөйт. Турмуштун көлөкөлүү көйгөйү көңүлүн чыйрыктыра элек бир ак чайыт аалам экен го балалык дегениң!

...Ысык кумда магдыраган денеме суу чачкандай суук чыбыр аралады.

Ак кагазда элик кебин тартынган жылаңайлак агедил бала турду.

«Эмне үчүн кеп кийгизип тарттым экен,— деп эңшеридим. Адеп эле ушу ой келди. — Эмне үчүн ошентип тарттым десең?!»

Эми мына андан туура он беш жыл кийин ошондогу өз өңүңдү, көздөрүңдү көргүм келип, муң-зарыма муунда-лып... мукурап отуруп бердим.

«Эмне үчүн ошентип тарттым экен». Же бул сенин жүзүңдү бизден түбөлүк бөлүп кетээрин кабарлаган таг-дырдын эрте аяны беле?...

— Мен эми сени сагындым, Такен! Жүзүңдү сагындым, көздөрүңдү сагындым. Калканчыңды алып салчы, кандай элең бир көрөйүн.

...Андагыдай, мындан туура он беш жыл мурдагыдай бала бойдон, баарыбызга орток жадырап келген жаңы жылдын кадыр түнүндө, жаш жайраарыңы али билбей, апабыз сатып келген сыр жыттуу элик ыраңын тартынып маңдайымда дүйнөкапар отурасың. Калканчыңды алып салчы, кайрып берчи ошол кечти бир ирет...

Жок... Эми мага жалгыз бул ой жан арга:

Ким билет бул ааламдын сырын тарткан бутпарастын бир айтканы ырас болсо, анда сен да түбөлүккө жок бол-бой, соңку өмүрүң ак кар, көк музу жүрөк каарыган адырмактуу дүйнөдө кайберенге айланып качып, бозуп, адашып жүргөндүрсүң... А сүрөт... сүрөт... турмуш көй-гөйү көңүлүнө так сала элек наристе балалыгыбыздын бу тагдырыңды керээтинде туйганыдыр...

## КУУРЧАК

Ал жумуштан чыккан соң башы оңбогондой зыңылдап ооруп турганын сезди. Чыкыйы чыңалганына чыдабай ушу басып баратканында чарт жарылып, мээси былжырап та-ман алдына жайнап калчудай болот. Жер эле таза болсо-чу, ала шалбырттын чалчыгы! Кудайга шүгүр, башы жа-рылбады, мээси жайнабады. Кете берди илээлеп. Канча-лык ойлонбоюн десе деле болбой көнгөн адатынча ойлонду. Бу саам: бу заманда мээге күч келерин, жумушта чот чакылдап, аппарат чыйкылдап, ал аз келгенсип ноопастай

ноюбаган бир кесиптеши радионун кулагын болушунча ачып таштап, болбогон репортажын кунт коюп тыңшап, сыртка чыксаң бак ичин башына үч көтөрүп безгек урган балдар гитарасын «бадактатышып», айтор байкуш баштын ушу ИТРдын уу-дуу заманында итапкан эле чарчаары жөнүндө ойлонуп келатты. Аңгыча кезектеги ачуу үн — мотоциклдин чаңырган сигналы курушкан кежигесин көзөп, кулагынын тарсылдагын жара жаздады. Баса бермекчи болду эле, дагы кайталанды. Кайрылып карап ылжая күлгөн досун көрдү.

— Каякка каңгыбашым? — деди ал жайдаңдап.

— Мени үйгө таштай кет,— деди берки. Сөз узарткысы келбей учкаша берди.

Мотоцикл асфальт менен зымырады. Анын көңүлү заматта өткүндөн соңку асмандай тазарып чыкты. Аркырап шамал урган маңдайы ушунчалык кеңейе түштү дейсиң — жапан доошу эмин эркин шаулаган, бир кыйрынан экинчи кыйрына удургуган аппаппак булуттары жүзүн чаңкайта сүрүп чатырап жаткан кадимки жазгы асмандай кеңий түштү. Дөңгөлөк багалегине, далысына жыбыратып ылай элеп баратканын сезген да жок. Аркыраган сайын ал кайра ошончолук катуу ылдамдык күсөп кете берди.

— Жеттик,— деп кыйкырды досу бир оокумда. Ойго алдырган берки үйүнүн тушуна келишкенин көрдү. Түшүп ырахматын айтып үйүнө басты. Жамажайы жыйылбай, зуулдаган ылдамдыктын кумары тарабай жымыйып алган. Умай эне ууз колу менен башын бары жоктон мизилдетип тазалап салгандай жепжеңил. Өзүңдөгү мынчалык чагылгандай өзгөрүүнү өгүз болсоң да сезерсиң. Ал да сезди. Анан... анан кайсы бир шум артисттин амиринен чыга албай — ал каалагандай шумдуктанып ойноп жаткан жепен куурчак болуп турганын да туйду. Эми жылмайган уурттары мыскылга өтүп, кимгедир табалуу күлө баштады.

## НӨӨМӨТ

Ашкана. Убакыт түшкө таяп кезек күткөн эл көп. Буфетчи келин колу-колуна тийбей жанталашат. «Чах!» «Чах!» — Ыргыйт чоттун таштары. Чагылгандай! Анан үстөлгө өбөктөй калып кагаз жазат бүт денеси титиреп. Текчеге арта салынган балканактай эмчеги былкылдайт. Бирөөнү издегендей кезек кыркаарын чыдамсыз сыдырып өтөт. Көкүрөгү чытырап, көзү чымырайт. Тереңинен улам жаңы толкун демеген нөөмөт жаңыланган сайын анын да ичи бир укмуштай каарыла берди. Шыпылдап иштей берди. Бир оокумда элдин эң аягында турган бала көтөргөн тестиер кызды көргөндө кашы серпилип көзү жайнап кетти. Дудуктарча жаңсашты да экөө бирдей жарданган элди таштай салып тамак даярдаган жакка житишти.

— Булар ушинтет,— деп жарылды адеп эле нөөмөтү жетип калган арык тыржыйган киши,— ушунча кишини пешке ордуна көрүшпөйт!

— Тамак кымтымайы эми убакыт кымтымайга өтүптүр да!

— Ошону айтсаң. Азыр убакытты кудайдан да сатып ала албайсың! А булар...

— Даттануу китеби бар бекен,— эми нөөмөттүн аяк жагындагы чыкчыйган шляпанын алдынан бирөө чыкчырылды,— өй, чакырып койгулачы бусурманчылыкка...

Нөөмөттөгүлөр тарсая үйлөнгөн шарлардай калкылдашып заматта чыңалып чыгышты.

Ушу учурда баарынын кыжы-кужусун басып, бакырып ыйлаган баланын үнү чыкты. Ага удаа эткээл буфетчи келин семиз бетин, көкүрөгүн титиретип майпаң уруп нөөмөткө жетти. Кагаз каламын ала коюп күнөөлүү алактады:

— Сизге эмне?... Шорпо, экинчиге тоок...

Көкүрөгү чала жабылып калыптыр. Териси кат-кат алкым мойну, көкүрөгү турган элдин назарын бурган жок.

Алиги тыржыйган арык киши гана жапжакын тургандыктан кайрылган жакасында илээшип калган жаңы сүттүн көбүгүн, көбүктүн көзчөлөрү тирукмуштай чыңырган үн чыгарып жарылып жатканын даана көрүп — укту. Бала болсо ичип-жеп бакырып ыйлап жатты. Эткээл келиндин көзү эликтин көзүндөй жайнап жалт-жалт каранып, көкүрөк тушу сууланышып чыкты.

— Болбойсузбу, айтпайсызбы,— деди ал заматта туталанып.

— Бар, барып жакшылап эмизип кой, ийин жандырба. А мындан камтама болбо...

Келинди мээри түшө узата карады да эми арык тыржыйган киши тургандарга бакылдады:

— Эне... бала... Эмне дуулдайсыңар, бүт өмүрүбүз ушулар үчүн экени калппы, ыя?!.





## ЖАҢЫ БУДДА

Күнгө жекшемби. Чакан шаардын чет жакасындагы чакан базардын ичи гүүлдөйт. Өйдө-төмөн агылган эл. Колдорунда баштык, муунчак-түйүнчөк, шыпыргы. Короонун бир ыптасын жалаң автодүкөндөр ээлеп, шырымалдын сыртынан опойтуп халат кийген дүкөнчүлөр соода кылып атты. Алардан обочо, алдыртан кардар издеген моюндары арык, коюндары семиз эркектер, капшыттуу сумкалары сырдуу тымпыйган аялдар. Жаз майрамы жакын калган.

Жалгыз гана короонун экинчи тарабындагы чарба дүкөнү ээн эле. Кирип чыккан киши аз. Эл биле-ет. Азыркы аял жалаң «импортный» сүйлөп, илгерки караңгы катындарды чаңына калтырган чак. «Сыйлык кымбат эмес, сый кымбат» деген номуруң эми өтпөйт. Жок! Азыр сый кымбат эмес, сыйлык кымбат, сыйлыктын баасы кымбат. Баасына кара, бардык нерсе, мүмкүн сенин сүйүүң да баа менен өлчөнүп калбасын. Ушуну унутпа! Тайсалдаба. Сейит айткандай «Пероод!».

Эркектер бу сапар да аялдардын өзүнөн жол талашып, сүрүшүп, баасы башын жеген норка тебетей, жакалардын, андан кем сокпогон өтүктөрдүн, жылтыраган жапон жоолугунун жытын искеп, шектүү жерлерди айлантып тооруп жүрүштү.

Чарба дүкөнүндөгү сатуучу кыз соодасы ирбит алган базардын кымгуут дүйнөсүнө кызыга карап олтурду. Ал

демейде адам өзү аралашып жүргөндө агымы оп тартып кетүүчү бу дүйнөнү обочодон карап турсаң бир жыргал экенин ойлоп атты. Жаздын жагымдуу абасы кирсин үчүн кең ачылган терезеде базардын бака-шакасы:

— Зыкым кишиге айла жок экен да,— деди жөөлөшкөн топтун ортосундагы семиз жигит энтигип,— чөнтөгүмө эптеп жетип суурук чыксам жалаң бир тыйындык чыкпаспы...

Тамашага эл күлүп калды.

— Алсаң келе, пулуңду узатпайсыңбы...

— Азыр, азыр, чөнтөгүмө жете албай атпайымбы.

— Шаштырбаңыз, алайын деп чөнтөгүнөн, албайын деп аялынан коркуп атса,— дагы бир куу такым «130 с» деген кагазы бадырайган өтүктү кармалап, чын эле эки анжы турган адамды чымчып өттү.

— Андай эр экенсиң, тетиги тебетейди качыр, баятан эч ким даабай турат,— деген бирөө эмелеки куу такымга «300 с» деген тегерек тебетейди нускады.

— Эми көп ычкынбай билмексен болуп колуңду коңшуңкуна сала кой,— өтүктү имере карап «изилдеп» бүтө албай аткан кишиге бирөө ушундай кеңеш айтты.

— Салганы салган, кокус жыртык болуп колу сойлоп кетсе шорлойт го...

Эл күлүп атты. Күлкү күлкүнү тутантып атканын, же чөнтөктөрү бири-бирине дайын адамдар калп каткырышып, кара күчкө дыгдыйган бирөөнүн абалын айттырбай сезип, кытыгысы келип атканын ким билсин.

— Катыным «тиркатин» киет эле деп кекиртекти талга илемби,— бирөө жиниккен аттай чыга берди.

Базар бака-шака, куш базардай кужулдайт. Барган сайын сатуучу кыздын көңүлүн алымсабак айтышкан эки үн көбүрөөк буруп баратты. Үндөр бир жазып тайып койбой улам-улам кайталана берди.

— Палавина сахар, палавина мет, плод свой агород, падхади·народ,— жаш баланын бузула элек тунук үнү безбелдектей безилдейт.

— Половина сахар, половина мед, там половина правда, половина врет. Сюда, сюда подходи народ,— орусча маш болуп бүткөн кыз баланын үнү чаңкылдап аба тилет.

Сатуучу кыз аларды көрө албай жатты. Топ ачыла түшкөндө колу да тынбай, оозу да тынбай алма соодалап жаткан секелек кызды көрдү. Анан анын артында бийик үстөлдө олтурган абышканы көрдү. Атасы го? Кызынын соодасына алдыртан көз салып турса керек. Жок, барган сайын сатуучу кыз абышкага таң кала баштады. Ал үнсүз, сөзсүз, баарына кайдыгер олтургансыды. Ансыз да тырмап тешкендей жүлжүгүй көздөрү болор-болбос ачылгансыйт. Ирмелгени да билинбейт. Суюк чокчо сакалы, суйдаң муруту жумшак үлбүрөйт. Бырыштуу жүзү боз жаргактай кургак. Тирүү сезимдин тагы жок. Ал бу куш базардай кужулдаган дүйнөдөн тажап болгонсуп, аны көргүсү келбей, кабыл албай, өз чебине өзү бекинип алып, табышмактуу дүйнөсүнө эч кимди киргизгиси келбегендей көрүндү. Өрдөктөй бийлеген таразаны кыяматтын кыл көпүрөсүндөй кылтылдап, үзүлүп түшүп соода жасап жаткан тегерегиндеги соодагерлерге ал чыны менен эле коошпойт, башка ааламга, башка... ооба, ооба өз кудайы Будданын ааламына өткөндөй көрүнөт. Келээр-кетээр тарки дүйнөдөн көпөлөктөй калкып кетип пенделигинен арылып, ааламдын бар танабын камтыган улуу Будданын кут жааган бейпил ааламына жанашкандай. Ушу учурда үстүндөгү калканчы да аны күндөн, жаандан, шамалдан, базардын кымгуутунан, бу бейоопа тирликтин түйшүгүнөн коргоп, бөлүп турган ыйык храмы сыяктуу сезилип кетти. Кыз аны кызыгып карап отуруп, кулагындагы базардын «сом» «тыйыны» өчүп, ал дагы билинбей бир сырдуу дүйнөгө көчүп бараткандай болду.

Түштөн кийин эл аягы сээлдеди. Бала менен кыздын алымсабагы да баягыдай жандуу эмес, караан калындай түшкөндө жандана калат, аларманды бири-биринен талашкандай атаандаша чыгат, кайра жалп өчөт. Алып сатарлардын жанында соодасы көп жүрбөгөн автодүкөндөр

кетип бүткөн. Базар ээндеп, шааниси кайткан. Өзгөрбөгөн баягы гана чал болду. Кыз түшкү тамакка барып келсе, ал дагы эле колдорун көкүрөгүнө алып, көздөрүн жүлжүйтүп сүкүт салып, «пенделигинен тазаланып» олтуруптур.

Күн кечине тартты. Дүкөнчү кыз саатын улам карап коюп, эриккенден суурмасынан китеп алып чыгып барактап отурду.

Эшик ачылып, баягы чаңкылдаган «жарчы кыз» башбакты. Соңунан абышка кирди.

— Хызым, гичине жылып алсын — деди ал дүкөнчү кызга кайрылып, алкымынан сүйлөп. Секелек кыз жылуу темирге тизесин, ичин таяп, кырбуусун чыканактап, сыртты карап колундагы балмуздакты жеп атты. Ээк, мурду көгөрүп, колдору ичке билегине дейре томугуп кетиптир, бала да, ага карайбы, балмуздагын сонуркап жей берди.

— Хызым,— деди абышка дүкөнчү кызга кайрылып,— тыйын силерге геректир, айырбаш гылалы.

Ал каптал чөнтөгүнөн майланышкан салмактуу баштык суурду. Баштык күмүш тыйын, жез тыйынга толо эле. Дүкөнчү кызга бу ырас эле керек болчу. Анын үстүнө убакыт өтпөй зеригип аткан.

Экөөлөп тыйын санап киришти. Ар жүз сайын абышканын тамырдай эби-сыны жок манжасы чоттун таштарына көзгө илешпей жабыша түшөт. «Чахх!» дейт ээн бөлмө жаңыра. Абышканын көзү ойноп кетет. Баёо кыз анын шамдагай кыймылына ыраазыдай жымыңдап койду. Абышка да эмнегедир күлүңдөп жиберди.

— Жахшы хара, хызым,— деди ал,— чыпалагым ашык тартып койбосун.

Кыз күлүп койду. Абышка да күлдү. Муруттары мышыктыкындай бириндеп, көздөрү кумардуу жылт этти. Кайрадан санай баштады. Санап болушкан соң абышкага кесек акча берди. Ал үстөлдүн үстүндөгү акчаларды алмакчы болуп баратып калдайган жеңи менен абайсыз чачып алды. Анан жерде бириндеп жаткан акчаларды эң-

кейип терип кирди. Терип жатып үстөлдүн астынан дагы абайсыздай кыздын балтырларына колу тийип кетти. Кыз элес албады. Анан ал абышка эми дагы атайылап эле былбыраган алаканы менен сылап алганын көрдү. Кыз мунун баары эмне деген кеп экенин түшүнбөй дендароо боло түштү, кандай кыларын билбей кетти. Алайып абышканы карап алды. Ал чака тыйындай сапсары сейрек тиштерин, кызыл бүйлөсүн көрсөтүп өзүн зордоп күлдү.

— Жахшы хыз... Жахшы хыз, сен ал, майрам бар алдыда,— деди тутамдаган акчасын сунуп. Анан эсталмасы кармагандай элейген кызга карап шашкалактап кетти. Үнү ыйламсырап, далбасалап чыкты:

— Ал, ал, сен ал, майрамга ал!..

Абышка эми күймөлө калып ички жүрөк туш чөнтөгүнөн алтын шакек сууруп чыкты, чөгөлөгөн калыбында кызга сунуп көзү ойноп кетти. Кыз эми гана, тиштери шакектей сапсары чалдын ниетин ушунда гана түшүнгөндөй болду. Өзүн күчтөп муздак күлүп турган чал жемине кол салууга комдонгон жырткычтай, көмөкөйүнөн секин ырылдап туруптур. Кыз ичиркенип өзүн-өзү кармай албай эриндери титиреп кетти:

— Арсыз! Чыгыңыз!.. кетиңиз дейм, азыр! — деди ал калчылдап. Анан туттуккандай ыйлап жиберди...

## ИШЕНИМ

Кең Ала-Тоо ичинде.
Түркүн-түркүн жандар бар.
*Райкан*

— Мына, баягы ит Майгара тура. Талонду тешти эми. Бу жеткен ит, тешти дей бер... Тиштин жумшагын курт жейт...

Постуда турган милиционерди жер түбүнөн тааныган шоопур налый баштады. Абакелеп жатып араң түшкөм. Ушул турган Куланакка кечке жол тостум. Машина чык-

пайт. Кыбырап мурутум өстү. Шуудурап маңдайкы терек өстү. Эми кечке таяган сайын тереңинен дуңулдап Ала-Мышык тоо өсө баштады. А алган машина жок. Чубап өткөнү алдайт экен, болбосо илгеркидей Молдокемдин учурундагыдай машине каат болсо, жолоочунун жолдогусу деп жөнөй бермекмин салып-уруп.

Май куюп жаткан жеринен ушуга жалындым: /Чыны өзүм эле курдуудай/ «Келинчегим балинсага жатты эле бала алып, ошого келгем, байкеси, ала кет» деп эгилип калпты ышкыртып ийгем. Күнү кечке канча машине өтсө ошончо жалдыраган кишиге жанын, ыйманын жеп коюш заматта эле экен.

— Кишинин жумшагын киши жейт...

Айла канча, аны жеп аткан өзүм экенимди сезип эле баратам. «Мен да айласыз жеп атам» дедим, албетте ичимден айттым. «Мүмкүн жебей да калармын» дедим, дагы ичимден. Шоопур наалый-наалый газын алда кайдан эле акырындатты. Мүмкүн токтотпос деген түтпөгөн үмүт да.

Калдайган чоң машине, ичиндеги мен, шоопур — үчөөбүз «бөйпөктөп» постко жакындадык. Өткөрүп иер... Чаар таяк көтөрүлгөндө көзүм чыбырала боло түштү. Шоопур эми чындап күңк-мыңк сөгүнүп, жерге түштү.

— Эрежени эмне бузасың,— деген чыйылдаган, бирок өктөм доош эшиттим. Адамда ар жок, «өлө албай жатып, өлөң айтат болуп» эрежени бузбай өзүн тааныштырбайбы адегенде» деп ойлоп коем мен анда.

Шоопур үлдүрөп актанып атты.

— Эй эмне, көчүгүңө жаргылчак байлап алгансыңбы, түшпөйсүңбү мени коркутпай,— деди алиги чыйылдаган үн. Айнекти бири-бирине сүрүштүрсө ушундай чыйкылдайт. Денем ичиркенип алды. Түштүм. Майгара тигинин документтерин карап атат.

— Аксакал, (бу менден кичүү экен) шоопурда деле айып жок эле, бир жолкусун... Айылга автобус да каттатпай таштайтыр, май каат болуп аткан тура...

— Бар, кабинанын сыртына эмне деп жазылыптыр, ошону окуп келчи, буга да айт, өзү окуйлек тура,— деди сөзүмдү чорт кесип. Тамаша го десем «бар, бар турба» дейт. Барып келдим.

— Кана айтчы, эмне деп жазылыптыр?!

Кечке жол тоссоң, керкейген намыскөйлүгүң жуулуп тегеле элпек болуп кетет экенсиң.

— «Пассажиров не брать»,— дедим илептүү сүйлөмдү муңайым айтып. Күлүмүш эттим.

— Вот та-ак! — деди ал. Илеби жер өрттөйт. Аныкы эмне, түгөнүп атыппы. Анан шоопурга:

— Жыл бүтүп баратпайбы, талонуңа бир эн салып коеюн ээ баатыр акеси,— деди,— бул айда мени да «нарушениең аз, иштебейсиң» деп атышты эле чоңдорум.

Тешкичин оңтойлоду.

— Чын, чын аксакал, салбайт элем, аялы, баласы балинсада экен. Үйүмдө киши жок дегенинен эле... — шоопурум чебеленип кетти. Кубарган талонду тиштеп турган тегерек жез топчудай сары тешкич саамга арсарый түштү. Кудум өз кулагын тешкен аткансып саал кыңайган шоопурум мөгөдөй салбырап берди.

Тешкич чырт этти. Иш бүттү. Эн түштү.

— Эми, капа этпесең, кара тизмеге түшүрүп коеюн. Атың?.. Машинаң...? Номуру?.. Бар эми жолуң шыдыр болсун, достум. Мени эстеп жүр ээ, хе-хехе...

Тешээрин тешип жасакерленгендей күлүп коет. Мынча зарылып жол тоспосом ушул окуядан кийин шоопурдун жүзүн карай албас элем. Айла канча, бетти дагы тултуйтушка туура келди. Кулакты жапырайын да бара берейин дедим.

— Алыска барчу автобус толо, ортосуна салбады. Ушу менен эптеп, аксакал...

Мен ушул тапта чын эле аялым, балам балинсада жаткандай муңайып кеттим.

— Ой, кандай немесиң түшүнбөгөн! Сен өлсөң мына мен, мен жооп берем, башым менен жооп берем, шоопур

деген өлбөйт, мына сен өлөсүң жанындагы, анан мен атам тааныбаган бирөө үчүн жооп берем, уктуңбу, өлөрманын...

Бычактай тийди. Ушу көз ирмемде анын погонун көрдүм. Эки кичине жылдыз. Бир жылдызы сапсары, жаңы тагылыптыр. Машина жүрүп кетти. Эми аянаар жан калбады. Өзүм үчүн да, шоопур үчүн да ызам келди.

— Өсүп келатыпсың азаматым, өс, өс! Бирок дилиң чаар, тилиң заар экенсиң,— дедим,— кара тизме... өлүм... Башка сөз оозуңа кирбейби?..

— Калппы анан, өлүп аласың, жата бересиң кыйраткансып. Азабыңды тирүү тартат. Катын баласын бага албай мына мендейлер тартат...

Молдокем «эзели милийса менен чырдашпа» дечү. Бирок мынчалыкка жеткенде, ичиңе шайтан түшпөй койбойт экен. Ошердеги дежур балдар арага түшпөсө бу насааттын жайын иш жүзүндө көрөт белем, ким билет. Тиги сөзүн укканда чабаар бармакты биротоло чабайын дедим.

— Бөрк ал десе, баш алган эме экенсиң, машине бош кетти, эмне болду! Автобус каттабай атканын көрүп турасың...

— Сени машинаның кабинасы менен кетирсем майнеке болоюн. Айбан кылып ушу Нарынга, ооруган катыныңдын үстүнө карытпасамбы... Баса эмне турасың дейм да буерде. Муну пост дейт, турба мында, ана, жолуң ачык, жөнө, жорголо!

«Жөнөйм, жорголойм, кимдин айбан экенин далилдейм!» Чын эле жолго салдым. Ойлонбой айттым, кандай ойлонбой айтсам ошондой ойлонбой жолго салдым. Кимибиз айбан болуп атканыбызды да ойлобоймм. Кыш. Кеч. Айылга дейре итапкан жол.

Башымды бийик көтөрүп, асфальтка таманымды такалуу аттай тарсылдатып шаңдуу жөнөдүм. Сыртым шаңдуу эле, а ичим... Чын да, кишиден түңүлө албаган жаман экен. Колуңдан келсе бирөөгө жакшылык эле кылгың келет. Адамдарды кулач жайып бир айкөлдүк менен сүйгүң келет. Анан бир айбан демиңди суутуп, кыялыңды айран-

дайт да турат. Аялым: «Бут элди өзүңдөй ойлойсуң» дечү. Бүт элди өзүңдөй ойлогон жаман эксп. Баарынан жаманы бирөөгө жалаң жакшылык тилеген киши алардан да жакшылык күтүп, үмүтү өчпөй туруп алат экен. Досторум: «Ай сенин ашкере гумандуулугуң» дешчү. Бу да жаман экен. Бирөөнүн тескери жагын көрсөң да жаманга кыйбай «адам дээринде асыл го, ошол асылдыгын сезбей көзү да, көкүрөгү да туюк өтүп бараткан бир шорлуу экен го» деп кайра аяп, кыйылып туруп алат экенсиң. Анан мына сага! Бүт дүйнөгө... бүт баарына таарынчу учур карайлатып бир келет экен. Ичинден бир сыздап ыйлайт экенсиң. Ичинден элеби?!.

...Бир жолу (адамга ишеничи өчпөгөн пенде жолдуу) бир досум экөөбүз дүнүйөлүк маселени талашып-тартышып баратабыз. Жаш баладай жагалданган жаз эле. Баары абалкыдай: өмүр өргө чапкан, өлгүң келбеген, бул аалам кудайынан кумурскасына чейин бир ынтымакка уюган төгөрөгү төп бир ажайып учур эле. Бир кезде күн себелей түшүп эле анан барып чакалагандай бир жамгыр төктү акетайың, асфальттан кыян жүрүп кетти. Бейкапар эл заматта быкпырдай кымгуут түшүп үйлөргө, мекемелерге, почтого, китепканага кире-кире качышты. Биз да көлчүктөрдү кечип, чалпылдап чуркадык. Алдыбызда тууpa тартып бош автобус турат. Култ-култ кирип кеттик. Бирөө отурат чоңун беш саат күтүп тажагандай ыңгыраныш «Байкеси, бир үч-төрт мүнөт баш калка, мындай да өткүн болорбу» деп бажактай кеттик.

— Эмне, энеңердин төрүбү бул,— дейт кербезденип ширенкедей купкургак неме.

— Эми, аксакал, өзүң көрүп... —деп баратат досум, анда да «аксакалыбыз» «алла» дегендей эле оозубузда десең. Ошо өзү көрүп туруп ошенткенде бир шайтаның ичке түшөт экен.

— Түштүк, кеттик! Сен эмес жаз жибите албайт мындай курушкандарды,— дедим, секирип түштүм. Ал да. Анан экөөбүз тең сүйлөшүп алгансып баягыга бир кат-

кырдык дейсиң! Каткырган бойдон кете бердик. Эми эч жакка шашкан жокпуз. Болоору болду, боёсу канды. Асман да каткырып, жамгырын чыпкалай берди. Терезелерден жүздөгөн көздөр, кийими кургак кишилердин көздөрү жабалактап карайт. Биз кимгедир кыбаабыз кангандай, жиндидей каткырып, сууга салган чычкандай шөмтүрөп бараттык. «Кайран гана ичкилик эмнени кылбайт» дешти, жыргап күлүп атышты терезедегилер. Аларды жыргатып, маскарапоздой каткырып биз бараттык. Айла канча, адамга ишеничиң, кыйбастыгың аргасыз кээде апенди да кылат экен. Жүзүбүздөн суу шорголоп мойнубузга, койнубузга кирип атты. Бир кезде мен ууртума жылжыган суунун шорлуу боло баштаганын сезгем...

* * *

Артыман көптө барып машина жетти. Ал постто өз нөөмөтү келип, милдетин өтөп турган шоопур экен.

— Ка-ап, бекер кылды ээ, эми менин таманым жооруйт эмеспи,— деди артыңдан табалуу. — Азыр машина өтүп атпайбы,— дейт,— болбосо илгеркидей суюк каттасынчы, ээн талаадан тороюп карышкырга жем болмок мындайлар — дейт. Улам машине өткөн сайын узатып карап турдук, бирине да бурулуп кол көтөрбөй койдуң, кете бердиң. «Тикини, тикини, дагы бара түш, жорголой түшсөң» дейт. Көрүнбөй калдың. Анан ал да, биз деле унутуп калгандай болдук. Ортодо дагы бир шоопурду кармап. «ичиптирсиң» деп оо кыйлага текшерди. Соо эле экен. «Ичкендей көрүндү эле, кечээкинин салы чыкса эмне, кур дегенде» дейт. Соо чыкканына сүйүнбөй кайра кейийт. «Каап, бул айда масым жок эле, эми иштебейсиң деп жыйналышка салат ээ»,— дейт көгөрүп. Даары курусун, мындайлар өзүн да, наамды да булгайт экен, бирөөнүн да көөнүн кирдетет экен. Анан ошентип турганбыз. Оо кайда, бир далайдан соң капыс эле «жүрү, айда» дейт. Ушуякты нускады. Айдап жөнөдүм. «Түшүп кеткен го» дейт. Ырас эле итапкан узап кетипсиң. Тээ алда кайдан каргадай эле

көрүндүң. Жакындаганда ылдамдыкты азайттык. Карап да койбойсуң. «Айдай бер», деди. Бурулуп койбодуң, ким экенибизди да көрбөдүң. Өтүп кеттик. «Айдай бер» деди. Ылдый барып кайра бурулдук. Жай келаттык. Өчөшкөндөй өткөн машинелердин бирин да тоспой койдуң. Жакындап келдик. Эми токтотуп сүйлөшөт го деп ойлодум эмнегедир. Эмнени сүйлөшөрүн ким билет эле, бирок сүйлөшөтко дедим, мынча келбейт эле да.

— Токтотоюнбу,— дедим.

— Айда, анык айбан экен, тебелетчү ит экен,— дейт. Үнү ушундай заар чыкты, карай калсам көзү кутургандай кызарып, чеке тамыры борбоюп тээп чыгыптыр. Азат боюм тик турду. Жанында киши жок, рулда өзү жалгыз болсо андан кайра тартчу ит эместей. (Ушинтип айтты, улгайган шоопур «ит эместей» деп айтты) Э, даары курусун, куттуу жолдо айтып да бекер. Ак-Кыянын алдындагы айылчы, ошого жеткиче кыжынып бүттү. Ошол жерден түш дедим. Мен жанакы баланы айлына жеткирем деп ачык айттым. Бышып кетти, «жылбайсың, дежурить кыласың» дейт. «Сага салган күндү кудайдан көрдүм, мына путевка, мына номур, жаз! Сенден да чоңураак бирөө бардыр кеп ылгаган. Эртең ошого өзүм барам, жайыңды айтам» дедим, түшүрүп салып баса бердим.

— Кызматтагы кишини ара жолго таштадың дешпес бекен?

— Антпес,— деди улгайган шоопур,— колунда таягы бар, дагы бирөөнү опуруп-жапырып түшүп кетет дечи...

Бир аз тына түшүп:

— А чынымды айтсам, сага шаштым, иничек. Жөө кеткениңден бул жерге эле барат го депмин, анын үстүнө кечке анын карамагында элем да. Бу ээн талаада «кайсы башына таш тийген эме», деп бирөө болбосо бирөө токтоп салып кетеби деп кайрылгыча шаштым. Өзүм жеткирип келейин дедим. — Ал мага бир чети күнөөлүүдөй ырайлуу жылмайып койду. Мен да күлүп жооп кылдым. Күнү бою күлгөнүм ушу...

## ИНГЕН ИЙИГЕН

— Ҡаак-каак!..

— Ҡаак!..

Таң атып атпай таан, каргалар басып калды, чуусубу, шаарды башына көтөрөт! Буерде ушундай, коңур күздүн коймаарек бир күнүндө кайдан-жайдан келгенин билбейсиң, сүйлөшүп алгансып бир түндө басып алышат.

«Аа, келгиле, куш келгиле. А мен өзүңөр көрүп баягы элемин».

Уйкусу качып туруп алган Мырза терезеден сыртты карады. Адеп эле тарамыштай таралган дарактарды, учтарында кол жетип терилбей калган карагаттай бадырайган-бадырайган каргалардын конуп алганын, тумшуктары абайсыз чийип кетсе, чырт сынчудай мөлтүрөгөн тунук асманды көрдү.

Жуунуп, тамагын ичип болуп ишине жөнөдү. Али эрте эле. Жөө басты. Жан талашкан эл жок. Таан, каргалар гана той түшүп чуулдап жатты. А да бейкут таңдын көөдөнүнөн төгүлгөн күүдөй. «Ишке ушундай эрте, бир аз эле эрте чыгыш керек экен го, баштатан элес албай...»

Башта ал аялдаманын жанындагы мамыга асылган сааттан көзү өтүп шыпшынган сүрмө топтун бир мүчөсү эле. Сүрмө топ муну да жылмалап бүтүрдү. Жумушка жеткиче бирөөдөн кечирим сурап, өзүң да башкаларды кечирим суратып (буга да көндү) бүтөсүң. Сыпайгерлик керек да. Анан ишиңе баргандан кийин да кыйлага жолдогу сыпайы сөздөр, кишиден киши кем эмесин сылык эскерткен сыпаа кебетелер биринен бири өтүп ороп алат. Ҡары-жаштын, катын-эркектин тараза укугун ушу автобустан гана чилистендей жат окуп бүтөсүң го дүйнө! Бүгүн аны биринчи жолу жумушка дейре карга таандар коштоп барды.

Ишине келип көндүм ордуна отурганында жаңкы салкын илеп жөө тумандай жок болду. Терезеден эми эле өзү кирген сыртты карады. Адаттагыдай эле ары өткөн, бери

өткөн буттар көрүндү. Анын иш орду жертөлөдө — китепкананын музыка бөлүмүндө. Терезенин жогорку айнеги жердин үстүнө чыгат. Андан сырттагылардын тулкусу көрүнбөйт, аягы, өңүрү кылактап өтөт. Мырза адеп ушул орунга отурчуда терезе анын кумары эле...

Келген элдин көбү жогору чыгып китеп окуйт. Жертөлөгө түшүп чыгынып музыка уккандар чанда. Кез-кез ишемби, жекшемби күндөрү олуттуу кишилер келет, салмактуу ыр күү табактарын сурашат. Аларды музыка угуучу бөлмөгө жайгарып коюп ордуна келет. «Окуш керек» деген китептери тизилип турчу. Адепки күндөрү чебеленип максаттуу жашап жүрдү. Бара-бара турмушун жадатма бир түрдүүлүк бийледи. Ары өткөн, бери өткөндөрдүн кобур-собуру, кээде күлкүлөрү айнеги ачык терезеден көгүчкөндөй шатырап учуп кирип, соңунан тынымсыз жүрүп турган автобус, троллейбустардын күү-шаасы коштойт. Мындайда ал тирүүлүктүн кайнаган кан. базарынан четте калгандай, төрт тарабынан бетон дубал менен бек курчалган бойдон, энчисине айнектин тээ жогорку көзүндөгү бир тилим жарыкчылык гана буюргандай буулугуп кете турган. Анан ушул турмушун бир урум менен быт-чыт кыла алыска, курбулары жазган чаңкай асман көмөрүлгөн тоо арасына кеткиси келчү.

Кээде ушинтип эргисе да араң орношкон кызматына, көңүлүндөгү аздап чаңга басыла баштаган максатына кол шилтеп сала албады. Баары бир кыйбас бир сезимге байлануу эле. «Мейли, мезгил өтсүн, ал дагы бир жолду нускаар, өкүттө да калбайын» ушинтип өз тагдырын сырткы таасир-шартка табыштап салгансыган. Өз уясын буза да албай, аны бөпөлөп сактагысы да келбей күңүрт күндөрдө ала салып ага берген...

Эшик ачылып бөлмөгө кыз кирди.

— Саламатсызбы?

— Саламат, келиңиз.

Ал бу жай ага жаңылык эместей түз эле картотеканы аңтарып карай баштады. Тапкандарын кагазга жазып

жатты. Жигит адатынча кыздын балтырларын сугулуп карап алды, анан кайра уурусу кармалгандай ыңгайсыздanып кетти. Терезеге бурулду.

— Ушуларды уктурасызбы? — Кыз жазгандарын сунду.

Кагазда жалаң казак күүлөрү жазылыптыр. Жигит канчадан бери киши колу тийбей бир жерде чогуу турган Курмангазы менен Давлеткерейдин, Дыйна менен Таттымбеттин күүлөрүн алып келди. Кызга сунуп жатып өз милдетин эске салды:

— Коюп берейин!

— Рахмат, бүерде мурда да болгом, өзүм эле...

Ошентти да музыка угуучу бөлмөгө кирди. «Казак го» деп ойлоду жигит. Өңүн эстеди. Кызык, эмеле бет алдында турган кыздын жүзүн күүгүм чалып, сыйда балтырлары, кол кайыктай аппак туфлиси гана элестей берди. Балтыры... туфлиси... Ал бир сезимден — башына жалаң балтыр, туфли толуп алгандай жагымсыз сезимден улам кайрадан бук болду.

Тирүүлүктүн кайнаган кан базарынан четте калгандай буулуккан, зериккен күндөрүнүн биринде ал өзүнчө бир эрмек тапкан эле. Өткөн аялдардын аягын карап, ийри түзүн сынап, элик бутка, кыска бутка кандай туфли жарашарын болжоп, бирөөлөргө кийине билгени үчүн ичи жылып, бирөөлөрүнө мыскылдуу күлчү. Ошондон уламбы, ээлерин да көргүсү келчү. Бир тилим айнектен болсо өйдө-төмөн өткөн өңүрлөр гана көрүнчү. Ушунда анын баягы алымсынбаган сезими баштагыдан да артылып чыккан. Жалаң элдин аягын карап кечирген күндөрү ыплас туюлуп, өзүнөн өзү түртүлгөн... Жүдөгөн. Өзүн аяк алдында калгандай сезген. Шаарда калып бар тапканы ушулбу?

Кыз кирген бөлмөдөн күү эргип сабалады. Жигит үчүн бул күтүлбөгөн жаңылык болду. Мында келгендер иштегендерге тоскоол болбос үчүн музыканы кулакчын менен угуша турган. Көзүн жүлжүйтүп сүзүлүп, ырайы бир түзөлүп «дудук музыканы» угуп аткандар биресе күлкүлүү эле. Бирок бу кунарсыз тартип дайыма сакталчу. А

бүгүн ошол качанкы калыптанган эреже опоңой бузулду. Жигит кызды жайына койду. Сергип отурду. «Бул үчүн мурда кичине эле нерсе жетпептир го»...

Домбура күүлөрү мейкин талаада зақымга эриген буудандай сызып, аягынан күү агылып, нурга бышкан дың талаа кан ойноткон кызгылт күүлөрдү экилентип жаңыртып, ушул алп күү бөлмөгө сыйбай аны титиретип турду... Кайда жүргөн мурда бул күүлөрдү укпай? Канча бакыттан куру калган ал буга дейре. Аялдардын аягына экчелген дээринде эмнеси калды, эмнеси бар... эмнеси?..

Ушу арада күү-кайра сабалап көтөрүлдү. Жигит анын бир тамчысын бошко кетирбей бозоргон жүрөгүнө уютуп калгысы келгендей бар ыкласын салды. Карлыгачтын канатындай зыпылдаган жумуру жумшак ыргактар сезимге тийип-тийбей дирилдейт. Мынча миң кыр, мынча таза, мынча ажайып белең, пендеси...

Барган сайын буерден укканы алымсындырбай чыкты. Кыз кирген бөлмөгө кирди. Ачылуу китептин үстүнө жумуру билеги арта салынып, жаагын сүйөгөн экинчи колунун салааларынан кара саамайы агылып, ал күү угуп жаткан. Күү бүткүчө ошо калыбынан жазбады.

Жигит орундуктан жай алды. Арада азга жымжырттык өкүм сүрдү.

— Сиз казак болосузбу? — деди жигит кандайдыр кардыгып.

— Жок... жөн эле, казак күүсүн жакшы көрөм.

Экөө бирдей сыйкыры күч күүгө арбалып турду. Ортодо бир ишеним, ачыктык пайда болду.

— Илгери чоң энемдер Каркырада казактар менен чогуу жайлашчу экен, «казак ырчы, сөзмөр келет» деп көп айтчу, ырларын ырдап берчү.

Кыздын эриндери кымтылды. Анан али күү таасириндеги кыз көкүрөгүндө буюккан булактан бир жылчык ачылгандай, аны жашыра албай, жашыргысы да келбегендей эмнегедир ээн-эркин сүйлөп кирди.

— «Абайды» адеп окуганда энемдин ошол ыр обондору

баштан аяк угулуп турчу. Эми да кайра окуп атам, канча окусам ошончо укпансый берем... Аны терең түшүнүш үчүн, билесизби, жан-дүйнөсүндө бүлүнгөн күүлөрдү угуп, ошонун таасиринде окуш керек экен. Ансыз «Абайды» түшүнүш мүмкүн эмес... Мен Абайдын ырын, обонун, арманын... ал өзү сезгендей сезгим келет. Анан да, билесизби, казактын элдик обондорунан да, күүлөрүнөн да бир керемет удургуп уруп турат. Мага ушундай сезилет... Сиз Курмангазынын «Инген ийигенин» уктуңуз беле?

Өз айткандарына өзү толкундап чыккан кыз жигит ыкласын сезгендей, инген баянын жүз, миң жолу уккандай, кары энеси кандай айтса, дал ошондой эсине уютуп калгандай эргип сүйлөп жатты.

...Сагагы бүлк этти. Үнү муунагып, жалжылдаган көздөрү ингендин көзүндөй мөлтүрөй түштү. Изги сезимин ишенип ачыкка салганы жигитти да өрөпкүттү: Ал да ошого тете аялуу бир нерсе айткысы келди. Абдырагандай оюна эч нерсе кирбеди. Кыздын «энем, энем» деп тымызын сызганы, инген баяны сезиминде жаңырыктап туруп алды.

Кыз ойлуу китебин барактады. Жигит аны жалгыз калтырды.

Кыйладан кийин кыз да кетти. Жигит аны менен узаак-узак сүйлөшкүсү, үнүн уга бергиси келди. Эмнени сүйлөшөрүн ким билет эле, мүмкүн асман жөнүндө, дарак, карга жөнүндө сүйлөшмөк, сөздөрү асман, даракта́й, каргадай табигый болмок. Таза болмок.

— Буларды эртеңкиге даярдап коеюнбу? — деди жигит сыртында.

— Мейлиңиз,— деген кыз ылым санагандай мээримдүү.

...Мырза кезметин өткөрүп болгон соң кыйлага кыябанда беймаксат эле жүрө берди. Күндүн муздаган нурлары дарактардын тарбайган бутактарына чалынып, жалбырактарды шабырттатып шамал сапырып табият өлбөстүккө жан талашкан өжөр күүсүн ойнотуп жаткансыйт.

Турмуштун ачуу таттуусун Абайдын өзүндөй кең көкүрөк менен кабылдагысы келген кыз анда бир башкача сезим чакырды. «Ал мынчалык таасирди кайдан алган?..»

Жигит эбелектей жанган бир мажнун досунан улам сүйүү жалынына капталган жан ишенчээк да, баёо да, чынчыл да, жакшылыкчыл да, анан да жүрөгү сыйкырдуу чоорго айланып болор болбос эпкинден өйдө илип алып сыбызгытып күү төгөр аруу пенде болуп кетээрин билчү. Жан-дүйнөсүнө булук салган кыз ошого окшоду. Ошол замат туюк бир кызганычы кошо ойгонду.

Эмне үчүн? Кимден? Ал өзү да ачык түшүнбөдү. Мейли Абайдан болсун, өзүнө белгисиз башка бирөөдөн, же сүрмө топтон кызгандыбы, же турмушка баладай күлө баккан дили ачык, коргоосуз пенденин келечегин ойлоп тынчы кеттиби, аны билбеди. Жүрөгү түпөйүл ооруп туруп алды. Ичтейи каарылды. Анан эмнегедир ушундай оттуу курагында, ушундай бир улуу толкунга чалдыкпаганына, ушул кыздай долу күүлөр менен элирип жашабаганына, ушул кыздай күүгө чыйралып китеп окуу түшүнө да кирбегенине, ушул кыздай... андан башкача экенине арманы ойгонду...

* * *

Бүгүн да ал таан каргалардын чуусуна чөмүлүп ишине жөө баратты. Дарактар кечээгиден да шопоё түшүптүр. Мындан ары ушундай, ар бир күн аларды жылаңачтай берет, өз кейпинде ача берет. Бир жерге байыр ала албай учуп-конуп сапырылган каргалар. Булар башка куштардай эмес, мейли үнү суук дешсин, түрү суук дешсин, жылуу жай издеп көнгөн жайларын таштап кетишпейт. Мекенин таштапшпайт... Соңку асман да бар келээр-кетээринен арылгандай ажайып, ыйлагың келгендей туну-ук, тунук...

Жигит кечээги күүлөрдү маңдайына жыйып карап олтурду. Жалгыз отуруп уккусу да келди. Кайра негедир анда сыйкыры тайып кадыресе окуяга айлантып алчудай

даабай койду. Анан күү, кыз экөө сезиминде ажырагыс жуурулушуп калганын кармап калды...

— Кайсы күүнү уксак,— деди кыз бүгүн да жанына келип коомайсып турган «ышкыбоз» жигитке. Үнүндө кечээки ишенчээктик, ачыктык бар. Жигит күлүмсүрөп тим болду. Анысы «эрк сизде» дегендей эле.

— Анда Дыйнанын «Асем коңурун» угалы.

Күү адегенде асем, улуу дүйнөнүн босогосунда даап — даабай тургандай саамга каалгый түштү. Анан ээ-жаа бербей шатырап төгүлүү үчүн бийикке шаңшыды. Заматта чагылгандан «дүрт» этип от алган куу сөксөөлдөй кутүлбөгөндөй дуулдап, алоолонгон кыпкызыл жалыны бороон эпкининде ойку-кайкы дирилдеди. Соңуна үзүлүп түшкөн жалын изден күнгө какшыган ай талаага өрт кетип, жигиттин жан-дүйнөсүндө жалын сел агып, алоо кечип жүрдү. Жүрөгүнөн чегине жеткен сагыныч, эңсөө, кусалык боздоду... Күү сөксөөлдөй эч нерсеси калбай эрип күйүп бүттү.

«Мынчалык улуу сезим адам көкүрөгүнө кантип сыят,— шалдыраган жигит жалооруңку ойлонду. — Ушул күү менен уктап, ушул күү менен ойгонсо адам... канчалык таза жашайт эле..»

Тереңинен мурда өзү туйбагандай бир таза булак көз жарып, шылдырап, жан-дүйнөсүн тазартып жаткансыды. Турмуш дегениң кандай гана жөнөкөй, жеңил, тунук эле. Аны өздөрү татаалдантып, баштарын көр-жер салган жащиктей көрөпайга толтуруп алышып анан зымкарагайдай зыңгырап жүрө беришет экен да?

Ал кыздан кечээгидей узун-узун сабак сөздөрдү уккусу келди. Эмне айтпасын кумарланып уга бергиси келди.

— Жаштар эстрада, «жаз» музыкасын жакшы көрүшөт, а сиз... деди бир нерсе айтыш керек болуп.

— ...«Жаз», ал кандай десем... ал адамды чачыратып таштайт. Өзүңө ээ кылбай чачыратып таштайт. А элдик күүлөр такыр башкача, тетирисинче... ал адамды жакшыртат... үмүткө чакырат, максатка чакырт...

Сүйгөн күүлөрү көңүлүн жандырып өткөнсүп көздөрүн, жүзүн мемиреген толкун каптады. Жигит анын шарпылдагын укkансыды. Бул шоокум жигитти кыздын мүдөөсү жөнүндөгү ойго салды. Жигитке али табышмактанган максаты кызды кайдадыр чакырып атkансыды. Ал ушу азыр бүт баарына кол шилтеп салып, ушул чакырыкты улап, ушул кыз менен кайдадыр кең мейкинге, ээндикке кеткиси келди. Автобустан, аялдамадан, ымырт бөлмөсүнөн качкысы келди. Ушундан улам алыскы тоо арасындагы кичинекей айылын эстеди. Айыл ага адеп ыймандын башатындай, баладай алаңгазар, баладай баёо, бейгам элестеди. Ал түгүл эртели кеч чаңызгып аралачу ушак айыңдарынан өйдө адамдарды жатыркатпай кайра бири бирине жакындатып байлаган ыйык жиптин бир чачысы өңдөнду.

— Айылды сагындым,— деди ал кусалана, жүрүп жаткан сөзгө байланышы жок эле.

Кыз күлүп койду.

— Көбү ушинтет. Ишине байлангандан турушкансыйт. Эмнеге жүрүшкөнүн, эмнеге келишкенин да унутуп калышат.

Жигит ушунда ага биринчи жолу каршылык көрсөткүсү келди. Бирок ал азыр өзүнө эч бир тиешеси жок кыздын алдында өзүн чыны менен күнөөлүү сезе кетти. Тереңинен желе, чаң баскан, унутулган максаты тыбырап алды...

— Сиз айылыңызды сагынбайсызбы? — Жалтайлагандай, актангандай ушинтти.

— Сагындым, сагынганда да кандай сагындым дейсиз... Окууга өтпөй калгам, ошого арданам...

— Анын эмнеси бар ардангандай?

— Мен үчүн ошондой.

Кыз катаал тартты. Бир аз туруп сөзүн жалгады.

— Мектепти бүтүп атып чогулушубуз көбөйдү. «Ата кесиби ардактуу», «Жаштыгым — айылыма», деп жыйындар өттү. «Эки-үч жыл айылда иштегиле, анан деле окуп үлгүрөсүңөр» дешти. Мен болбодум. Эңсеген максатым

үчүн эки жыл эмес эки күн кечикким келбейт эле. Атаң койчу болсо — сен да койчу, апаң саанчы болсо — сен да сөзсүз саанчы болушуң керекпи? Азап менен араң келдим. Анан чын эле өтпөй калдым. Чын эле дегеним, ошондо башкарма айткан: «Баары бир өтпөйсүң, башыңды салып кайра келесиң, мобу өзүңдөй эле балдардан кечирим сурайсың» деген. Ызам келди. Ал ушунча жыл бирге окуган жолдошторума заматта мени каршы коюп, тымызын кодулап атты. Ызалыкпы, же чын эле оюм ошого кеттиби, билбейм. «Өтпөй калсам да ошол жерде калам. Эшик шыпырсам да иштейм, окуйм, даярданам, келеркиде өтөм!» — дедим буулугуп. Башкарма кийин ата-энелердин жыйынында да, бүтүрүү кечесинде да «шаарга жете албай араң тургандар бар экен арабызда, эшик шыпырса да эптеп жан сакташса болду тура» деп кыйытып жүрдү...

Кыз сумсайып унчукпай калды.

— Анан ошол үчүн эле айнып жүрөсүзбү?

— Жок, ал үчүн эмес...

Анан капыс эле үнү дирилдеп чыкты:

— Айыл, айыл дейсиз... Энем ыйлап калды. «Кыз бала куш, колдон чыкканың эле ушу да, учканың эле ушу да дейт. Өзүнүн учаарын ойлобойт. — Окуп калгайсың, элге кеп-сөз кылбай...» дейт. «Кеп-сөзүн» кийин уктум, өзү айткан эмес. «Кызыңды тый, башка эл атаан кылат,— дешиптир. — Коругун да, мал-жанын да бар, калкостун жериндесиң...» деп күчтөшүптүр.

«Ушундай» деген кыязда кыз күлүп койду. Эми жигитке анын күлкүсү ачынган ызага окшоду.

— Жакында даярдоо курсуна кабыл алуу болот, ошого тапшырамын,— деди кайра.

Жүзүндө бир өктөмдүк ойноду. Андан баягы жүрөктү эзген кусалуу шарпылдак кайрадан угулгансыды. Кыз толкундоош менен: «Күү улуу максатка үндөйт» деп жаткансыды. Анын максаты тек азгырма жаштык кыял эмес, тынчтык бербей буй кылган зор максаттай. Кыздын бу сапарына эркиндик керек эле. Ал бүгүн кечээгидей жан-

дүйнөсү үлпүлдөгөн назик гана эмес, беттегени бар, ал үчүн чечкиндүү тура алган намыскөй, эрктүү эле. Жигит кыздын ушундайына кубанды. «Арыба» деди чоң атадай ичинен ак жол тилеп. Анан кыз азабына, арманына, бактысына айланып, жүрөгүн сыйрып, жанына бата баштаганын туйду.

— Мен барайын,— деди. Чыгып баратып соңунан күү башталганын укту. «Инген ийиген»...

...Кыйырсыз кызыл талаа. Чаалыккан күн уясына кайтып барат. Чаалыккан жолоочулар. Жол четиндеги айылга бурулушту. Бейгам, бейпил тирлик агымындай жай каалгып, өркөчтөрү күндүн чарасына малынган төөлөр жайылып жатты. Ана, желенин аягында закымдай жалгыз инген башын салып оттобой турат.

— Күүчү болсоң ушу төөнүн санаасын чертчи,— дешти жолдоштору жаалап.

Курмангазы аттан түшүп, чөк түшө төөдөн көзүн албай домбурасынан күү төктү. Домбурачынын ширге кийген манжалары учунда күн, түн чарчап мезгил акпай ийрилип, жердин, көктүн чегин жоюп безгек кагып мээнип калган көөнө замандан калган улуу күүнү жаңыртып безеди.

Күү күчөгөн сайын ингенге жан кирип, башын көтөрүп, эки жагын жал-жал каранып бир оокумда көзүнөн мөлт-мөлт жаш кулап, ага аралаш бөрсөйгөн желини дир-дир ийип берди... Ингендин ботосу өлүп аза тарткан чагы экен. Домбура ботосунун өлүм алдындагы бой-боздогун боздоп жатты.

Жигит күү тазарткан ыйманынын алдында бу кыз азабы да, арманы да, бактысы да болуп баратканын улам тереңдеп сезүүгө өттү. Ботосунан айрылган инген эми анын жүрөгүндө боздоп, жогдорун ургулап, чарк уруп алдастап, кыз шаардан да, айылдан да... Абайан да, баарынан-баарынан бийик, азап-бакыт тогошкон чекте кол жеткис бийик-бийик турду.

# БАЛА

Ал айылына келатты. Шаар менен айылдын ортосу көп алыс эмес, 45 чакырым болгону. Бирок жумасына бир жолу келип кетпесе бир нерсеси кемип, эңшериле берет. Келерки жекшембиге дейре бук болуп бүтөт. Анысы ишине да, бирөөлөр менен мамилесине да таасир этет. Жөндөн жөн эле кыртыштап калганы кимге жаксын. Бирөөгө жаккан жакпаганы менен иши барбы, ал айылын, үйүн гана ойлой берет, ой-санаасын ошол гана чылк бийлеп алат.

Ушинтип анын сагынычы көңүлүн дегдетип, кусалантып, бирөөнүн көзүнө көтөрүп көрсөткөн нерсе эмес, тетирисинче өзүнчө эле дат оору, сөөгүнө сиңген дарт болду. Мына, өткөн дем алыш күнү иши чыгып барбай калды эле, ушу жума араң чыдады.

Атасы, апасы улам жашы эңкейип карылыкка көбүрөөк бастыра башташты. Бир эле жуманын ичинде мурдагыдан да кубара түшкөндөй чачтары, жедеп мээнетке тотуккан жүздөрүн бөлүп, дааналап көрсөтөт. Анда мурда жок дагы жаңы бырыш чийилгендей. Адам карыган сайын атасына окшой баштайбы, атасы чоң атасына окшоп баратат. Анықындай жайкалган апаппак сакалы гана жок. Бырыштуу көк жаагы мал оттоп салган адырдай күдүрөйүп ээн. Башкасы бүт атасы...

Ал адатынча ушулар жөнүндө ойлонуп келатты. Бул жолу жалгыз эмес, төрт жашар «карындашын» (кызы аны абаке дейт, ал аны карындашым деп коет) кошо алып алган. «Карындашы» чоң ата, чоң энесине ынак. Бирок боор билет дешет го. Бу каапыр кыз да баарын билет, айылга таштап кетишсе, эки-үч күн жакшы жүрөт экен деле, анан өзүнчө туталанып, булкулдап, кокус «а-бу» деп коюшса жарылып ыйлап, кыйлага өпкөлөп басылбай коймой адат тааптыр. Апасы ушуларды айтып отуруп бир жолу:

— Эк өзүңөр менен эле болсунчу, өз үйүрү менен эле жүргөнү жакшы экен баланын. Кийин күйүмдүү болуп

дүйнөсү үлпүлдөгөн назик гана эмес, беттегени бар, ал үчүн чечкиндүү тура алган намыскөй, эрктүү эле. Жигит кыздын ушундайына кубанды. «Арыба» деди чоң атадай ичинен ак жол тилеп. Анан кыз азабына, арманына, бактысына айланып, жүрөгүн сыйрып, жанына бата баштаганын туйду.

— Мен барайын,— деди. Чыгып баратып соңунан күү башталганын укту. «Инген ийиген»...

...Кыйырсыз кызыл талаа. Чаалыккан күн уясына кайтып барат. Чаалыккан жолоочулар. Жол четиндеги айылга бурулушту. Бейгам, бейпил тирлик агымындай жай каалгып, өркөчтөрү күндүн чарасына малынган төөлөр жайылып жатты. Ана, желенин аягында закымдай жалгыз инген башын салып оттобой турат.

— Күүчү болсоң ушу төөнүн санаасын чертчи,— дешти жолдоштору жаалап.

Курмангазы аттан түшүп, чөк түшө төөдөн көзүн албай домбурасынан күү төктү. Домбурачынын ширге кийген манжалары учунда күн, түн чарчап мезгил акпай ийрилип, жердин, көктүн чегин жоюп безгек кагып мээнип калган көөнө замандан калган улуу күүнү жаңыртып безеди.

Күү күчөгөн сайын ингенге жан кирип, башын көтөрүп, эки жагын жал-жал каранып бир оокумда көзүнөн мөлт-мөлт жаш кулап, ага аралаш бөрсөйгөн желини дир-дир ийип берди... Ингендин ботосу өлүп аза тарткан чагы экен. Домбура ботосунун өлүм алдындагы бой-боздогун боздоп жатты.

Жигит күү тазарткан ыйманынын алдында бу кыз азабы да, арманы да, бактысы да болуп бараткандын улам тереңдеп сезүүгө өттү. Ботосунан айрылган инген эми анын жүрөгүндө боздоп, жогдорун ургулап, чарк уруп алдастап, кыз шаардан да, айылдан да... Абайан да, баарынан-баарынан бийик, азап-бакыт тогошкон чекте кол жеткис бийик-бийик турду.

## БАЛА

Ал айылына келатты. Шаар менен айылдын ортосу көп алыс эмес, 45 чакырым болгону. Бирок жумасына бир жолу келип кетпесе бир нерсеси кемип, эңшериле берет. Келерки жекшембиге дейре бук болуп бүтөт. Анысы ишине да, бирөөлөр менен мамилесине да таасир этет. Жөндөн жөн эле кыртыштап калганы кимге жаксын. Бирөөгө жаккан жакпаганы менен иши барбы, ал айылын, үйүн гана ойлой берет, ой-санаасын ошол гана чылк бийлеп алат.

Ушинтип анын сагынычы көңүлүн дегдетип, кусалантып, бирөөнүн көзүнө көтөрүп көрсөткөн нерсе эмес, тетирисинче өзүнчө эле дат оору, сөөгүнө сиңген дарт болду. Мына, өткөн дем алыш күнү иши чыгып барбай калды эле, ушу жума араң чыдады.

Атасы, апасы улам жашы эңкейип карылыкка көбүрөөк бастыра баштапты. Бир эле жуманын ичинде мурдагыдан да кубара түшкөндөй чачтары, жедеп мээнетке тотуккан жүздөрүн бөлүп, дааналап көрсөтөт. Анда мурда жок дагы жаңы бырыш чийилгендей. Адам карыган сайын атасына окшой баштайбы, атасы чоң атасына окшоп баратат. Аныкындай жайкалган апаппак сакалы гана жок. Бырыштуу көк жаагы мал оттоп салган адырдай күдүрөйүп ээн. Башкасы бүт атасы...

Ал адатынча ушулар жөнүндө ойлонуп келатты. Бул жолу жалгыз эмес, төрт жашар «карындашын» (кызы аны абаке дейт, ал аны карындашым деп коет) кошо алып алган. «Карындашы» чоң ата, чоң энесине ынак. Бирок боор билет дешет го. Бу каапыр кыз да баарын билет, айылга таштап кетишсе, эки-үч күн жакшы жүрөт экен деле, анан өзүнчө туталанып, булкулдап, кокус «а-бу» деп коюшса жарылып ыйлап, кыйлага өпкөлөп басылбай коймой адат тааптыр. Апасы ушуларды айтып отуруп бир жолу:

— Эк өзүңөр менен эле болсунчу, өз үйүрү менен эле жүргөнү жакшы экен баланын. Кийин күйүмдүү болуп

өскөнүнө да жакшы,— деген. Ошентип «тарыхчы» кызды кошуп берген.

Бирок «тарыхчы» кыздын ата-энесине кыйла эрмек болорун ойлогон жигит өткөн барышында эле кайра ала барып берген. «Сагынычы тарады, эми жүрө берет» деген. Бар-жокту жобураган «тарыхчы» кыздын ата-энесине кыйла эрмек болорун ойлогондо жигиттин ичи ысып, жүрөгү элжирейт. Санаасы да кандайдыр жайлангансыйт.

Мындан үч-төрт күн мурун шаарга каттаган туугандарынын машинасына кызды салып ийиштиптир. Көрүнгөн жерин айтып, «ооруп атат» деп кыңылдап, алдап-соолашканына көнбөй коюптур. Ал келгенден кийин жигит бушайман болду: «Чал-кемпир каңгырап отурушкандыр».

Ал аз келгенсип «карындашы» туруп-туруп эле: «Апам менен атам уйушту, анан мен ыйладым» деп буртуюп койду. Алардын эмнеден урушары жигитке белгилүү. Чатак дайыма акчадан чыгат. Атасы мектепте сабак берет, апасы пенсияда. Экөөнүн алганы өздөрүнө кенен жетет эле, бирок айылдын айылдай түйшүгү бар. А жөнүндө апасы минтип калат:

— «Аш көп болсо, каада көп» деп, деле азыр чакырыкчы көп, чоң үй-чоң аш деп бизди чакырат, барбай кое албайсың. Бирөө машийне алган, бирөө там салган, бер жагы эле жүз сом кошосуң. Антпесең уят. Же силерден жардам жок. Качан бир өзүңөрдөн артышып, жарыгыңар тиер экен. Сендей кезинде атаңар аскерде жүрүп атасына акча салчу.

Качанкыны эстеп алган апасы анан ошол жөнүндө айта баштайт. Атасы согушта жүрүп жарадар болуп госпиталда алты ай жатыптыр. Күнүгө чайга кошуп чакмак кант берчү экен. Кант каат болуптур. Ошону жебей сактап жыя берип, кыйла чогулуп калган соң, ооругандарга келип-кеткен аердеги элге сатчу экен. Ошентип акча жыйнап, эки курдай салыптыр бияkка. Тамак-аш да, мата да каат күндөрү кат менен келген бир аз акча өмүрдөгү эстен кеткис бир окуяга айланып калган шекилди.

— Атаңар эмгиче бир чоң кызматтарда жүрөт беле,— деп ал наалыганы же жөн салды айтканы белгисиз муңайып койчу,— жалаң абышка кемпирди багам деп жүрүп ушу болду. Канча бир жактарга чакырып жүрүштү, кылайып бирине да жылган жок. Кудайга шүгүр, өз колу менен жакшылап койду, эми өзү эңкейип баратат... Жаш кезде билинбей жүрө берүүчү элек, эми карыганда акча үчүн урушчу болдук, каапыр...

Карындашынын айтканынан улам ал мына ушулардын баарын да бир жолу эстеп алды. Сагынычы кошул-ташыл күчөп, ыйлагысы келгендей абалга жетип, жекшембиге араң чыдады.

«Тарыхчы кыз» өзү да шаарда бир аз жүргөндөн кийин айылды сагынат. Кечээ абасынын «эртең эртелеп жол тосоюн» дегенин кулагы чалып калганбы «мен да барам» деп далайга кыңылдаган. «Ооба, эртең» деп жатышып араң уктатышкан. Таң заардан туруп кийинип жатып жигит мемиреп уктап жаткан аялын ойготту. Эмчектеги баласы түнү тынч уктабай алек кылып, ал дамамат таңга жуук кызуу уктап калат.

— Эй, Газелди эмне кылам эми, жөн эле кете берсемби?

— Билбейм,— деди аялы уйкуга карамыгып,— жарыбагыр, мобу тим эле таң аткыча кыңылдап бир уйку бербеди,— кабагы бүркөлө ымыркайга наараызыланып алды.— Эми мунусу да сен келгиче кулак-мээни жейт эмеспи, жээлигип да алыпыр эле.

— Эмне кыл дейсиң жээликсе, эшиктин суугу бул.

— Ээ билбейм, өзүнөн сурачы...

— Өзүнөн?! Эмнени сурайм, кеңешкен кишисин...

Экөөндө тең баланы кыя албаган боор толгоо. Кобураган үндөн кыз өзү ойгонду. Чала кийинген абасын көрүп, көзүн ушалап тура калды. Кечки убада эсинде. Баш жагына даярдап коюп алган кийимин алды да, уйкулуу темтендей келип, анын алдына таштады.

— Сиз кийгизчи.

өскөнүнө да жакшы,— деген. Ошентип «тарыхчы» кызды кошуп берген.

Бирок «тарыхчы» кыздын ата-энесине кыйла эрмек болорун ойлогон жигит өткөн барышында эле кайра ала барып берген. «Сагынычы тарады, эми жүрө берет» деген. Бар-жокту жобураган «тарыхчы» кыздын ата-энесине кыйла эрмек болорун ойлогондо жигиттин ичи ысып, жүрөгү элжирейт. Санаасы да кандайдыр жайлангансыйт.

Мындан үч-төрт күн мурун шаарга каттаган туугандарынын машинасына кызды салып ийишиптир. Көрүнгөн жерин айтып, «ооруп атат» деп кыңылдап, алдап-соолашканына көнбөй коюптур. Ал келгенден кийин жигит бушайман болду: «Чал-кемпир каңгырап отурушкандыр».

Ал аз келгенсип «карындашы» туруп-туруп эле: «Апам менен атам уйушту, анан мен ыйладым» деп буртуюп койду. Алардын эмнеден урушары жигитке белгилүү. Чатак дайыма акчадан чыгат. Атасы мектепте сабак берет, апасы пенсияда. Экөөнүн алганы өздөрүнө кенен жетет эле, бирок айылдын айылдай түйшүгү бар. А жөнүндө апасы минтип калат:

— «Аш көп болсо, каада көп» деп, деле азыр чакырыкчы көп, чоң үй-чоң аш деп бизди чакырат, барбай кое албайсың. Бирөө машийне алган, бирөө там салган, бер жагы эле жүз сом кошосуң. Антпесең уят. Же силерден жардам жок. Качан бир өзүңөрдөн артышып, жарыгыңар тиер экен. Сендей кезинде атаңар аскерде жүрүп атасына акча салчу.

Качанкыны эстеп алган апасы анан ошол жөнүндө айта баштайт. Атасы согушта жүрүп жарадар болуп госпиталда алты ай жатыптыр. Күнүгө чайга кошуп чакмак кант берчү экен. Кант каат болуптур. Ошону жебей сактап жыя берип, кыйла чогулуп калган соң, ооругандарга келип-кеткен аердеги элге сатчу экен. Ошентип акча жыйнап, эки курдай салыптыр биякка. Тамак-аш да, мата да каат күндөрү кат менен келген бир аз акча өмүрдөгү эстен кеткис бир окуяга айланып калган шекилди.

— Атаңар эмгиче бир чоң кызматтарда жүрөт беле,— деп ал наалыганы же жөн салды айтканы белгисиз муңайып койчу,— жалаң абышка кемпирди багам деп жүрүп ушу болду. Канча бир жактарга чакырып жүрүштү, кылайып бирине да жылган жок. Кудайга шүгүр, өз колу менен жакшылап койду, эми өзү эңкейип баратат... Жаш кезде билинбей жүрө берүүчү элек, эми карыганда акча үчүн урушчу болдук, каапыр...

Карындашынын айтканынан улам ал мына ушулардын баарын да бир жолу эстеп алды. Сагынычы кошул-ташыл күчөп, ыйлагысы келгендей абалга жетип, жекшембиге араң чыдады.

«Тарыхчы кыз» өзү да шаарда бир аз жүргөндөн кийин айылды сагынат. Кечээ абасынын «эртең эртелеп жол тосоюн» дегенин кулагы чалып калганбы «мен да барам» деп далайга кыңылдаган. «Ооба, эртең» деп жатышып араң уктатышкан. Таң заардан туруп кийинип жатып жигит мемиреп уктап жаткан аялын ойготту. Эмчектеги баласы түнү тынч уктабай алек кылып, ал дамамат таңга жуук кызуу уктап калат.

— Эй, Газелди эмне кылам эми, жөн эле кете берсемби?

— Билбейм,— деди аялы уйкуга карамыгып,— жарыбагыр, мобу тим эле таң аткыча кыңылдап бир уйку бербеди,— кабагы бүркөлө ымыркайга нааразыланып алды.— Эми мунусу да сен келгиче кулак-мээни жейт эмеспи, жээлигип да алыпыр эле.

— Эмне кыл дейсиң жээликсе, эшиктин суугу бул.

— Ээ билбейм, өзүнөн сурачы...

— Өзүнөн?! Эмнени сурайм, кеңешкен кишисин...

Экөөндө тең баланы кыя албаган боор толгоо. Кобураган үндөн кыз өзү ойгонду. Чала кийинген абасын көрүп, көзүн ушалап тура калды. Кечки убада эсинде. Баш жагына даярдап коюп алган кийимин алды да, уйкулуу темтеңдей келип, анын алдына таштады.

— Сиз кийгизчи.

Бутүмдү чын эле «тарыхчы кыз» ушинтип өзү чыгарды.

...«Тарыхчы кыз» абакесинин алдында отурат, оозу-башы чоң жоолук менен тумчуланган. Көзү эле жылтырайт. Бу курагында ага баары кызык. Көзү көргөндөн кур койбой сурай берет:

— Ака, (абакеге тили келбей ушинтчү, ошол бойдон «акалап» калды) жаңы кай жааганда, эски кай эмне болот? — дейт сырттагы бапактаган кар бүт баарын чүмкөп жатканын көрсөтө. — Күндүн буту жок болсо деле эмнеге баса бейет? — дейт баертеңки Күндүн ордунан жылып кеткенин байкап, анан эки сөөмөйүн эки кулагына тыгып алат да, сөз уга албай:

— Кулагына колун салса, киши сүйлөбөй калабы ыя? — деп тажатат. Кандай жооп айтса, ошого ынай берет. Калп деген түшүнүгүндө да жок баео наристеге жигит кандай жооп берерин ойлоп кыйналды. Ошондон улам кайрадан атасын эстей кетти. Кызды «тарыхчы кыз» атыктырган ошо атасы. «Тарыхчы кыз» андан көр-жердин баарын сурайт. Ал эрикпей бүтүн баарына жооп айтат.

Анан өзү суракка алат. Суроосу дайыма бир түрдүү:

— Сен кимдин кызысың ыя? Асел менен Сүйүнбекчи?

Ал жаңылбай дайыма өзүн чоң атасына таандык айтат да, калгандарын бүт өз-өз аталарына бөлүп берет.

— Сен гана менин кызымсыңбы?

— Ийи-и.

— Ой шайтан кыз оой, сенден ким тарых сурап атат ыя, алар да меники.

— Ики, ики мен сиздин кызыңмын, тигилей бөлөк.

— Ой мындай тарыхчыны ким көргөн ыя, тос мурдуңду, эми колуңду тос.

Чөнтөгүнө сакталган момпосуйду берет да, тикчийген өскүлөң сакалы менен бети-башына жанып, жүдөтүп кирет. Экөө бирдей жыргап күлүп, узак-ак ойношот.

Аны көргөн сайын жигиттин ичи эзилет...

...Ал кичинесинен атасы менен сый өскөн. Кээ бир курбуларындай алчаңдап, атасынын жонуна минип, же ал-

дына олтуруп алып бети-башын сылагылап, эркелеп, барды-жокту алып бер деп кыйнай бермей адаты жок болчу. Бир мүнөз атасы да эзилип түшүп эркелетчү эмес. Бирок азыр байкаса мээримин башкача бергенби? Эсинде, альбом, карандаш менен кошо сүрөттүү кооз китептерди сатып келчү. Жаңы чыккан жомок китеп жердин жети катында болсо да таап келип, өзү да окутуп укчу. Ошентип китепке эрте аралаштырган. Ошондогу атасынын тарбиясы бара-бара олуттуулукка өткөн. Кийин экөө канчалык тереңдеп, жакындап сүйлөшсө да ал олуттуулуктун чегинде калып, эч качан ата-баланын эбеден эзген тамашасына өсүп жетчү эмес. Көрсө, бул алардын ортосундагы бир бөксөлүк белем...

Балалыгы кумардан кана эркелей албай калганданбы, же атасы учаар куштай көк карап кайрылбас жагына кетүүнүн камына өткөндөнбү, ал атасынын тизесине башын жаздап, бырыштуу бетинен сылагысы келет. Бирок антпейт. Же бир тамаша айтып бакылдаша албайт, бар дасмыясы ичине бугуп кала берет. Ушул жүгүнөн ал бир гана саам, карындашы атасы менен ушинтип эзиле ойноп жатканда гана жеңилденет. «Тарыхчы кыз» өзүнүн кичине кезиндегисине куюп койгондой окшошун айтпайсыңбы. Ушул окшоштук, жылаажын күлкүсүнө аралаш «сиздин кызыңмын» деп кетилдеп күлгөнү, атасынын ансайын тикчийген сакалы менен жан алы калбай жанып ойногону, мына ушунун баары жигитте өзү эркелеп жаткандай сезимди ойготот. Ал сезим тутанып үлгүрбөй дүрт этип өрткө айланат. Атасынын алдына жатып алып ушул бактылуу учурларды, атасынын бар турпатын, атасынын жытын, атасынын мээримин көздөрүнө, көкүрөгүнө, колдоруна, ай дасына чөгөрүп кармап калгысы келет...

Бул оюн кечинде уланат. Тамак ичилип, жат-жатка келгенде небересин сагынган чоң ата, чоң энеси кызды коюндарына алышып, таттуу тилине магдырашат. Анын жылаажын күлкүсү көпкө-ө басылбайт... Бара-бара кез-кез күлкүсү менен кошо эми кыңылдап кыңкыстамайы башта-

лат. «Тарыхчы кыздын» күндүзгү мүнөзү өзгөрүп, ардемени бир айтып, тишим же тизем ооруп атат деп кыңылдайт. Бул анын абасына качканы.

— Бар, абаңа дарылатчы,— дешет алар күлүп.

Кыз буртуюп «ооруган» жерин көрсөткөнү оозгу бөлмөгө, абасына келет. Калп ыйлайт. Анан кулуюп койнуна жатат. Күндүз кечке чарчаган эме, улутунуп уйкуга кетет. Жигит карындашын карап жатып андан кайрадан өз балалыгын көрөт. Өзү деле куду ушундай кезинде кимден болсо ата-энесине качканын ойлойт. (Эсинде жок, бирок сөзсүз ошондой болгонуна ишенет. Боор билет деп жүрүшпөйбү). Эми карындашы качанкы өзүнө айланып, койнунда бейкапар уктап жаткан андан өзүн көрө баштайт, көрө берет, көрө берет, анан... өзү атасына айланат. Көкүрөгүндө калкылдаган мээримин кармана албай капарсыз уйкудагы карындашын өөп-жыттап кирет... Магдырап уйкуга кетет...

Жигит жол боюу келатып адатынча ушуларды ойлоду. Фронттон түтпөй үйүнө акча салган атасын эстеди. Анан сайып койгон жүгөрүдөй сейрек тиштерин көрсөтүп жарпы жазыла күлгөн чоң атасын эстеди. Анан чоң атасына атасы куюп койгондой окшошуп баратканын ойлоду. Убакыт өткөн сайын баласы атасына окшой берерин да ойлоду. (Өзү атасына окшой баштаганын сезген жок). Анан атасы менен апасы акча үчүн урушканын, бу жолу да чөнтөгү куру экенин эстей өзүнчө кыжаалат болду. Кайра «тарыхчы кызды» көрүшүп бир сүйүнүшөрүн, жарптары жазыла жашарышарын эстегенде дени чымырап, көздөрү күүгүмдөй түштү...

Шаар айыл ортосу 45 чакырым болгону. Автобус дагы эле ара жолдо...

## ЧАБАРМАН

Керимбек баласынан башкарма чакырып атканын укканда эмнегедир сүйүнүп кетти. Анын кандай жумуш менен чакырганынан деле кабары жок болучу. Ошентсе да

бир көңүлүндө күсөп күткөнү ордунан чыкканы калгандай толкунданып, кара көк бетине тарам-тарам кызыл жүгүрдү. Карбаластап, таягын кайсыл үйгө койгонун эстей албай, бир бөлмөдөн экинчи бөлмөгө издеп кирип буйдалды.

— Оңбогон гана чунактар десе, дагы бири ат кылып мине койгон экен ээ, эми кайдан издедим?..

Анын ушул таптагы эпсиз төкүрөңдөп шашканынан да бул чакырыкка канчалык маани берип жатканын баамдоого болот эле. Анан ал бир коңулдан таягын тапты да дубалдагы калпагын алып жатып, ага жанаша мыкта салбыраган жылан боор камчысын карап жаш баладай мулуюп койду.

Бейшенбек атасынын көптөн бери мынчалык калдастап кубана элегин, бир жакка мынчалык шашпаганын, ал турсун соңку күндөрү мүнөзү басмырт тартып кеткенин ойлоп, эми ага эмне болгонуна ачык түшүнө албай аң-таң калды. Чын эле кийинки кездери Керимбектин мүнөзү өзгөрүп кетти. Мурдагы шайдоот мүнөзү калып, түнт, сырдуу тартты. Келиндердин жөн салды «чабарман аке» деп тергешкендери да көңүлүнө кандайдыр катуу тийчү болду.

Атасынын көкүрөгүндө бир жай бербес сезим пайда болгонун биринчи болуп тун уулу туйду. Эмне экенине көзү жеткен жок. Эс тартып чоңоюп калганы атасынын мындай мүнөзүн байкаган эмес. Согушта, майдан талаасында талкаланган бутун ойлойбу, жарым жанмын деп? Жок, андан бери, ошол согуш бүткөн күндөн баштап, кабагым-кашым дебей, эсен келгенине тобо деп колхоздо иштеп, жайкысын корукка кароолчу, кышкысын атын алчактатып, таягын такымга басып алып, башкармага чабарман болуп жүрчү эле го. Бака-шака түшкөн бозо үстүндө болобу, же кеңсе алдында эл чогулуп калган учурдабы, улуу-кичүү болсун аны теңтуш санап: «Кана, Кеке, бутуңдун жайын бир айтып койчу?» — деп калышканда:

— Ай оңбогулар ай, жадегенде чолок бутту да жайы-

на койбойсуңар ээ,— деп бир аз маалкатып, анан саал куудулданып тилин жасап, таптап, учаар куштай обдула берип:

— Токойдон чыга калсам эле эки башис! Тайсылдашканда эле жалпайттым. Мен да тойок дей түштүм, бий бутум сойок дей түштү, көйсө байкуш бутум ошондо эле жеңишке салүт атыптый,— деп баладай каткырып калчу. Аксак буттун кайгысын жеңиш, бейпил турмуш жууп кеткени ырас эле.

Күндүз ал эл алдында минтип ачык-айрым, бала мүнөз болсо да кечкурун үйдө жүргөндө токтоо, ойлуу тартчу. Балдардын эстүүрөгү Бейшенин маңдайынан сылап: «Адам болгула айланайындар, мен силер деп чапкылап жүрбөйүмбү...» деп калган сөзүн ичине жутуп, төбөсүнөн көпкө жыттагылап турчу. Уулуна анын көкүрөгү ушул тапта кыжылдап жаткансычу. Мына эми ошол балдары өзү тилегендей адептүү өсүшүп, кыбыр эткенге «атам келсин», «атам айтсын» деп ызааттап турушпайбы. Эңсегени ишке ашты. Ал эмес өгүнчөрөөк өкмөт согуш майыптарына «Запорожец» автомашинасын бере баштаганда колхоз жетекчилери кеңешип, биринчилерден кылып тизмеге ушул Керимбекти жаздырышып, анан тигил Чүй боорундагы машина айдоону үйрөткөн эки айлык окууга жиберишкен. Ал жактан келгенден анча узабай «уулдарың чоңойду, оокатты ошолор бүтүрөт, эми тынык, эс ал, машинеңди минип убайын көр» дешип кары чарба чектеп жумуштан бошоткон.

Ушинтип эч нерседен капарсыз жүргөн куттуу күндө атасына эмне болгонуна, жүрөгүнө кандай коога түшкөнүнө түк да түшүнө албады. Тынчы кетти. Бүгүн болсо тигинтип башкарманын бир ооз чакырып жатат дегенин укканда күтпөгөндөй кудуңдап сүйүнүшү чындап таң калтырды. Эмнеси болсо да бүгүн кечте, ал кайра келген соң табышмактуу мүнөзүнүн сыры чечилчүдөй болду.

Бирок бул жолу да Бейшен ойлогондой болбоду. Керимбек кечкурун кабагы салыңкы келди. Аялына, ба-

ласына, не өзүнө айтканы белгисиз бет алды сүйлөп койду.

— Жол бойлоп келатат элем, тиги Төкөнүн Кара-Оюнда жайнаган мал жүрөт. Кытайбай корукчу болуп кыйратпай калды. Жете албай гана койдум да...

Саамга унчукпай анан кекене кетти:

— Сени Кытайбай, жолугарсың. Так башкарманын алдында шермендеңди чыгарбасамбы?!

Муну укканда аялы чыдабады;

— Сен эмне жинди болуп кеткенсиңби? Кичине бир сыярлык кеп айтасыңбы деги. Жылан чакпай, жылкы теппей жөндөн жөн дулдуйганың аз келгенсип, эми көрүнгөн менен ызылдашып, «суук тумшук» атыгаарың калдыбы? Берген тамакты жөн ичип, жөн жата берсеңчи, көйөгөчүнө эмне берейин,— деди какылдап.

Аялы менен жаакташып болбосун ойлогон Керимбек айтышпады. Үйдүн ичин бир ыңгай тынчтык басты. Кечки чайды да тынч отуруп ичишти. Керимбек кымбат буюмун бир жерге унут калтырып анан анысын эстей албай жаткан адамча дагы туталанды:

— Ат эмне болду, сугардыңарбы? Курсагы тоюптурбу. Ошого бир эстеп жем илчи анан...

Баятан башкарманын чакырыгы тууралуу эмне кеп чыгат деп күткөн уулуна мунусу жаккан жок.

— Ой ата,— деди ал нааразы,— ат жечү чөбүн жеп атат. Ага эмне эле анча... Эртең алыс жолго чыкчудай ак жайдын күнү жем бер деп. А көрөк...

— Ооба, балам, эртең Буурул алыс жолго кеткени калды,— деди Керимбек баласынын сөзүн бүтүрбөй үзүп. Анан кайра жалынычтуу айтты:

— Кеткени эмей эмне, колдон чыкмай болду. Башкарманын чакырганы ошол экен. Сугатчылар ыраактан суу сугарып атышат, барып-келип тургандарына ат керек дейт. Бирине Буурулду бермей болушту.

Бул күтүүсүз кабар Бейшенбекке да катуу тийди. Буурулга баары ынак эле. Баарыдан да атасынын безине тие-

ри анык эле. Бирок аны сыртына чыгарбады. Атасы ансыз да тутана албай турганда...

— Калкостун малы, кандай кылса өзү билет. Ага анча эмне жан кейитип...

— Эмне! — Керимбек уулун жаман көзү менен атып алды да жүзүн буруп кетти. Ага уулунун бу салкындыгы жаккан жок. Ошо бойдон унчукпады.

Орун салынып жатышкан соң ар кими акырындап таттуу уйкунун кучагына кирди. Бейшенбек кыйлага түйшөлүп атасы жөнүндө, Буурул жөнүндө ойлонуп жатты. Анан көңүлүндө бир нерсени болжогондой уктоого кам урду.

Бул түнү Керимбек да шыпты тиктеген бойдон көзү ачык жатты. Эртең кайда бармак, түшкө чейин, акыры кечке уктаса да өз эрки го. Эч жакка шашпайт. Мурда антчү эмес. Таң заардан тураарын ойлоп, тез уктоого шашылчу. «Эмне үчүн эми бир капталы мынча эңшерилди. Эмне үчүн»» Думуккан көкүрөгүнө билинбей бир шоола жылжыды. Ал өткөн шатыра-шатман күндөрүнүн табына жылынып, жымжырт караңгылыкта ансыз да эч кимге белгисиз ойлоруна оролуп баратты.

Согуш майыбы болуп келген алгачкы күндөн тарта жайы кышы ат үстүнөн түшпөй көпчүлүк менен кошо иштеди. Турмуш оңолуп кете элек. Кечээги каардуу күндүн капшабы кайтпай, эркек күчү көзгө сүртөөр дарыдай болуп турган мезгилде Керимбек жарым жанмын деп жатып алууну эп көргөн эмес. Колунан келген жумушу экен, жайкысын колхоздун мелмилдеген талаасына корукчу, кышкысын башкармага такай чабарман болуп жүрдү. Кийин ага биротоло көнүп алган соң ык алган иши менен коштошо албай жыртык бүтөлүп, заман оңолгондо да көндүм жумушунда кала берген. Ошол күндөрү таң атпай туруп, аты илинген жемин жегиче өзү да бирдеме кайсап, артынан сүзмө кошулган ачкылдан бир аяк жутуп алып, анан колхоздун кеңсесинин алдында ар ишке даяр тураар эле. Ушул жерден чарбанын кыбыр эткен жаңылы-

гын биринчи билип, тийиштүү адамга жеткириш үчүн айылдын туш тарабына куштай сызуучу.

«Райондон келишиптир, мал санак жүрөт экен, башкарма тез келсин дейт», деп таң заарда зоотехниктин терезесин камчы менен такылдатат.

«Бригадир айтты, сууну жогорку алышка салсын дейт, өзүбектер келиптир, бүгүндөн баштап бакчаны айланта дубал согот экен», деп көк башыны шаштырып кайтат.

Ал, корукка кирип кеткен малды көргөндө каракөк тарта жини келип, эч ким жок ээн талаада уят аралаштыра моокум кандыра сөгүнүп-сөгүнүп алып, кыйкырган бойдон чычактатып кууп чыгар эле. Кээде жини катуу келгенде түз эле чоң сарайга айдап барып камап сала турган. Кечинде музоо-торпогун таппагандар «ай баягы тантыктын эле колунан келди, ошол эле камады» дешип опулдашса да алдына барышканда «Кеке, башкарма аке» деп жатышып, экинчи көздөп алууга кайра-кайра убада беришип, анан барып малын камактан чыгарышып кете турган. Керимбекке да ошол гана керектей, жана түштө мурдуна чыккан ачуусу капкачан тараса да сес көрсөтүп:

— Караш керек да мал дегенди, калкосту ар кимибиз ар жактан талай берсек, баягы Жылкыайдарыптын тушундагыдай бүлүнтүп бүтпөйбүзбү! — деп өкүм бак-бак этет.

Кызык, ал ушинтип жаны тынбай чапкылап жүргөндө атайын болбосо да, көкүрөгүнүн тээ бир тереңинде өзүн калдайган чоң айылдын камын ойлогон, чарбанын жумушун жеке жүргүзүп жаткандай, ансыз эч иш бүтпөчүдөй сезилип кетүүчү. Ушул сезим канатына канат кошуп алгырлантып, жашоосун көңүлдүү кылып салчу. Анын үстүнө айылдын кары-жашы дебей аны кай жерден көрүшпөсүн жарым жан экенин сездирбей аярлашып, «оо өзүбүздүн башкарма турбайбы» — дешип, атын алып же атказып коюша турган. Керимбек бул сый урматтын артынан эч нерсе издебей адал эмгегине жооп кылып кабыл алчу.

«Башкарма» атыкканынын да себеби бар. Кеңсе алдында беш-алты кишинин башы кошулуп чарбанын тигил, бул иши тууралуу кеп жүрүп, анан сөз ыңгайы чоңдорго оогондо Керимбек адатынча жаш баладай капарсыз каткырып:

— Ой, башкарма-башкарма дейсиңер, мына анык башкарма мен эмесминби, ушу колум менен канчасын тосуп, канчасын узаттым. Жүрө-жүрө баары алмашты, жалгыз эле өзүм келатам го! — деп качантан берки башкармалардын ысмын санай кетчү. Эл да ичинде кылайып аласы жок бу агедил кишинин көңүлүн улай:

— Ырас эле сен башкарма эмей ким башкарма. Болгондо да түбөлүк түшпөс башкарманын өзү эмессиңби,— дешип, ичтери жылып, көздөрү жайнап эркелете карашчу. Ушу адам чейрек кылым ашуун өмүрүн жалаң чабармандык менен өткөрүп, жашоосу түк да өзгөрбөй ушул нугунда ага берчүдөй туюк ишенимде калган шекилди. Мындан эки айча мурда колхоз жетекчилери атайын чакан жыйын жасап, ага эстелик саат беришип эс алууга узатышканда да минтип кабыргасы кайышып, өткөн күндөрүн сагынаарын сезген эмес. Сагынганда эмне, эми чарба да башка эле, көп үйгө телефон орноп, башкарманын мингени сур коендой машина болуп калган... Керимбек анын баарын кайдан ойлосун, тек «эл катары бенсияга чыгат деген ушул тура» деп жөнөкөй бир ойлогон. Анан бат эле кызыгы тарап, акыры жаңы турмушуна көнө албай оордоп калды...

Бүгүн ошентип чайналган турмушуна кошул-ташыл кылып колхоз Буурулду алмай болду. Жандай Буурулун! Керимбек эртедир кечтир ушундай болорун сезген. «Акыры калкос малы» го. Бирок анда өткөн күндөрүн мынчалык сагынып кусаланарын билген эмес эле. Буурулдан ажырааары анча жан кейиткен эмес эле. Эми минтип күтүүсүздөн алмак болушканында ушунун өзү аны кечээтен бери чөктүрүп, жүдөтүп салды. Ар түркүн ойго кетти. Канткенде алып кала алат. Канткенде? Ордуна саап отур-

ган уюн алгыла деп айтып көрсөбү. Макул болушабы? Болгон күндө да катыны өлүп берет го. Баса, колхозго да уй эмес мингич керек тура. Башка көлүк эмне, түгөнүп калыптырбы? Бардыр. Тек колхоз иши кыйгас кычап турганда унаалар да бекер эмеси белгилүү. Керимбектин Буурулу болсо жал куйругу жылтылдап бош. Анын көз алдына башкарманын түштөгү элеси тартылды.

— Керимбек,— деп ал кечээги эле чабарманына салмак менен сөз баштаган,— атайын өзүм сүйлөшөйүн дедим. Кум-Булуңдагы эгинди билесиң. Сугаты кыйгач жетилиптир. Убакытты өткөрүп ийсек ала жаздан берки мээнет бошко кетет. Жол алыс. Сугатчылардын бирине ат керек экен. Ошого Буурулуңду ылайык көрүшүптүр. Багып минип тургула деген элек дешет, эми шарт кайра ушундай болуп турат да...

Керимбекке бул сөз башка чапкандай тийген. Көңүлүндө башканы болжоп кирсе керек.

— Мейли шартка жараша болобуз да,— тамагын бир ачуу зил сыдырып, ордунан туруп сыртка бурулган. Каалганын туткасын кармай бир аз аңдай калып:

— Эртең Бейшенбектен жетелетип ием,— бардык өктөсүн бир дем менен чыгарып имерилип кеткен...

Мына эми, кадыр түн тосуп уктабай чакчайып жатат. Ой-санаа менен алпурушуп жатып кантип көзү илинип кеткенин сезбей калды. Ойгонсо терезедеги тоолор караңгыны сыйрып бүдөмүктөй баштаптыр. Баары жымжырт уйкуда. Ал капталына оодарылып кайрадан көзүн жумду. Уктай албады. Анан эсине бир нерсе түшкөндөй жууркандын четинен суурулуп чыкты. Көйнөк, дамбалы буластап дабышсыз кийине баштады. Жыгач бутун аяр таштап сыртка чыкты. Асман агышына тартып, жылдыздар бүдөмүк чөгө баштаптыр. Жымжырттыкты желдин жеңил шуулдагы бузуп, эрмендин кермек жытын алып келет. Ал тамдын боорунан ноктону алып короону айланды. Адамдын дабышын туюп тигинден жылкы окуранды. «Буурул», Керимбек аны кылт эткенинен жазбай тааныйт

го! Ошондо кадамдады. Көп өтпөй бири этек-жеңин жыттагылап, бири жал куйругун сылап эшиктин алдында кош караан турду. Керимбек Буурулдун көкүлүн жыттады, Кулак түбүн, жазы соорусун кашыды. Көзгө илинер-илинбес көгүш учкун жылт-жулт жанды. Алар акыркы үмүттөй бүлбүл шоолалуу эле. Анан асмандагы жылдыздай бул оттор да улам алсыз жанып, акыры билинбей калды. Таң аппак атты.

Керимбек аш-тойго токунчу ээрин алып чыгып шашпай асемдеп токуду да жем асып, кайра ичкери кирип аялын ойготту. Аялы уй саап болгуча Буурул жемин жеди. Мурда бир уйду эмне, бадага ким болсун айдай кете турган. Бу жолу Керимбек өзү айдады. Жолдон элдикин кошуп алды. Сыртынан уй айдап баратат дегидей. Чынында Керимбек кайрадан өткөнүнө оролуп, Буурулу менен коштошуп бараткан...

Ал башынан атты жакшы мине турган. Кандай ат минсе да бат эле чөйчөк байлап, эттенип калуучу. Айыл ичинде бирде жакшылык, бирде жамандык дегендей, андайда малы алыстагылар зарылып бригадирге кеңеш салып, ордуна бээ же жараган ат бермек болушуп, Керимбектин атын сурашчу. Минип жүргөн малына чыны ичи ачышса да уруксат болгон соң мындай иште кыйыктанчу эмес. Дароо жүгөнүн шыпырып алчу. Ошентип, үч курдай ат которгон соң ага ушу Буурул туш келген. Анда жаңыдан кунан. Жеңил жүрүшү бар, үстү жайлуу элпек мал адегенде эле Керимбекке жагып калган. Буурул да ээсинин ыгын алып, кичинекей ыкыс бергенинен көңүлдөгүсүн сезчү. Киши жокто жалгыз мине албай жол четиндеги ташка тартабы же арыктын кырынабы, ал ээсин аяп жаткансып ыңгайлуу турчу. Талаада жүргөндө Керимбек аны тушабай бош кое турган. Аттанаар маалында башындагы тер сиңген калпагын алып, «боболоп» койгонунда, жаныбар, бош үзөңгүлөрүн шыңгырата чайпап басып келчү. Мындай ээн талаада сыр бөлүшөөр, сөз угаар жалгыз ушул болуп, Керимбек анын жал-куйругуна

илээшкен уйгактарды тазалагыча өткөн-кеткендерден ко-бурап жеңилденип алчу. Учурунда Буурулду да союшка сурагандар болду, айыл активдеринин бирээри көз ар-тып, өзүнө бекитип мингиси келди. Бирок Керимбек бири-не да таш мылтыктай мелтейип жибиген жок. Алып ка-луунун айласын кылып эчен курдай атайын колуна жем түшүрүп да аксатты. Кайра күнөөсүз байкушту аяп, ичи-нен сыздап азап чекти. Талашкандардан башын ачып бер деп башкармага чейин кирди. Акыры Буурул өзүндө калган.

Мына эми ошол жандай көргөн Буурулу менен кош-тошуучу мезгили да жетиптир. Керимбек ушул тапта мур-да байкоос албаган бир чындыкты, дегеле турмуш деге-ниң бүт баары менен акырындап коштошуудан турарын терең аңдады. Ойлору менен алпурушуп, чоң көчөнүн ая-гына чыкты. Андан ары бадачыга жардамдашып, жа-йыла баскан уйларды төш таягыча айдашып коюп кайра тартты. Тигинде мелмилдеген талаа жатат. Анда Буурул кез-кез бедениn башын кыртылдатып үзүп, ал учу-кыйры билинбеген узак сапарда бараткандай жай бастырып ке-те берүүчү. Сапары түк да карыбастай эле. Адам жал-гыздыкта, сапар жолдо өткөн өмүрүн ойлойт. Керимбек да ошентчү, кылчайып артта калган күндөрүнө серп сал-чу... Ал эзели доош салып ырдабаса да мындайда кез-кез көмөкөйүнөн күңгүрөп койчу.

Ушунда кишиде жок бир обон бирде буркулдаган көөдөнүнө жутулуп, дымы чыкпай жоголуп, о кайра бир оокумда эле капыс калкып чыкчу, ыргагы да, ыры да би-линбеген бирдемени ушинтип коңгурап эргий кетчү. Сыя-гы, кандай өтсө да өмүр дегениң бир түрмөк ырдай кыс-ка, асемдүү белем. Аны эстеген сайын адам эрксизден бе-зенген жүрөк кайрыгынын туткунунда калат белем. Анын ошол адамга ачылбас, айтылбас жан сырын термеп, баа-рына күбө болуп ушул Буурул жаныбар жан жолдоштой бирге эле. Эми ошондо түгөнөрү ойго келбеген узун жол-дун учуна чыгып калыптыр. Колунан кеткени Буурулду

биреө өзүндөй кастарлап мине алмакпы, анын да сапары карыганы ушулдур...

Керимбек талаасы менен, алдындагы аты менен кош-тошуп, далысын уркуйтуп, жай бастырып үйүнө баратты. Бир кездегидей элестерин коштоп көкүрөгүнөн абан да жанган жок, өчкөн шамдай жүрөгүн ачуу түтүн ачыштырып, ачуу түтүн көздөрүн жаштап, түтөп бара жатты...

Ал ушул учурда мурда анча таназар албаган дагы бир чындыктын тереңин сезди. «Бергендин алганы, толгондун төгүлгөнү турулуу туруптур да... Баары тең туура, жөнөкөй, калыс. Ушундай болууга тийиш экен да. Мейли»...

Ал көрүнбөгөн кимдир биреөгө макулдугун берип жаткандай өзүнчө күбүрөп, бүт баарына моюн сунуп баратты.

Үйүнө жакындаганда кайратын боюна жыйды, токтоо тартты. Жетээри менен атын жайдактап, аса байлап ичкери кирди.

— Атты байлап койдум, бригадирге жетелей бар баратканында,— чайга отурган Бейшенбекке кайдыгер сөз узатты. Бир нерсени эстегендей капталдарын сыйпалап кайра сыртка чыкты. Буурулдун жайкалган жалынан, төгүлгөн куйругунан кичине тутам кыркып алды:

— Ыйык элең жаныбарым, бу короого келген мал сенин жолоюнду жолдосун...

Керимбек Буурулду башынан аягына чейин дагы бир сыдыра карады, үйгө кирип ошол бойдон чыкпады.

— А макул де, болгону ушул де,— деп койду терезеден дүпүлдөп өтө берген дабышты узата, биреөнү табалагандай. Тамакка табити чаппады. Аялы жумушка, балдары да жумушка, кичирээктери мектепке кетишкен. Үй жымжырт. Ал ушул жүрөк кыскан тынчтыкта өзүнүн абыдан чарчаганын сезди. Эми эч нерсени ойлобоско тырышты. Боюн таштап жибергенге өткөнү көз алдынан тек жансыз сүрөт болуп чубады. Бир оокумда кош жаздыкты колтугуна баскан калыбында уктап кетти. Балдары окуудан келип бака-шака түшкөндө ойгонду. Сыртка чыкты.

О дүйнө! Ошондо ал адегенде эле эмнени көрдү дебейсиңби? Буурулду! Кадимки өзүнүн Буурулун! Ал тигил арыктын кырындагы жашаңда бийик-бийик көрүнүп, булутка жанашып, булутка биригип бараткансып, адаттагыдай ээн-жайкын оттоп турган эле. Керимбек сүйүнгөнүнөн таягын унутуп таштап, төкүрөңдөп, кыймылдары ыргаксыз, колу-буту ар башка шалактап, өзү жеткиче Буурулу көздөн кайым болуп кетчүдөй андан көзүн албай чекчейип шашып жөнөдү.

— Жаныбарым, жаныбарым!..

Ал азыр канчалык күлкүлүү болсо, ошончолук бактылуу эле. Буурулга жетээри менен мойнун бек кучактап көздөрүн жумду. Жылкынын тааныш жыты «бур-р» деп каңылжаарын өрдөп көтөрүлдү.

— Жаныбарым, качып келдиңби?!. Качып келдиңби?!.

Азыр эле башкармага барам. Чабармандыкты, корукчулугумду кайтып бергиле деймин. Сени эми эч ким албайт.

Керимбек ушул тапта бактылуу эле. Өзү азапка эле жаралган адам эместигин, ага канааттанышкан улуу бакыт качан да болсо кайрыларын небак билгендей туюлуп жатты ага...

Бирок ал азыр Буурулдун качып келбегенин, атасын кыйбаган уулу бригадирден суранып жатып өзү сугатка чектелгенин, мингичке ушул Буурулду алганын, мунун баары барып-келип эле жаш баладай болуп кеткен атасын аттан көндүрүп, көндүрүп ажыратмакчы болгон анын да бир түтпөгөн, айыпсыз балалык ниети экенин али биле элек эле. Ал анан, ушунун баарын уккан соң, жанараак жалындаган сезими шалдая түшүп, баертеңки бүтүмүн көңүлдө дагы бир жол бекемдеп: «Баары туура, калыс, ушундай экен да. Жадегенде Буурул да качып келбейтир го...» деп өкүнөөрү, моюн сунаары али алдыда эле.

Анакей, атын жетелеп үйүн карай беттеди. Артында көндүм жашоосу, сырдана чабармандык турмушу калды. Алдында аны али ийите элек, табы жылыта элек, ак карасы белгисиз, келе элек кербен күндөр созулуп жатты...

# АБЫШКАНЫН БИЙИГИ

Көптөн бери бул үйдө жаңы бир чен пайда болду. Абды баш оорулуу болуп, ага удаа жүрөк ооруга чалдыккандан бери. Ошол күндөн көп нерсе анын оорулуу жүрөгү менен өлчөнөт, радионун катуу дабышы, чыр кеп, ар кандай ызы-чуу. Айрыкча кемпири Үмүт сак. Уясына келаткан жамандыкты сезген эне чымчыктай тескери иштин чеке белин байкаар замат күйпөлөктөй түшөт. Абышканы андан алагды кылгыча шашат. Анан кейип-кепчип алат:

— Шору арылбаган бир азаптуу пенде экенмин го, ыя айланайын, ким эле мунун баскан-турганын аңдып жүрөт...

Ушинткен Үмүт кемпир бүгүн да сар-санаа. Баертең чай үстүндө чалы ага кеңеш салып, тоодогу туур малы болгон уюн айдап алайын деген оюн айткан. Алгач аны укканда кемпири чочуса да анысын билгизбей астейдил жайкаган:

— Кой, абышка, азыр тууй элек, тууп салса кудай албайт, жүрө турар. Бирди-жарым адам каттаса табышта, көздөп айдай келер.

Бирок Абды ага муюбай койгон:

— Жарабаган кеп, ушу азыр бирөө менен бирөөнүн иши барбы? Өзүм эле барам Дадыйды ээрчитип.

Дадый — коңшунун уулу. Быйыл алтынчы окуйт. Анда-мында абышка кемпирдин оокатына кол кабыш кыла коймою бар. Жанына кичирээктеринен бирди кошуп жиберишсе, ал деле айдап келет беле?! Бирок чал ага да көшөрүп болбой койду.

— Бала жердин уусун билбейт, кайдан тапсын. Тапкан күндө да непада тууп койсо кантти? Ылдыйда айдаштын ыгын билбей, жаш музоонун колун түшүрүп салышпайбы. Өзүм баргандан өтөрү жок.

Айтор Абды муну көңүлүндө миң калчап көрүп, ага айныбас болуп бекип алгандай, кемпири эмне айтпасын

алдын тосмолоп, сөз жуутпады. Кайра да дугдуюп кайдадыр басып кетти.

Баягы эле кемпир беймаза:

— Кыбыр этсе эле жүрөгү кармайт деп жүрүп бу жаман эрке болуп кетти. Баладан өткөн чыргоо. Эми дагы жок жорукту баштап Кара-Тоого чыкчумун дейт. Ыкка көнүп, ымалага келген киши ырас тура. Тоонун абасы мындай дейсиңби, бийик ал жак. Жүрөгүнө жакпайт. Догдурлар да ошенткен... Болбосо эмне...

Анан кошуна аялга «Уулуңа бир иш тапшыр» деп утурлагыча үстүнкү көчөдөн ат жетелеген чалы көрүндү. Ат өйдөкү туугандарыныкы эле. Аны тааныган кемпирдин оозунан сөзү түштү. Эми ээленип алган эмеге канча айтпасын пайда жок эле. Жолго чыгаар адамдын көңүлүн оорутпаш керектигин билген ырымчыл кемпир ошол бойдон үнчүкпады...

— Эчак эле жибитип койбойсуңарбы? — деди Дадый каадалуу, куудураган чаначтын мойнун бууй албай жатып.

— Атаңды жакшы кара, жүрөгү кармабасын. Окус бир жерим десе эле ой-боюна койбой кайра тарт.

Кемпир абышкага угузбай бейкапар балага башка жооп кайрыды.

Адегенде Абды жолду катар көңүлү куунак келатты. Көптөн бери бастырып өтө элек жолу көзүнө алда кандай ысык. Тааныш жерлерин бир баштан карап келатып, кезек-кезек каны дүргүп башына чыгат. Ал өзү да ачык сезе бербей, мунун баарын туюк сагынып, дегдеп келгенин сезди. Оо бир кездери ооматы жүрүп дүкөнү кызып күнтүн дебей күжүлдөгөн, эми керектен чыккан эски тегирмендер, калың мыялуу арык жээгин тамырлары бек чеңгелдеп байлай тигилген, азыр болсо топурагы эшилген кыр, кашаты тарбайган салаасынан куюлуп чыгып бараткан карт дарактар, адырда тепчилген качаңкы бир жолдун билинер-билинбес нугу да сагыныч учугун жандырып чубайт. Көптөн бери көңүлү мынча сергий элек

абышка ушу азыр бирөөлөр менен бир кумардан чыга бакылдашкысы келет.

— Тээтиги эски ураңды там Доорандыкы, беркиси Шапактыкы. Ылдыйкы керчөөдөй тектирге алар тарyy айдашчу...

Абды ал кишилер ким болгонун, бүгүнкү укум-тукуму тууралуу сөз улайт. Ал ушул тапта балага эмес, өзүнө айтып жаткандай, качанкы бир элестер бет алдына оролуп өзү менен өзү.

— Ата, таз жору.

Абдынын ойлорун баланын чарылдаган үнү бузду. Жол боюндагы жаман тамдын кырында конуп алган эпсиз чоң кушту көзү чалды. Чукул барып калышыптыр. Эмнегедир ал учкан жок. Абышканын көңүлүндө бир нерсе бүдөмүктөй берип, кашы серпилди:

— Бүркүт! Карабектин бүркүтү!.. Ээсиз карыган жаныбарым...

Бүркүттүн башы мүрүсүнө чөгүп кыймылсыз. Дүпүлдөгөн дабыш жанынан өтө бергенде алыстан доош алгандай чалкалай берип жогдорун үрпөйттү. Боз чел баскан көзү заматта аңтарылып тунара калды да кайра калыбына келди. Седеп кадалгандай жансыз, коркунучтуу көрүндү.

Абды жай бастырып бүркүттөн узай берди. Бала кезкез кылчактайт. Эми абышканын ойлору эрксизден бүркүткө ооду.

Ал айылдагы акыркы мүнүшкөр Карабектин бүркүтү эле. Карабек өлгөндөн кийин башка колдон кылайып жем жебей койгон. Ээсин жоктоп кадимкидей аза күткөн жарыктык. Анан бир күнү кары бүркүттү айылдын сыртына алып барып коё беришкен. Эми минтип эски урандыларды мекендеп жүрөт.

Абды өзүн ушул бүркүттөй сезди. Ал дагы тамынын үстүнө чыгып алып, жыйылган чөптөн далысына жылуу өтүп, мемиреп көпкө олтуруучу. Чабытынан калган кары бүркүттөй бийикти, тээ Эки-Баланын чокусуна чыгууну

самачу. Ал канчалык каруу-күчтөн тайып, карылыкка алдырган сайын алиги сезими ошончолук күч алган. Сыягы, айбан канаттуудан адамдын айырмасы, ал ойлой келип бу жарыктан өтөрүндө артында жандырылбаган табышмактын, чечилбеген түйүндүн калышына макул болбосо керек. Бары-жоктон башын ачып алууну, түбөлүк жайына азат кайтууну самаар...

Күн төбөдөн өткөндө бала учкаштырган абышка чоң тоонун түбүнө жетти. Аркардын мүйүзүндөй оролмо жол менен кадуулай баштады. Аба салкын тарта, жанараак алка-шалка түшкөн аттын тери кургады. Жел жүрсө бетегелер сеңселип күнгө жаркырайт, ага удаа миң дүйүм чөптүн жыты урат. Тоонун жыты!

Демейде көз талыткан бийиктеги жорулар эми алардын тушунда, төмөндө каалгыйт. Дадый бир туруп өзүн ошолордой жеңил сезип, кыялы делбеленет. Ат кайрылыштардан өчөндөй түшкөндө шыпырыла жаздайт да, абышканы кучактап алга жүткүнөт. Ушунда андан ачуу тердин жыты уруп, каршы-терши бырыш чийилген мүйүздөй арык кежигеси, жаргактай кулагы маңдайына тартылат. Кемпирдин жолго чыгаардагы айткан аманатын эстейт.

Абды үн-сөзсүз, ой кучагында. Белгилүү да, ушу тапта санаасында согуштан дарексиз кайтпай калган уулдары — Өмүшү менен Эрмеги да. Өзгөчө өткөн жайдан бери... Абышка уулдарын мурда деле дамамат ойлоочу, бирок анда «непадам бир чет жерде болсо да аман жүрүшсөчү» деп туюк ишенип, ошол оюнан кадыресе каниет алчу. Ал оюн дагы ары улап ойлончу эмес, даа тутчу эмес. А өткөн жайдан бери ансыз да оорулуу жүрөгү убайымдын уучеңгелинде эзилип келет... Ошондон бери ал бирөөлөр менен да анча чечилип сүйлөшпөй, көбүнчө үңкүйүп өзү менен өзү. Абышканын түнт мүнөзүн көпчүлүк оорусуна жоруп койгон.

Кийинки жылдары көп айылдарда согуш курмандарына эстелик курулду. Андай эстелик бул айылда да ала

жазда башталып, жеңиш күнүндө аны ачуу шааниси болгон. Эстелик ачылардан мурун айылдан, райондон чогулган өкүлдөр кеңешип, адегенде майдандан дайынсыз келбей калгандарды эми үй-бүлөсүнө «өлдү» деп биротоло угузууну жөн көрүшкөн. Ошол күнү айыл оор онтоп, эчен жүрөк эски жарасын жаңыртып алган...

Абды ошондон кийин бат карыды. Туруп-туруп үшкүрүнө берет. Көкүрөгүн ичкериден бир от өрттөп, демитип келет деле сыртка да чыкпай көкүрөгүн кыжылдатып зилдете берет. Үшкүрсө саамга жаны жай алат. Буркулдап ичинен күйгөн баарынан өткөн азапка окшойт...

Көбүнчө ал анда-мында жерине эрбейип эрмен, чөп өскөн тамынын үстүнө чыгат да көпкө олтурат. Көзүндө Эки-Бала.

Эки-Бала — маңдайкы тоодогу бийик чокунун аты. Качандыр ушул чокунун түбүндөгү жайыкта жылкы айдап жүргөн эки балага чагылгандын огу тийип өлгөн дешет. Ошондон бери кош чоку Эки-Бала атыгыптыр. Абды мурда бул чокулар жөнүндө, анын маани-жайы жөнүндө атайылап деле ойлонбосо керек. Тек бир жолку окуя түнүлө албай чайналган дилине түтпөс ой салган чокуларды жакын кылган.

Кайсыдыр бир жерде тирүү жүрүшкөндүр деп ишенген уулдарын угузушкан соң, терениндеги купуя ишеними жалганга айланган сайын абышка аза бою үркүп, ага ынабай жүрдү. «Кантип... кантип ушунча жыл көкүрөгүндө уялаган үмүтү, эчен курдай аян берген түшү сая болсун. Жазмыш эрки ушул жолу, бир гана сапар жаңылса эмне болот? Өмүрүн азаптуу күтүү, шоолалуу күтүү коштоп карыткан абышкага тагдыр эми ал көр оозунда турганында бир жолу ырайым кылса эмнеси күнөө, эмнеси чеки?..»

Курган үмүтү, бир жолу ал өзүнүн бет алдындагы кош чокуну бир саам узунду-кыскалы болуп катар турушкан кулундарына окшотуп алган. Сезими сенейип, көзүнө тебилген өрттүү жаштан улам чокуларга да ийрелендеп

жан кирип, эки азамат канат жая аны карай бой ташта-гансыды. Ага удаа кош тамчы соңуна үлүлдөй шорлуу из чийип, абышканын бырыш бети ылдый жылжыды. Кайрадан баары калыбына келди. Мунун баары көз ирмемде болуп өткөндүктөн, абышка бир саамга дал болуп турду. Анан көрүп тургусу келбей, билип туруп билгиси келбей ичи өрттөнүп туз куйгандай ачышып чыкты. Кандайдыр кара өзгөй күчтөр өзүнүн көз алдында уулдарын таш чокуларга айлантып кеткендей күйдү. Колунан жулдурган баладай бозоруп турду.

Абышка ызалыгы тараган соң өзүн бир жерден кармады. Эртедир-кечтир уулдары жөнүндө бир бүтүмгө келиши керектей. Сакалы куудай агында, сапары тутам чагында өзүн сооротко бойдон өтүп баратышы кимге? Ушу аргасыз абалында ал түбөлүк кошоктошуп калган кош чокуну карап отуруп эмнегедир бир кыйбас сезимге жетеленди. Уулдарына окшоштугубу, же ушул чокуга чыкса эле адашкан балапандарын барчындай шаңшып-шаңшып чакырып алам дейби, өзүнө да күдүк, айтор ал жүрөккө бир ырайым кайырган жылуу сезим эле. Дегдеген сезим эле. Неси болсо да ошондо бир баргысы келди. Бирок эми бар чыккан бийиги — ушул тамынын үстү эле. Догдурлар: «Жүрөгүң начар, бийик аба жакпайт» деген...

* * *

...Чалкыган жайыкта билинээр-билинбес кыбыраган жалгыз чекит. Ал — тоону кадуулай кескен жол менен жай өйдөлөгөн Абды. Заңгыраган чокулардан, берегил учунан шамал ышкырган караган, шактардан, мисирейген сокок таштардан баарына кайыл, кайдыгер эпкин урат, туш тараптан думуктуруп кысат. Бирок адамдын да өз тартиби бардай. Абышка көжөлүп акырын бийиктейт. Колотко сойлоп кирген жолдун чеке белине кыркалай арча, четин казыктар кагылган. Бирээри турган жеринде бүрдөп кетиптир, бирээри мезгил мыйзамына моюн сун-

бай, куурабай, али күнчө какчыйып, сөөктөй катып турат. Бул — отун сүйрөткөндө оонап кетпесин үчүн илгерки элдин жасаган амалы. Кез-кез ыктоолордон карарган таш тулгалар, күйгөн дүмүрлөр чалдыгат. Абышкага мунун баары тең эзелтен тааныш болсо да эми эмнегедир башкача сезилди. Көчмөндөр жанараак, анын алдында бул очок боюнан аттанып кайдадыр бастырып кетишкендей.

Абышка өзүн аларга жакын, куйрук улаш барып калгандай сезди. Аттардын изи сууй элек жол аны арылап ээрчитет. Касиетиңден кагылайын сапар жол, адам буртулдаган чаңыңды искей, өмүрдүн калып аткан дабышын тыңшай өзүнө-өзү кайрылып келсе керек. Ал кайрадан ушул жалгыз аяк жол үстүндө уулдары жөнүндө, туулган жер жөнүндө ойлонду. Эсинде ошо илгеркилер айтышчу: «Адам туулганда кош колуна кош түндүгүн чеңгелдеп түшөт». Эми карабайсыңбы жазмыштын буйругун, тууган жердин боорунда уулдарына тирүүлүктүн акыркы зыйнаты — кош түндүк көтөрүлбөй калды. «Кандай алда калды экен кургурлар, агер а дүйнө сапар алышса, мобул жер — суу каректерине тунуп калгандыр. Көксөөлөрү суубай, арманда кетишти го кургурлар».

Абышка жашып алды. Ал жашоодо armансыз, өктөөсүз деп айтарлык өлүм болорун билчү. Эми ою ошого кеткен эле.

Бир аз илгери абышканын жүрөк оорусу кармап, аны чоң догдурлар иштеген калаага алып барышкан. Бычактын мизинен кайткан. Азап жанына батканда, жашоого да кайыл тартканда, ошондо жүрөгүн оорудан он эсе күчтүү башка бир ой сыздаткан эле. Арман дүйнө? Азыр башын бийик жаздап өмүр жашоосу өткөн Кара-Тоосуна беттей жаткырышса, жанында биттейинен биригип, каргадайдан кошулган байбичеси, дарексиз уулдары, ага-туугандары казганактап узатып турса эмне...

Бу сыягы адамдын өмүрүндөгү кыйбас нерсесиң түбөлүк көздөрүнө чөгөрүп, көкүрөгүнө камтый кеткиси келген түтпөс сезими, пенделик далбасы белем. Мүмкүн бул

чын эле адамга берилген эң акыркы бакыт чыгаар. Кулундарына кур дегенде ушу да буюрбаптыр...

* * *

Абышка атты жайына койгон, бир калыпта илкийт. Атам замандан бери мал-жан тынбай каттаган жол чуңкурайып, нугу оюлган. Ат андан чыкпай жол жетегинде. Кез-кез кайрылыштардан тынат. Темингиче кайра илкийт. Бая төмөн жактагыдай оздугун шылдырт чайнап, колду ээрге уруп чөп үзбөйт. Абышка ойлору бөлүндү болбой ээрге кадап койгондой кыймылсыз келет. Ойго алдырган ал карагайлардын башталганын да байкабады. Анан шаалдаган дабыштан улам эсин жыйды. Бул бийикте дайыма айдарым, шамал жүрүп турат. Сезгич карагайлар тобурчактарын чайпап, шаалдаган үнүн баспайт. Көзүңдү жумсаң, куду улуу дайранын жээгинде тургансыйсың. Адегенде абышкага тоо да тереңинен үшкүрүнүп тургандай сезилди. Анан бара-бара бардык жагынан ороп алган өмүр шарпасындай өктөм доош ага өтө жакын, тааныш, ошол эле учурда ыраакы бир аялуу нерсеси өңдөндү. Кандайдыр өтө жакын, алыс...

Бул жерде баары тунук, өз өңүндө эле. Асман чаңкайып, булуту адаттагыдан аппак, шаулаган таза доош! — Түпсүз көктүн үнүбү, кайнаган булуттун канат күүсүбү... Ушунун баарына таандык, орток бир сезим көкүрөгүн тээп калкылдап чыкты. Чыгаарына жол таппай, толуп, бир жээгинен жылжып төгүлүп кирди. Абышка алыстан-алыстан дамамат уулунун элесин күнү бүгүндөй көз алдына чакырган, дилинде кетпей калган, элдин эсинен чыккан эчаккы бир ырды укту.

Кош бол элим... Кош бол жерим...
Кош бол бийик капчыгай.
Балалык кёз сенде калды,
Ойноп күлгөн бир далай...

Абышканын каны дүргүдү. Азыраак каргылы бар балакаттан эми өткөн жигиттик доору жеткен көкүрөк кенжеси-

нин үнү кадим карагайдын шуулдагындай таза, эмин-эркин угулду. Тунук иримге «чулп» этип таш түшкөн сыңары бет алды чыбырчыктап... тааныш сүрөткө айланды. Боз талаа, кыйчылдаган боз араба. Ал тигиндейрээк узап-узабай калпагы күнгө оңгон жалпагынан келген боз бала арабадан секирип түшүп, атакелеп артка жүгүрдү. Балалыгы кагыла элек кенжеси Эрмек эле ал. Ата, бала ажырай албай айкашып турду. Ар киминде бир күйүтү бар көпчүлүк жалгыз ооз сөзгө дармансыз, жардап, теңселип-тегеренип турду. Бала эч нерсе айтпай жал-жал карана берип кайра узай түшкөн арабага далбастап чуркады. Көпкө дейре ырдыбаганга бир колун арта салып, артта калгандардан көз албай кетенчиктеп узай берди. Башкалардай баш кийимин да булгалаган жок. Бозоргон иреңин жаштап, буулугуп ыйлап бараткандыр.

...Сагынарсың, саргаярсың,
Сүрөтүмдү катып ал...

Муңканган обон коштоп, көз жашы көкүрөгүн алиге эзген уулунун ушу элеси улам-улам тартыла берди. Анан канча жылдар кир жугузбай аярлаган элесине кароолонгон так түшкөн учурга кандайча жетеленгенин да сезбеди.

...Имерилиштен үнсүз көпчүлүк чыкты. Үйгө жакындай берип буйдала калышты, анан тосмосун жырган шар суудай кылкылдап каптай берип, «оо-уу эсил боорум» деп жер чайпалта чуу чыгарышты. Качарына дүйнө тар, тагдырдан буйтап кете албай Абды кемпири экөө бирбирин үнсүз түшүнүп, ичтеринен тымып-сыздап туруп беришкен. «Таш тактага уулдарыңдын ысмы чегилиптир» дешкен, даа тутуп бара албай койгон. Ушинтип угузушаарын да билген. Бирок жүрөгү күтпөгөндөй сайгылашып алда кандай бир силкинди. Анан... калың чуунун арасынан кемпиринин өзүнө тааныш да, тааныш эмес да үндө боздогонун, коңшу келиндердин созолонгон кошогун гана укту. Анан баары аралашып кетти. Бир оокум-

да кемпиринин өксүгөн үнү ый-кошокту жап кылып, чыркырап чыкты.

— Кечтим, кечтим сүт акымдан! Ыйдын арты ый, токтоткула! Жатынымды жарып чыгышты эле, мен бейбактан кыйын болуп кеттиби силерге!..

Кулагында жалгыз калгандан ушул калды.

Эртеси эстелик ачылды. Жыйындын акырында ар кимге «Улуу жеңишке 30 жыл» деген медаль тапшырылды. Майданга эки уулун бирдей узатып, өзү оорукта жан таштап иштеген Абдыга да сыйлык тийди. Сезим чыңалган ушу учурда башкалар эмне ойлогонун ким билсин, Абды колдон кушун качыргандай көккө телмирип заманасы куурулуп кетти. Тиштигип, каруусу качкан колу медалды карышып мыкчып турду. Көз алдында араба экөөнүн ортосунда жандалбастап жаадай тартылган Эрмеги арман өктөөлүү келбес сапарына узап баратты...

Ошол күндү эстегенде абышканын көңүлүнө эки анжы ой келет. Кемпиринин саруулаган ыйы уулдарынан чын түңүлгөнү беле, же ошондо өзүн таштап жиберген чалын аяганы беле, алиге түшүнбөйт. Бир туруп бир демде түңүлүп берген кемпирине ичтен таарына кетет. Кайра туруп өзүн аяганын ойлой пейли ийип жумшарып берет. А медалын болсо башкалардай шаан-шөкөттөнүп майрам күндөрү да тагынбады. Кыйлага жанында алып жүрдү. Кай бирде алаканына салып отуруп ойго алдырат. Ошондогу пенделик чабалдыгына табиятындагы башка бир күч каршы көтөрүлгөндөй, медалдын жолжол кызыл чүпүрөгү бир туруп көз алдына бөлөктү тартат.

Апааттуу согуш күндөрү. Колхоздун созулган талаасын жылаңайлак сугарыша турган. Жумшак жерге куурайдай сайылган буттарын тартып алууга кудуреттери жок. Алсыз. Тамандары каршы-терши жарылып, суу турсун жер баспай калышты. Күндө сыйпап ичиргенге кайдагы май. Бирок адамдын бир касиети, тереңинде

акыркы аргасы дайыма катылып жүрөт шекилди. Башына күч келгенде Абды да амал тапкан. Талаадагы калың чийлерди өрттөп жиберип, кызытылган жоон талы менен өз таманын кайырып баскан. Жарылган тери бырбыйып күйүп, кесиктери жабышып бириккен. Жаны өлгөн эт андан кийин ысык-суугун сезген эмес. Жеңиш күткөн тилегиндей кеберсип, шору чыккан талаага күйүк жыт из калтырып, Абды кайрадан бүтпөс ишин улаган болучу.

Абдыга ошондо ал медалды эмес, жол-жолунан кызарып ылжыраган таманын кармагандай, анын чок илеби кайтпай калгандай сезилет. Алакан оту дуулдап чыгат.

* * *

...Абышка ушинтип бир ойдон экинчи ойго көчүп, элестерине чумуп, кайра жол нугуна кайрылып акырын бийиктей берди.

Бир оокумда ал туш тарабын курчап алган доош баягыдан калыңдап, сүрдүү угула баштаганын туйду. Карагайлары жыш черге жетиптир. Күч алып шаалдаган добуш көңүлүндөгү абанга кошумча күч сүрттү. Ыр жердин жумуру денесинен булак болуп сызылып чыгып, бууга айланып, кайра асмандан жерге агылгандай. Барган сайын бардыгын мыйзамына багындырат. Бороондоп сапырылган бул улуу күчкө абышканын тарамыш кыскан көөдөнү туруштук бере албай чатырап айрылчудай болот. Бирок ал өзү да сезе бербей өмүр бою ушул улуу күчтү күтүп келгендей күчөй беришин самап жатты. Ал абышканын дилинде катылган кайсы бир чындыкка улам көбүрөөк окшоп үндөшүп бараткансыды.

Бирок анын эмне экенине азыр да абышканын акылы жете бербеди. Ал жөнүндө ойлонгон да жок. Тек өзүн бүт бойдон ушул улуу күчтүн эркине өткөргөндөй көкүрөгүн көк жайыктай кенен жайып таштап келе берди. Учкаштырган баланы унуткандай, бараткан жумушун унуткандай, сыртынан үнсүз, жан дүйнөсү бүлгүнгө түшүп келе берди.

Акырындап карагайлар сээлдеп, жапалак арчалар көп кездеше баштады. Тоо чокусу жакын калганынын белгиси. Абышканын чепкенинде ышкырып шамал ойнойт. Сеңселген бетеге, дүйүм чөп калып суукка бышкан алысын чөп эпкинге текши жапырылып дирр-дирр. Баш алган көбүргөндөр шуудурап бири-бирине чертилет.

Акыры ал карагай түгөнгөн жайыкка чыкты. Бара түшкөн соң жол «Чоку журт» деп аталчу журтка такады. Аты айтып тургандай эл жайлаган жердин жеткен жери ушул. Жылдызга жанашкан Эки-Баланын чокусу ушул тепкедей жерге таянып турат. Ушул жерден колдоруңду сунсаң кош чокунун борчуктарына илинчүдөй, бооруңа кыссаң болчудай жакын. Бул аймак азыр ээн эле. Абды төштөгү жылжыган булакты карай бастырды. Эл аны Эки-Баланын көз жашы дейт. Түшүп, чанач баштыкты чечип алышкан соң атты каңтарып, тамакка олтурушту. Узак жолдо эзилип келген Дадый көзү көргөндөн кур койбой суроо салат. Бирок эми абышканын жарыбаган нерселерди сүйлөшүүгө көңүлү чаппады. Аны-муну айтып жооп берген болду. Ал ээндикте жалгыз, жападан жалгыз калгысы келди. Мурутуна жуккан айранды этиет аарчыды да балага карады:

— Уйлар суга түшүп, кайра чыгыптыр. Жампалары жаңы. Тетигил кырга чыксаң, наржагы өрүш, жылга. Барар жери ошол. Бастыр ошондо. Сен келгиче мен бир аз кыйшаяйын.

Чаалыккан ат көңүлсүз желип тумшукту имерилгенде Абды кайра төмөн жакка көз агытты. Алакандай жерде айылы чөгүп жатат. Өзүнүн боз тамын издеп көрүп таба албады. Көзү жетпеди. Закымга илээшип кайдадыр көчүп бараткансыган айыл гана бүкүлү бүдөмүктөйт. Өрөөн табы кайта баштаган күндүн сары ыраң нуруна уюп, учу-кыйры билинбей көөлбүйт. Ал ушул тапта жолдогу эски урандыларды мекендеген кары бүркүттү кайра эстеди. Боз жаргак көздөрүн көрдү. Өзүн дагы бир жолу ошол бүркүткө окшотту. Бүркүт чалкалап көктү тиктеген

калыбында элестеди. Абышканын көз курчу кайтса да көкүрөгү ушул бүркүттүкү сыңары тирүү эле. Көңүлү да алда кандай тунук эле. Жүрөгү сыйрылып, ойго алдырды.

Ал өмүрү бошко кеткен бейтаалай өндөнду. Бош кеткени ошол да, үмүт менен жер айдап, үрөн сээп, бапестеп бала өстүрдү эле го. Анан эмне болмок? Уулдарын жетилтип туурдан учурмак, неберелүү болмок, аларга турмуш жайын айтып, эрмектеп, учкаштырып дайыма ала жүрмөк өзү менен. Өнөр бермек... А эмне болду? Гитлер деген бир жезиттин башка салганынан баары тетири айланды. Баары... Үч уктаса түшкө кирбегендей өмүр жашады... Бир жашоосун турмушунда өкүм сүрүүгө укугу да болбогондой азаптуу күндөр, азаптуу ойлор, азаптуу күтүү тебелеп-тепседи. Чыныгы өз өмүрү өзүн кыйгап өттү. Ал андан адашып куу баш карыды...

Жолбун жел абышканын көздөрүнө жаш чакырды. Дагы үшкүрдү, мууну бошоп алсыздыкка алдырды. Кудурет-демин кармап турган акыркы бир күч ушул үшкүрүк менен чыккандай, көкүрөгү жайдакталды. Ал эми күтүүдөн да, үмүттөн да, баарынан, баарынан чарчаганын сезди. Жан дүйнөсү алсырап бүткөндөй. Өзү да тыптыйпыл түгөнгөндөй. Ушул аргасыздыгын биротоло сезиш үчүн бу бийикти самап чыкканбы?..

Дадый али көрүнбөдү. Аны күткүчө обочодогу сеңир ташка чыгып отурмак болду. Жакага кеткендер кечиккенде, мал-салдын дайынын издешкенде айлананы алаканга салган ошол секиге чыгып, жан-жакка серп салышчу. Абышка обдулуп өйдө боло бергенде көкүрөгүнө күч келип, көзү караңгылап оңолду. Беш-алты жан серек кадам таштады. Кайрадан көзү караңгылап, деми кыстыга түштү. Анан... жүрөгүнө миң ач тырмак бир сайылып, капыс бир мыжыккандай болду да, көзүнөн асман көчүп, кулагы чуулдап барып жерге бөктү. Тоо-таш: «Бу бийиктик тамашабы?» деп мисирейип жымжырттыкка тунду. Абышка эс-мас абалында көптөн бери кармай элек жүрөк оорусу башталганын сезди. Оң колу калтырай суну-

луп барып, сол билегин алсыз тутамдады. Мурда ооруканада жатканда ошенте турган. Өлүм менен эчен кур бетме-бет келгенден сезими ага аргасыз үйүр эле.

...Канча убакыт жатканын билген жок. Бир калыпта бүлк-бүлк соккон тамыры гана баамына араң урунуп турду. Тирүүлүктүн жалгыз алсыз белгиси ушул болуп, абышка манжасын кыбыратууга да, курушкан көөдөнүн керип дем алууга да кудурети келбей сүзүлүп жатты. Санаасы гана тыным билбей дагы чаргыды: «Адам өлөөрүндө бир жакка жол жүргүсү келет... Баертең кемпири көрсөткөн астейдил каршылыкты кексе жүрөгү илгиртпей туйган. Жүрөгү сезгени ошолдур... Жол бою келатып өзүнөн мурдагыларга куйрук улаш барып калгандай болду эле, улуу көчкө кошулардагы аяндыр ал...»

Өткөн өмүрү ың-жыңсыз мейкинде жөө тумандай келип-кетип... кетип-келип... самсый берди. Бирде арабаны жандап узап бараткан баланын артынан калбай барат, бирде кең талаада далбастап чий өрттөйт. Бирде шукшурулуп улак тартып, бирде белин жаза чалкалайт да, түпсүз асмандан колундагы орогундай чачырган жапжаш айды көрөт. Сонуркап бүтпөйт. Бирде ылжыраган таманын аяр кармап, кайра жыйылган чөптүн түбүндө Кара-Тоосуна мусапыр көз чаптырат.

Булар демейки элеске окшобой бир башкача тунук, даана эле. Абышка өмүрүнүн ар кайсы учурун саамга кайра жашап жаткансыды. Ошентип сүкүт тарткан тейде өзүнө чөгүп сүзүлүп жатты...

Бет алды бүлбүл мунарыктап барып чайыттай ачылды. Адеп эле кош чоку, асман мөлтүрөп төгүлчүдөй карегине толуп чыкты. Тамыры күчөп уруп, дем алуусу жеңилдей баштаптыр. Кулагында шыбыш тирилди. Жакын жерден «Эки Баланын көз жашы» шылдырады. Ал кыйшайган калыбында учтарын шамал жапырган карагайларды, тектиринде арча салбыраган бодур аскаларды, кыркаар тартып көчүп бара жаткан булуттарды узата карады. Эмелеки бактылуу, азаптуу жашоосу өткөн айылы

тээ төмөндө сагынычтай ысык, санаадай алыс булбулдөп чөгүп жатты. Жапан шамал ышкырып кайыды. Ушу тапта ага түпсүз көк менен түнөргөн жердин чегинде жай бастырып бараткан атчан көрүндү. Жок издеген бала жер уусун билбей тик салып, кайра ыксыз өр беттеп, алдындагы атын да, өзүн да кыйнап баратты. Демейде мындайда ачууга алдырып ийчү абышка эми антпеди. Тек «мейли — деди карт көөдөнү — өзү бастырып, өзү көрмөйүн, ээрге жанчылып, он эки тамыры сыздамайын, адам уулу жол кадырын, мал кадырын билеби?» Бала тоо боорунда бой тумардай илээшип, адашып, айланып жол нугун таап азаптанып баратты. Ушул жансыз жапан ээндикте бала абышканын көзүнө алдемедей жылуу, аялуу көрүндү. Тирүүлүккө бир башкача ырайымы ойгонду... Анан... ал ошол эрбейген караандан бир кездеги өзүн тааныды.

Баягы абан, жол бою жаңырып жан дүйнөсүн эзген абан ээ-жаа бербей көңүл түпкүрүнөн көтөрүлдү. Муңканган абан канчалык күчөп жаңырган сайын мурдагыдай коштошкон ыр эмес, эми өмүр жашоосу калган ушул жерге боор толгоо, качанкы унутулган эне жытына, мээримине кайрадан кабылгандай, бала болуп кусалык эзген көөдөнүн жылаңачтап эркөө, жабыккан дил сыры, калкылдап көчкөн ак булуттан, закымга эриген алыстан бир кыйбасын кайтарып калгысы келген көксөө болуп жаңырды. Бул көкүрөк түпкүрүнө буккан өз абаны эле.

Асман кыйырында көздөн сыдырылган каргадай караан ушул улуу жансыз ааламга жан болуп бүтүп, чексиздиктин бүл-бүл чегинде көз токтотоор жападан жалгыз чекит болуп жылып өтүп баратты.

— Өмүр...— деди абышканын дили жумшак жашып, түбүнө түн, учуна күн жетпеген, арман-топуктун жигинен, жоготуу-табуунун чегинен чыккан сыйымдуу, жөпжөнөкөй, улуу чындыктын босогосуна эми келгендей. Ниетине башка эч нерсе оролбоду. Көөдөнүн жымыратып, жылжып ушул чекиттей кыймыл кирди...

## ӨМҮРДҮН БИР КҮНДӨРҮ...

Өмүрдүн бир күндөрүндө Амантурдун энеси өлдү. Ошондон бир апта мурун небереси Нургүл катуу ооруган. Озуу мурду көгөрүп, деми кысылып, эчтекени сезбей катуу жыгылды. Мектепти жаңы бүткөн чырактай кыз. Ошондо кемпир буркурап боздоп, мойнуна курумшу салып кудайга жалынып зарлап, сулк жаткан небересин үч тегеренген.

— Куу баш кылбай, кудай, мени ал, ичээримди ичтим, жээримди жедим, мени ал, кудай, ал, ал, ал... Садагаң болоюн, сары улагың болоюн, кудай. Ушулардын жамандыгын көрсөтпө...

Анан бир апта өтпөй өзү жыгылды.

Эртең менен төмөн айылга барган, жаңы кемселин, жаңы маасысын кийип, илгерки колдон куюлган ак бөртмө жоолугун салынып алып.

— Энем кылактап жашарайын деген го,— деген келини анда кемпирди оюна коюп, мурда-кийин мындайын байкаган эмес. Анан түштө келип бир чыны чай ичип-ичпей кыңайган тейде кайра турбады. Тегерек дүрбөп калды. Кирип чыгып көрүп кетип жатышты. Кай бир кыраа кишилер кемпирдин эми кайрылып турбасын сезишти. Бирок эмне дешмек. Баласы да, Амантур гана оюна эчтеке албады. Энеси эртең эле бу сасыктумоону боюнан кагынып басып кетчүдөй туюлду.

— Ой энем алтын киши да, өлбөйт азыр, бери болгондо беш жылдык каруусу бар. Мен билем да!

Кирип чыкканга, курбуларына ушинтип токпейил бакылдап атты. Анан ким даап айтат. Бөкөмбай абышка келди бир маалда таягын сүйрөп. Курбу кишилер:

— И, Жыпаркүл, бизди чанайын дедиңби,— деди ал кара күчкө күлүп. Кемпир башын саал имере жалдырай тиктеди да кайра жүзүн буруп кетти. Ал дүрбөгөн элди жактырбай атты. Эшик ачылып киши киргенде көз кыйыгын салат да кайра жүзүн дубалга буруп кетет. «Бирөө-

нү күтүп атат» деген ой тык этти абышкага. Кемпир ырас эле Караколдогу жалгыз кызын күтүп аткан. Жатынын жарып чыккандан калганы экөө — ошол кызы, ушул Амантур уулу. Кызы ичкиликке алдырып жиберди. Анын күйүтү өзүнчө. Ушундан улам уул-кызы экөөнүн арасы сууп калган. А да эчтеке эмес эле, чыдаса болмок, ага кошуп жер куруткан бир арызчы, эгешкен душманына тийип албадыбы. Ушундан соң биротоло каттабай койду. Ал үчүн ушул эле энеси менен канча челкилдешти.

— Сени энем экен деп бир эстеп койбосо, эмне эле желпинесиң, же барганда бир чекең жылып чай ичесиңби деги,— деп тыйып койчу. Учурашып келейин деп өзүнчө жээлигип алган кемпир үч-төрт күн бою абыгер чекчү. «Кудай таалам ата-энени ошондой жараткан, баланын азабына жараткан» — дечү өзүнө өзү. Мына Адам ата Обо энеде эмне, ата-эне болуптурбу, жок. Экөөнүн данегин жарып чыккан бала гана бар. Ата-энени билбей абалы бала сүйүштү. Бала сүйүү ошолордон калган. Ата-энени ошол үчүн ойлобойбуз,— деп муну тээ алмусактан калган өзгөрбөс милдеттүү бир мийзам катары сезчү. Тууруна туура конбой калган кызына кейичү. Мына эми да ал канчадан бери көрө элек кызын дилинде актап аны күтүп жатты.

— Энем өлбөйт, энем өлбөйт азыр, өгүнү бир өлүп бүтпөдүбү, эми жүз жыл жашайт, көрөсүңөр го,— деп кемпирдин көөнүн туйбай, келген элден мурун өзүн ишендирип уулу кирип чыгып жүрдү.

...Бөкөмбай абышка кемпирдин тамырын кармап үнчукпай чыкты. Анан ал келинди бөлүп чакырып алып:

— Аралкан балам, жаман айтпай жакшы жок, канча кылса да күйөөң ичтен чыккан ийри жылан, ага оозум батпады. Сен кабырганын сыртынан бүткөн баласысың го, камылгасын көрө бергиле. Мен кирип чыгып байкап турам,— деп кетти.

Кемпир кийинчерээк өлүмдү көп ойлой баштаган. Айттырбай карп-күрп келээр өлүмгө дайын турууну ойлоочу.

Жети кундүн бири өлүм деп жуунуп, тазаланып... кызын ойлоп...

Бир жолу (Амантурдун «энем эми жүз жыл жашайт» дегени ошол. Андайды ойлоп таппайсың) ооруп Каракол-го ооруканага жатпайбы. Анан палан күнү чыгат деп каттагандан айттырышып уулу ошондо кеткен. Эртеси эле телеграмма! «Энең өлдү, эртең коюлат, кел» деп урулуп-тур. Кошуналар дүрбөшүп, бир бирине айтып чогулуп ке-лип кемпирди угузушат. Эл деген эл да. Чоң энеме кан-тип топо салбай коёбуз дешип кайдан жайдан автобус, үч-төрт жеңил машина чогулуп жөнөп беришет. Чыга бе-рээрде келини эсин жыйып: «Капырай ушунда бир шек бар, телеграмма уруп эле тынчып калышпайт эле, киши келет эле го сөзсүз»— деп анысын айтса, ырас эле дешип, ошондо акылына келишип токтойт.

— Кой дүрбөбөйлү, не бар не жок ар кимиң даяр тур-гула, биз бара көрөлү, непада кабар анык болсо бышыктап тилгирем урабыз кайра,— деди барчулардын ичине шай-ланган Эрмек даалдак.

Булардын түп айлы Боз-Бешик. Турган жерлери Көк-Сай. Шаар сыяктуу жер. Сөөк чыкканда көбүнчө айылы-на алпарып коюшат. Анан ошентип Боз-Бешикке барыш-пайбы. Айыл тынч, өкүрүк-чуу билинбейт. Үйгө жакын-дашса ырас эле туугандарынын короосунда боз үй тиги-лүү. «А кокуй...» деп эле бырпырай түшүштү.

— Ой токтогулачы,— деди аңгыча сакалдуусу Эр-мек,— боз үйгө кадалган туштук көрүнбөйт!

— Айлыңарда теги тынччылыкпы? —деди бирөө өтө берген баладан сурап.

— Тынччылык эле,— деди бала, анан тигилердин алыс-тан келген түрүн көрүп кошумчалады. —Зууракан энем-дин эле ашын берип жатышат...

...Ошол учурда кемпир автобуста термелип үйүнө ке-латты. Амантур аны жылуу-жумшак салып жиберип өзү Зууракандын ашына кеткен. «Жумуштагы кишини бошот-пойт, мага бир жакшылап телеграмма ургула» —деп му-

рун дайындаган өзү. Эми ондой берди болуп, эки иштен бир иш деп энесин тынч салып жиберип, өзү түз ошондо кеткен эле.

Үйү көзүнөн учкан кемпир «баягыларым топурап турушкандыр» деп келсе короо аңгырап ээн. Башынан суу тегеретккен да киши жок. «Булар сообу?..?» деген кемпир заматта далдырай түштү.

Ал кезде небере кыздары апырык-сапырыкка толгон үйдү ыйлап-сыктап жыйнап жүрүшкөн. Аялуу сандык ичи, жүктөр туш келди чачылып үй ичи үч көтөрүлгөн. Эшик кылдырт ачылып оозгу үйдөн ушкүрүнгөн тааныш дабыш чыкты. Боюнан мурда башы кирип келаткан бөкчөйгөн кемпирдин өң алеттен кеткен жүзүн көрүшүп делдейген эки кызы бирдей бакырды. Кемпир да! Анан:

— Өлгөн жоксузбу! Тирилип келдиңизби! — деп басып жыгылган апенди кыздары кемпирдин бетин жашка шыбап, сүйлөөгө чамасын келтирбей шалпылдатып өпкүлөп ыйлап жатышты. Алардын эчкирген ыйы кооптуу эмес кубанычтуу чыкканын көргөн кемпир өзүнө келе түшүп:

— Ой апаңар кайда? — деди алдастап.

— Сиздин өлгөнүңүздү угуп Боз-Бешикке кетишкен,— деди бири ый аралаш.

— Ок! — деп кемпир бир чочуду.

Анан чын эле өлүп калып, кайра тирилгенин билбей турган кишидей кубаңдап акылын алдырып туруп калды. Катар-катар чоң кичине түйүнчөктөр көзүнө эми урунду. «Өлүмтүгүмө» деп аяп кийбеген жаңы кийимдери, жоолуктары, эски-ускулары кошулуп булайып-булайып чыгып туруптур...

Оо арман, кубанычы жуурулган дүйнө! Ошол кечте көп ичинде кыбырап жүргөн бир кемпирдин жылдызы тууп аты ооздон түшпөй, узун элдин учуна, кыска элдин кыйырына аңыздалып тою түшүп жатты.

— Энем эми жүз жыл жашайт! — деп күпүлдөп жатышты алагүү эркектер.

— Энемдин бешик тоюнда ооруган жанды исписайт кылып эле таштайм,— деп чайылдашты кызыган катындар.

Жүздөрү чексиз бактыга тунган кыздары болсо:

— Энем өлгөндөн иттей коркот экен, өңү тимеле чүпүрөктөй купкуу болуп кетти,— дешип шылдыңдап жүрүштү.

Ошол өлбөс кемпир өмүрдүн ченеми бүтүп, саат-күнү жетип эми өлүп баратты. Биринчи түн өткөндөн кийин кемпир оңолуп калды. Жүзүнө кызыл жүгүрүп, оозуна кыйналып сөз кирди.

— Мына айтсам болбойсуңар, энем азыр өлбөйт десе болбойсуңар,— деп кантсе да кечээ куту уча түшкөн уулу эми чындап жетине албай жайдаңдай калды. Бирок бул кемпирдин бой түзөп жатканы экенин али эч ким билген жок. Жалгыз гана кыяр молдо билди. Кемпир байкаса колдору, кулактары жыланач. Сөйкөлөрүн, шакектерин чыгарып коюшуптур. Тарамышында араң илинген билегинде колоктоп, кош эли жазы илгерки уста чапкан күмүш билериктери калыптыр. Жаны-тени менен бир болуп калган таберик тайымдарын эмнеге чыгарып салышканын ал дароо сезди. Денеден жан кетсе темир-тезек эт менен эт болуп чыкпай калат. Муну кемпир билет. Кийимин сыйырып жыланачтап коюшкандай бир сезимден чыйрыгып кетти. Кулактарын сыйпалап өңү өзгөрө түшкөнүн байкаган келини:

— Көп жатканда этиңе өтүп оорутат экен, алып эле салдык,— деди билмексен.

— Өмүрүмчө өттү беле,— деди кемпир эрдин чүйүрүп жактырбай, не ичинде, не сыртында айтканы билинбей. Анан туруп:

— Жаңы боорсок менен тайдын жаш этин жегим келип атат,— деди.

Бир кезде өрүшүндө жылкы күтүрөгөн улуу жайлоонун эрке кызы эле. Кийин күйөөсү да өлөөр өлгүчө ортонун жылкысын бакты. «Ошондогу тайдын эттери»... деп кемпир тамшанып койчу. Анан мунусу тек өткөнүн эстеш

үчүн бир шылтоо сыяктанып ал секелек кезин, келин болгонун, айдың өмүрдүн укурук сүйрөткөн узун түндөрүн бир башкача эргип, кумарланып жомоктой кетүүчү. Дүпүрөп өткөн жылкы канат күндөр кемпирдин купуя сагынычы, кусасы эле...

Жаш эт издеп калышты. Же бу кезде согум сойгон киши жок.

— Ишентур абамдын кудасы келип атты эле, ошолор тайга бата жасап жүрүшкөн,— деди дайыма мындайда акыл табууга маш Күлүйпа келин.

— Алар менен катыша койчу элек,— деп баштыгына кичирээк кийитин салып алып элпек Кумай жөнөп берди. Камыр жууруп, боорсок жасап жиберишти. «Той болуп кеткей эле баягыдай» деп саруусанды уулу.

Жалгыз гана тамырчы абышка бу боорсок кемпирдин кара ашынын башы экенин, жылкынын жаш этин чабагандап булүнүп издеп жүргөндөр анан ушул эшикке кемпирдин кара ашына багыштап өз жылкысын мууздашаарын сезди.

— Сокинге айттырган жоксуңарбы, бир келип кетсе болбойт беле? — деди кемпир келинине үй ээндей түшкөндө.

— Келет, келет, өзү деле учурашып кетейин деп жүрүптүр,— деди келини сыртында жай, ичи сыйрылып.

— Энесиң го, билесиң сен... Сокинден кол үзбөгүлө,— кемпир кардыга түштү,— тууруна конбой калды...

Келини азыр акылы кадимкидей тунук кемпирдин санаасы тынбай турганын туйду. Көңүл улоодон, жубатыпсооротуудан канча бийик, качырбай-куткарбай бетиңе тике келген чындык барын, минтип жоодураган көз болуп жообун күтөөрүн биринчи билди.

— Мобу чоң эненердин керээзи,— деди ал дагы, канча жандын деми-мээри сиңген, карыбаган, аппак билериктерин арык билегинен суудай жылжытып,— Сокинге бергиле, кийин... Амантур өзү берсинчи, айт... — деди тура түшүп. — Таалайы тайкы экен байкуштун...

Аралкан эмне айтаарын билбеди. Кечээ эле алдыртан айттырса да алиге кечиккен кемпирдин кызына, катташпай калган өзүлөрүнө, ыбырсыган көр түйшүгүнө ичтен сыздай кетти. Ушунун баарынан арылган, эми кайып болоору калган чүкөдөй кемпирдин чындыгы аны аруулап турду.

— Алда энең түшкүрдүкү ай... — деди ал азарлана, өлүмсөк саамайын такыясына жашырып жатып алмак-салмак эки көзүнөн өөп алды...

Айылдан тайдын мейиздей жумшак жаш этин алып келишти. Кемпир мүлжүңдөп шашпай жыргап жеди. Соңунан бир чыны карандай чай ичип жаны өзүнүкү болуп жатып калды. Көшүлүп уктап кетти. Түнү кирпик какпай чыккан эл бурч-бурчка бүкүлү кыйшайды, үйү жакындары кетип, башында молдо гана калды дем салып.

Көкүрөгү сак кемпир о бир оокумда кобур-собурдан көңүлгө төтөп жылуу үн эшитти. Үн үн эмес капкара дүлөй түндөгү бир учук нур болуп жылжыды. Кемпирдин тамыры жибиди. Дүйнөсү түгөлдөнүп баштады. Ушул түгөл дүйнөгө чалы гана жетпейт эле. Бирок ал кол жеткен эле жерде, жакын эле, ууз сезимин козгогон, бала сүйгүзгөн, күттүргөн... Анда өзү да бала эле. Капылет кабылган эле. Жомоктун башы ошол болчу. Өмүрдүн улуу шашкесинде мүлгүп калган жайлоо эле. Айылдан алыс ээндикте беш көкүл кыз эки жагын элең каранып, анан жүйрүлө көк шиберге жазы этеги көйкөлө түштү. Ушу учурда тээ аркы белестен топ атчан көрүнө берип кыз кымырыла айылга шыпылдады. Алчактап айыл кыдырып колукту издеген жигиттер дуулдап бая жерден өтө бергенде бирөө ат тизгинин шарт какты. Үкүсү желге дирилдеп кулпунган кундуз тебетей көк майсанда этиет көмөрүлүү экен.

— Уялып саарасын жашырыптыр,— жигит ат жалына оой берип өзүнө батпай тамылжып кеткен. —Болду, унчукпа. Тагдырдын тапканы! Чү де, таанып калалы.

Дүпүрөгөн калың дабыш каптап кирип келген...

...Уктап кеткендер молдонун катуу үнүнөн чочуп ойгонушту. Ал кыркыраган кемпирдин кулагына жакын үнүн бек-бек чыгарып, ыйман айтып жатыптыр. Калдастап бүлүнүп калгандарга, бир ооз сөзүн укпай буктуу болуп, эми уңулдап бараткан кызына молдо буюра сүйлөдү.

— Кудайдын буйругу, ыйлап-сыктап байбиченин көңүлүн түк да оорутпагыла, ыраазылык сурагыла.

Өлүктүн да, тириктин да ээси жалгыз ушул молдо болуп, баары тең анын айтканын кың дебей аткарып жатышты.

— Апа, мени таанып атасыңбы... Мен Сокинмин...

Кемпирди бүт баары «эне» дешчү. Ушул бир сөз, тааныш үн аны жымыраткан сырлуу дүйнөсүнөн бир саам кайырып келди. Көзүн ачты. Купкуу жүзүнө бир заматта кызыл жүгүрдү. Жашарып, кандайдыр нурланып кетти. Эрди билинер-билинбес бүлк этти.

— Мен Амантурмун... —деди уулу да муунуп,— ыраазы бол!..

— Тааныды. Акылына келди. Ыраазылыгын берип жатат,— деди молдо. Кемпирдин көзү не тереңи, не тайызы билинбей, не мындагыларды караганы, не элестерине көчкөнү белгисиз бир түрдүү тунарып турду... Дүпүрөгөн калың дабыш ороп каптап кирип келди. Жол карап кареги талыган кыз көөдөй түндү кашкасы как жарып кирип келген көөдөй аргымакка утур чуркады. Көзүнөн учкан бозоюю эңиле берди. Жагалмайдай бооруна басты. Көпөлөктөй бүт учу жерден үзүлө берди. Көкүрөгүнө бой таштады. Тээ өзөгүндөгү катмарланган оттой куса жүрөк-жүлүнүн өрттөп, оттой үшкүрүк чыкты. Жаны бир демде көшүлүп, өзүнүкү болуп мемирей түштү. Кашка аргымак дуулап өттү. Күлүмсүрөп, шылк ачыла түшкөн ээгин таңа баштады молдо. Үй чайпалып кетти...

* * *

...Сөөк үйдөн чыккыча Амантур анча сезген жок. Майрам сууга алганда эми чындап ажыраарына көзү жет-

кендей жаны төрт чарчы болуп чыкты. Этин ооруксунтуп таңып коюшкандай колу-бутун байлаган жиптерли абайлап чечип, жумшак жерин далдап кайра этиет таңды. Баркыт жабылган табытты алып чыгышып таза шиберге коюшту. Кулжадай, кулжадай абышкалар каз катар жаназасына тизилишти.

— Дооранын Эсенбай молдо окуйт,— деди Амантур элге угуза.

— Доораныңа канча койдуң? — деп сурады Эсенбай молдо шарт боюнча.

— Жетимиш сом.

— Бир эле кишигеби?

Амантур мукактанып калды. Атасын жашырганда ал жаш эле, өлүк ээси болуп көрө элек эле.

— Канча кишиге бөлүнүш керек? — деди ыңгайсыз.

— Үч молдого...

Ал шашкалактап, жанынан дагы ошончо акча сууруду. Мунусу ушу аймакта белгиленген тартиптен кыйла ашык эле.

— Бандеде ката бар. Жаңылбас бир кудай,— деди Эсенбай молдо эл көзүнчө калдастап калган Амантурду жубатып.

— Өзүңүз эле үлөштүрөсүз да, молдоке...

Эсенбай молдо акчаны табыттын үстүнө койдурду. Амантур көп эле сөөк чыкканын көргөн, муну эрен-төрөн көргөн эмес. Эми ал кызыктай ыңгайсызданды. Аңгыча сыдырым жүрүп кагаздын эки үчөөнү жерге учурду. Чөк түшүп окуп жаткан молдо бир колу менен калганын тек капилет басып калды. Топтон үч төрт киши күлүп жиберди. Молдо колун тартып алды.

— Карма, Молдоке, куйруктан ал,— дешкени угулуп калды. Эртерээк көңүл айтышып алагүү болуп алышкандар бар эле. Аны коштоп дагы эки-үч киши күлүп койду. Молдо сүзүлүп окуй берди. Амантур жерге учкан акчаларды кайра ордуна койду. Жел жүрүп турду.

— Таш бастыр,— деди топтон бирөө.

Ал эңкейип таш алмакчы болду эле «эстүрөөк» бирөө: — Таш оор баспайбы, топонун кесеги менен бастыр,— деп түзөдү. Аны ээрчип кесек бастырды. Ушу сөздөр айтылган сайын баягы алагүү кишилер молдого алдыртан тийиштирип сөз айтып, күлүп коюп жатышты. Амантур да, өзү да сезбей, эл күлүп калганда ушундай болууга тийиштей кошо күлүп, бирок кайра бир ыйык нерсеси кирдеп жаткандай, молдонун окуусу өтө эле уларып бүтпөй, ичинен кан өтүп турду.

...Сөөктү да жайына беришти. Дүңгүрөп өкүрүп келишти. Өлүк сыяпаты бүткөн соң Амантурду курбулары боз үйгө алып киришип көңүл айтышты. Бир кезде бул бир жөн салды окуядай сөз жаңкы молдого ооду.

— Сүрөөсүнөн да жаңылтып ийди окшойт түгөттүн акчасы,— деди бири.

— Өлүктүн бар күнөөсүн өзүнө алып окуп атса оңойбу,— деди экинчиси эстүүсүнүп,— мына ушунда билээрсиң пулдун баркын.

— Ме, тиги молдолорго өз колуң менен берип коёсуңбу дейт. Колу араң эле сунулат, бергиси жок. Мейли деп колуму сунуп баратсам кайра арылатып тартып атпайбы, түгөнгүр. А дедим, дароо эле түшүндүм. Өзүңүз эле берип коюңуз анда Молдоке дедим...

О, ыйы күлкүгө өткөн дүйнө! Амантурдун сөзүн жанындагылар карсылдап күлүп коштоп, анын санаасын жайгарып жатышкансыды. Амантур да кезин кетирбей эл деген, журт деген ушу экенин айтып, кандайдыр карыздан кутулуп коюш керектей кошо күлүшүп, ырахматын да айтып шайыр эле. Бирок тамаша айтаарын айтып алып, кайра эле өз дили кирдей берди. Бир чеки иш жасап жаткандай өзөгү сыздай берди.

— Ырахмат, эми мени ушунча... Жо-жок тиги, энемди дегеним, ушунча сыйлап узатканыңарга,— деди ою алагды Амантур шашкалактап.

Эл аягы тарап кеч кирди. Ал саал кызуураак. Ошо кезде эски-уску кийинген бир кемпир келди. Көрөөрү ме-

нен сүйүнүп кетти Амантур. Жетелеп үйгө киргизип төргө өткөрдү. Чаң баскан маасысын тазалайын десе да күтпөй койду, «ал ырыскы, күбүп коюшат өтө бер» деп. Анан алыстан келип өргүп калгаң куда-кудагыйларынын алдында чечекейи чеч отурду.

— Энем бир асыл киши эле да, бакпаган кишиси жок. Бирөөнүн жыртык кийимин көрсө өзүнүкүн чечип берчү... Бу кишини да бакпадыбы анан. Же кийгенден, же ичкенден жок бир карып киши эле да...

«Карып», «бечера» деген сөздөргө кемпир тырчый баштады. Өлөсөлүү кемпир буга калганда өлө намыскөй экен. Амантур сезген жок. Энесинин боорукерлигин, кайрымдуулугун эстеп элжирей берди:

— Көрсө бу кишини уул-келини таштап кетиптир да. Эки жылдай биздин колдо жүрдү. Бастырманын күнөсүнө барып алышып, баладай киринишип... этине бир илбеген жапжаңы ич кийимдерин бу кишиге кийгизип...

— Өтүп кеткен эменин эмнесин айтасың,— деди кемпир жактырбай сыртка тээп өскөн алды-үстү тиштери оозун чормойтуп, ого текебер көрсөтүп.

Амантур дагы эле сезе бербей бажылдап баратты эле;

— Бүт эле эл ач-торук болчу анда, анын эмнесин айткыдай. Мында деле бапырап кеткен оокат бар беле,— деди сөзүн чорт үзүп.

Амантур жалтаңдап калды. — Атам өлсө да атамды көргөн өлбөсүн деген ушу да,— деди сөзүн оңдоп. — Мына эми бу кишини карабайсыңарбы, атайын келиптир угуп. Жолуна бирөөдөн тыйын алыптыр, жарыктык айе... Көңүл айтмакка сомкесине да бир ботелке бийно салып алыптыр. Эми ушунун баары энемдин жакшылыгынан да... Болбосо унутпай келеби бирөө...

Куда-кудагыйлардын кез-кез кубаттаган сөзүнө муюп кемпир асемдеп чай ичип, сыртка тепкен эриндерин кымтып, момурап набаттуу отурду. Бир курбу кишиден өз энесин көрүп жаткандай Амантур асты үстүнө түшүп үй-

рүлө берди. «Алып коюңуз» деп арак сунулду эле «Мейли эми, сообу тийсин» деп алып койду кемпир.

Эртеси ал кетмек болду. Амантур ичи тызылдап энеси эки өлүп аткандай кыйылып турду. Кандайдыр кемпир да кыйылды. Анан:

— Жыпаркүлдү эстеп жүрөйүн, бир эски-ускуларынан калса... — деди саал кысыла.

— А бардыр, бардыр... Э Аралкан, Аралкан!

Шашып сыртка чыккан Амантур аз өтпөй аялы менен ээрчишип кайра кирди.

— Энемки эле, кийилбей эле сандыкта бойдон болчу. Жыртып коюңуз. Эскилерин кызы өзүм жыттап жүрөйүн дейт, — деди Аралкан.

— Эненин жыты кыйын да,— деди кемпир ноюбай, анан жапжаңы кийимдерди көргөндө калдастап жандана түштү.

— Алдыгы маасыны чечиңиз,— деди Амантур шыр буйруп. — Мобуну кийиңиз, жаңырып чыгыңыз!

Кемпир кыйыктанбай дароо чечти. Үстү-башы жаңырып, кебетеси оңолгонуна элжирей түшкөн Амантур:

— Ме, муну чуңкурга эле ыргытып ий,— деп тарпы чыккан маасыны кызына сунганча кемпир жолдон жып илип алды. — Үйдөн кийем, аны жөн кой... — Анан аны асемдеп оротуп, салганга кол баштык сурады. Алактай каранган кемпир эми буерден кеткиче шашты. Ниетинде ушунун баарына дуба кылып коелу, бечаранын сообу бат жетет деп турган Амантурдун ичи муздай түштү.

Автобустан калбайын,— деди өлүмтүктүн өңүтүн тапкан кемпир коштошуп-коштошпой, жамажайы жыйылбай, жүзүндө түк да азаптын белгиси жок эле.

Жетилигине чейин тура турсун десе болбой үй ээси да боз үйүн чечтирип кетти. Эми ал «маймылдай» кемпирди унутуп энесин майрам сууга алган жерди эмне кылаарды билбей бушайман болду. Туруп күйөө баласына акыл калчады. Топурагын казып алып талаага мал-жан баспаган жерге төгүп таштайлы деп бүтүм кылышты.

— Таптым,— деди Амантур кайра, эми эле айтканын туура көрбөй. — Мунун суу тийген кыртышын эле таза кырып шыпырып алалы. Коруктагы кашаанын түбүнө төгүп коебуз. Бут баспайт. Таза да. Бул энемдин эң акыркы жолу денеси жуулган жер да. Ырыскысы да. Аны биз эми алып калышыбыз керек да. Талаага төккөндө ырыскы кошо чыкпайбы. Мал деле баспай койбойт...

Күйөө баласы күрөк замбилдерин шайлап алып ишке киришмекчи болду эле, ал ортодо Амантур аны да эп көрбөй дагы чайналды.

— Токтой турчу... — деди ал дагы. — Анткенде да болбойт экен. Кашаанын түбүн имне, аяк баспай коебу? Ит дегениң да так ошондой жерге ыңак... Шыйрагын көтөрө коюп... — Чекеси тырышып муңая берди. — И де, муну азыр тек курчап коелу,— деди ал капыс кабагы жаркып, күтпөгөн акыл табылып. — Так ушерге өрүк отургузам! Энем өзү да өрүктү жакшы көрчү эмес беле. Тегеретесине көк жашыл кылып чөп айдайм, көлөкөсүнө да отурасың. Болду, болду, ушинтиш гана керек!

Тамга кереги тиет деп сатып келген тактайларын чубап чыгып, дагы кокус айнып кеткенден чочугандай ойлонбой таарып кирди. Сөөк жаткан жерди тегерете жыш курчады. Эми гана санаасы жайлангансыды. Жанчылып чарчаганын сезди. Энеси эс алып олтурчу алма бак бар, ошонун түбүнө чалкалап жата кетти. Ушунда ага бактын бир бутагына асылган эчкинин күзгүдөй тунук, куу башы көрүндү. Аны карап, карап жатып анан капыс көзү каканактады. Ачуу жаш кычыгына чөлмөктөп акпай мөлтүрөдү.

...Эчкилерди баштап жүргөн чоң кара эчки боло турган. Күнүгө бир маал бүт эчкилерди баштап түшүп, жем жыттап алып кайра адырга баштап кетчү. Бир күнү эле канга, топуракка жуурулуп теңселип жалгыз келди. Араңжан. Союп алышты. Ит талаган го дешти. «Төл башы ак малыбыз эле, асмандын башынан ушуга жетип өзүбүзгө буюрганын». Энеси жалынып, жашып жүрдү.

— Ак жолтой эле, ак куюп эстеп жүрөлү байкушумду, чанач сой,— деди. Өзү көргүсү жок, кетип калды. Союп жатып карашса каршы терши ок булуптур, сөөктөрүн талкалаптыр, өпкөсүн таарыптыр ок. Эмики мергенчи ушундай, тоо эчкиден жолу болбой кайтса, жолдогу бакма эчкиден олжо айтат. Бир наалатыга кабылыптыр да. «Ак жолтой эмес беле» деп кемшеңдеген кемпир тулпарын аздектеген саяпкердей башын буздурбай шала кылып кайнаттырып, калжайган сөөгүн бакка илдирип салган. Ошондон кийин эчкилердин тукуму үзүлдү. Үйрүн бузбай жүргөн топ чачырап... чачырап, туш келди бөлүнүп, жоголгону жоголуп, жоголгондон калганын күн сайын ким издейт деп союп аягына чыгышты. Тукумга деп калтыргандары бир күнү такыр башка жакка ооп кеткенби, дайынсыз жоголду, табышпады ошол бойдон...

Ал картаң эчкинин калжайган күзгүдөй башын карап жатып буулугуп жашый берди. Баарынан, ажалдан да калкалаган калкагар тоосу көчүп кулап, баарынан ачык, аңылдап коргоосуз жатты...

Чайга чакырып келген Нургүл уктап кеткен атасын көрүп ойготууга даабай койду. Тереңинен улам тебилген көз жашы чыкыйы ылдый салаа-салаа агылып, бирок жүзү жаш баланыкындай бир башкача бактыга тунуп, дили күлүмсүрөп уктап жатыптыр.

О күйүтү күлкүгө өткөн, өңүн түшүндө тааныган куш уйку-өмүр! Түшүндө энеси жаңы кийимдерин кийип, жаш, сулуу, башындагы бөртмө жоолугу далысына, төшүнө суудай куюлуп, чайпалган чач учтуктары улам алыстан-алыстан күмүш шыңгыр үн чалып, ак булуттай суйсалып айылга кетип баратыптыр...

* * *

Эркектен жалгыз эле. Эгиздин түгөйү эле. Эсентуру үч жашында чарчап калган. Ушу элүү ашкан курагында

эсинде да калбаган ошо түгөйүн негедир көп эстей кетчү. Башынын бир жагы сөлпү, бир кулагы жалпак эле. Баш-ташкан жагыңар да дечү энеси. Ошондон эстөөчү. Кичинесинде балдар шылдыңдаса, ыйлап, ушундай төрөгөн энесине ызаланчу. Сөлпү башы энесинин да тирүү эстелиги болуп калаарын билген эмес...

## ТООДОГУ ЖОМОК

Бу жаш сүрөтчүнүн эрмеги, азабы Эки-Бала боло турган. Кай жерден карабасын кош чоку ага ошончо ар кыл көрүнөт. Мындан карасаң туурасы чыгып жайылып жазылат. Андан карасаң узуну чыгып учу көк келет. Чоктой кызыл альбомунда ошонун баары тартылуу. Бирок ойдогудай бир сүрөттү — жүзүнчүсүн тарта албай келет. Ойдон тартты, дөңдөн тартты, тамдын үстүндөгү чөпкө отуруп тартты. Болбоду. Жандуу чокунун ордуна каткан сенек сызык гана чийилет кагазына. Мына эми кудай берип ошол чокунун так эле өзүнө жөнөп барат. Койдун кезүүсү келиптир, ошого бaратат. Сүрөтчүлүк жосуну — кагаз, калемин куржунуна кошо салды. Керектүү штрихтерди таап калаары ажеп эмес.

Жаз келип ой-тоону колхоз коруй баштаганда майда жандыгы барлар Кара-Тоонун башына конуп-түнөп күз келгиче кезүү кайтарышат. Эмики койчу митаамына айланган. «Бээңи мага кош» дейт, анда элпек. Кеп майда жандыкка оосо «бу калкостун көп коюн карай албай мал менен мал болуп тентийт экенбиз, непаада коюн жоголсо ага-тууган элбиз, арабыз сууп жүрбөсүн» деп эрте эскертет. Көп элдин «ач кулактан тынч кулак» деп кесүүгө чогулуп алганы ошондон. Кесүү Эки-Баланын түбүндөгү конушта. Аерге Сарыгул абышканын эски чатырын тигип алышкан.

Сүрөтчү баягы өз чокусуна суктанып бүтпөй жолдо келет. Ат желсе чокулар да соксоңдойт. Жайласа жай-

лайт. Коктуга кирсе чокулардын жарымы жабылып жапыздагансыйт. Кыраңга чыга калса Кара-Тоо түбүнөн өйдө алаканына чогулуп кош чокусу эмчектей тирсийип көкөлөп, көкөлөп кетет. Тоонун түбүнө жакындаган сайын чоку ар жакка чалкалап барып оодарылды. Көрүнбөй калды. Сүрөтчү эми Кара-Тоону кадуулап жыландай сойлогон жол менен бийиктей баштады. Айлампадай уюлгуп айыл жер түбүнө чөктү...

— Кечиктиң го,— касабанын алдында чепкенин жая салып кыңайган абышка ырайлуу жылмайды,— бүгүн айбашы, эртең айт, жарыкта жетип арбактарга мал атайын. Ушу кезде жыт чыгарабы деп босогомду сагаалап турушкандыр мусаапырларым.

Сүрөтчү куржун баштыгын чечип, жаңы эле көчүк басканда: — Сен карап турба,— деди ал кайра, тетигил боз төбөл күрпөндү кармай сал, мен да эртелейин.

Ал козу кармагыча Абдыгазы эшегин тепейтип токуп, жол камы кылды.

— Жүрү эми чай ичели. Бая эле кайнаган...

Кесүүдөгүлөрдүн бир ырахаты — алмашып жаткандагы чайы. Жакадан келгендин куржуну, тоолуктун «кабындагы кагынчык» аралашканда жупуну дасторкондун берекеси артат.

Абдыгазы сүрөтчү апкелген сары майдан томуруп чынысына салды, нан чыктады. Жазга сакталган карагаттын былтыркы ширесинен илип сонуркап жеп атты. Өзү да жаман күтүнбөптүр. Корго бышкан эт койду.

— Улардын эти, же...

Абышка сунган кестикти алып эттен кыя кесип оозуна не салды, не салбады даамы экенин, жыты экенин билбейт, башы чайыттай тазара түшкөнсүдү.

— И эмне болду,— абышканын жамажайы жайылды, — тилиңди көөмөйүңө тарттыбы!.. Ай балтырканга солоп бышырдым. Бир чети эрмек экен, — абышка жибиген нанды бүйлөсүнөн бүйлөсүнө которуп мүлжүндөп, андамында сөз узатат,— баса мылтык албадыңбы?

— Жок.

Бекер кылыпсың. Улар атып эрмектейт элең да. Сен эми тузак салганды да билбейсиң да, тиги чатырда бир аз чийки эти калды, ошону эрмекте анан.

Абышка уларды тузакка кантип тутса болорун, майынын курчтугун, бир чыны майга бир кап боорсок кебелбей бышаарын, этинин дарылыгын, төтөн төш этиндей беш бармак болбосун кобурап атып чайнектеги чайды соолтту. Сүрөтчү абышкалардын сөзүн сагынып калгандыгын сезди. Буларга кеп баштап кой, болду, а дүйнө бу дүйнөңдү түгөл саймедирейт. Эки дүйнөнүн элчиси.

Абдыгазы бата тилеп, балбаалаган терин сүртүнүп сыртка чыкты. Эшек аркандаган жиби менен көкүрөгүнөн, санынан алып арчындады.

— Кайыр уулум, Кара-Тоону эми саа калтырдым,— эшегине минип чыңк ылдый салды.

«Кара-Тоону саа калтырдым» — кызык угулду. Козу кыйыктанды эле, ыктуу арчындалгандыктан кежеңдеген сайын ошончо илгери кетип өзү чуркап берди. «Булар билбеген балээ жок»,— сүрөтчү бийик ташка чыгып ээрчий карап отурду. Аңгыча узай түшкөн Абдыгазы кайрыла берип кыйкырды:

— Баса унуткан тубайымбы, карышкырдын изин көрдүм. Кыр-кырдан из чалып, короону айланып үн салып кой.

«Карышкыр...» Капарсыз денеси ичиркенип алды. Жөн салды кептей заңкылдап турганын. Баятан ой-тоону бабырабай ошону айтса боло, мындай-андай кыл деп.

Сүрөтчү карышкырдын көркоолугун көп уккан. Айрыкча бирөө жадынан өчпөйт. Эми аны мындайда эстеп бекер... Баятан жанында киши бары алдыртан демөөр болуп турганбы, Абдыгазынын караанды өчөөр замат ушул ээндикте жалгыз, жападан жалгыз экенин алгач сезди. Үч күн, үч түн өтмөйүнчө ушул. Бир короо кой, бир ат, как эткен карга, кук эткен кузгун жолдошуң. Жөн салды «тоо» деп коюшчу сөздүн сүрүн эми ал туюк сезе баштады.

Абдыгазы эчак чыңк ылдый салып кирип кетиптир. Анын карaанын жутуп алган карагайлар күн кечке оогон сайын түнөрүп, шуулдап, күчөп, ийне учтарына салып алышып хор ырдап сүрөтчүнү асманга сунуп жатышкансыйт. Берите тоо-таш кучактап өжөрлөнө бийик беттеген жапалак арчалар. Арчалар чоң касабаны камап келип түбүнөн түгөнөт экен. Жалгыз гана касабанын боорундагы тектирде толгонуп өскөн, айры мүйүз бутактары асман чийген куу арча турду. «Асманга умтулуунун акыры» — деп койду сүрөтчү өзүн алаксытып. Ошол бийиктиктен Эки-Баланын учу саландады. Мөңгү, булут жошолонгон. Күндүн батып бaратканын ойлоп кайрадан жүрөгү ээндеп муздай кетти. Жалындаган апай бетте Рерихтин «Пайгамбарынын сөлөкөтүндөй» көлөкө узарды. Күндөн көзүн албай карап отуруп батырды. Жүрөгү канап, ичи бир кызыктай эңшерилди. Ажайып да эмес, Керемет да эмес, капкара дүлөй түн жерден өсүп чыгып, көктөн агып түшүп, асканы жымырып, капчыгайга толуп, толуп... жымырап каптап, жарыкты жутуп, улуу чокуларды оп тартып, дүйнөнү ороп чулгап дүлөй түн келатты. Эки-Бала күчөп уңулдады.

Нык тойгон койлор иңирдей жылжып короого нубады. Касабанын түбүнө ийрилди. Түндөй үнсүз сүйрөлүп сүрөтчү да таштан түштү. Таш тулгага чайнек асты. Кайнагыча чырак жасамай болду. Кагаз-калемин, шарабын унутпаган тыкан эме сасык майды унутуптур. Аны Абдыгазы келгенде эле сураган. «Чыракта ыпым май калбады, эми караңгы кантип отурасың? — деп насвай салган кол бөтөлкөсүн бошотуп берген. — Ушуну «шайтан чырак» кыл.

Ал Абдыгазы айткандай жасады. Шырмалынын өңүрүн сөгүп, кебез чубап эшти. Сары майдан бөтөлкөгө жарымдап салып отко кактап эритти да, жибин сойлотуп май соруккан соройгон учуна от койду. Үңкүрдөй үңүрөйгөн чатыр ичин күүгүм жарык каптады, адам жайына окшоп мээрим кирди. Өз колу менен ачылыш жасаган-

дай кубанган көңүлү шагдан сүрөтчү куржундан бир шише кызыл шарап суурду. «Чай кайнагыча» — чөйчөккө мөлтүрөтө куюп тартып ийди. Улардын этинен ушул шарапка азыраак сактап койгон, андан оозуна салды. Көбүргөндүн, согондун, арча отундун, туздун даамы жуурулган балгын эт! «Митайым абышка ээй, булар билет. Улардын эти эле эмес үнү да дары адамга». Чоң атасы ушинтип айтчу.

*«Улуу тоого чыккан барбы,*

*Улар үнүн уккан барбы»,* — деп курандын аятын айткандай көмөкөйүнөн күңгүрөнүп койчу жарыктык. Айтымда, муну улуу тоосу жок, улары да жок, тетиги эле Кербаланын кер талаасындагы эл чыгарыптыр. Улардын этин жедим эмес, үнүн уктум деп айтпайт аердегилерге. Эгер мобу жептир дегенди уктубу, ошо саат кескилеп тытып жеп кетишет. Улардын касиети ушундай дечү.

Ал шараптын калганын ичип, этти жеп болду да алымсынбай эпчи жагын карады. Чийки санды көрдү. «Жок, абышка айткандай эртең айбалтырканга солоюн. Муну дичь дейт, деликатес!» Таңдайын так эткизип койду. Тияк-биякты көрүп калган жигит эттин, төтөн мындай эттин кадырын жакшы билчү.

Ачкарын ичкенге ичи ысый түшкөн эменин ойлору ээн баш боло баштады. «Ошол элге Абдыгазыны салып берсе» деди кытылдап, өзүнүн жарпын жазып.

Чепкен жамынып касабанын башына чыкты. Чылым тамызды. Тээ төмөндө, жердин жети катында айыл оттору жымың-жымың. Өзү асмандын башында асылып тургансыйт. Өрөөндүн аяк-башы топ жарык, бүлбүлдөгөн жалгыз жарык... Күндүзгү түйшүгүнөн арылган адамдардын бейкут тынчтыгы. Дүмүрөйүп асмандын жарымын жапкан аркы күңгөй тоонун бүлүң-бурчтарынан жарык күйөт. Атасы жаштыгынын көбүн маалимдик кылып ошо өйүзгү айылдарда өткөзгөнүн айтчу. Апасы да анда баш кошуша электигин, атасы эптеп убакыт таап келип жолугаарын, жыттуу кыпкызыл атыр самын берээрин, бир жо-

лу узакка келе албай калып биреөлөрдөн «чоктун жарыгына окусун» деп актай кат бергенин, жүрөгү дүкүлдөп эл жаткан соң ашканадагы чоктун жарыгына салса бадырайып, бадырайып жазуулар чыкканын, көз боочу го деп корkконун, анан кайра сагынганын, кийин ал сүт менен жазылган кат экенин укканда боору эзилип күлгөнүн айтчу.

Эми, ушул азыр бу дүйнөдө анын бар жок экенин да билбеген, эч кимдин иши жок ээн чокуда жалгыз отуруп алып ошол тоо арасында бириндеп, чачылып жаткан алыскы айылдарды көзүнөн сыдырып отурду. Өмүрү өзү көрбөгөн жердин жарыгына жүзү жылып отурду. Көкүрөгү жибип, тамыры бошоп чыкты. Ошол улуу күндөрдүн бир эсеси болушу керектей элжиреди. Өзүн бир жаркын нерсеге милдеткер сезди. Эмнегедир от атасы Прометейди эстеди. Анын адамдарга от бергенин бүт насыя деген да эл бар экен. Жок! Жок! Жүз миң жолу жок! Прометейди ал эми, мына эми гана сезди. «Көзүмдө эле эмес, оозумда эле эмес (түнүчүндө чылым сорсоң а да бир жылдыз!) көкүрөгүмдө, жан дүйнөмдө жарык от күйүп турганын эми билдим. Сенин отуң, Прометей! Ким билет ушул азыр өзүңө окшоп аскалардын арасында жападан жалгыз отурганым, отсуз жашоо мүмкүн эмесин сезип отурганым, сенин отуң көкүрөгүмдө күйүп жанып турганы, сен деп зарылганым, сабылганым — өзүңдүн өлбөстүгүң чыгаар. Өлбөс-өчпөс Прометей эми менде».

Шараптын күүсү, караңгы түн, асмандын башындагы аскалардын ээсиндей жалгыздыгы, жыбыраган айыл оттору мурда келбеген ойлорду чакырып, көкүрөгүн жымыратып, ал өзүн адамдарга Прометейдей аманат арнап, бейпил өмүрлөрдү бешиктей термеп жаткан келберсиген кең өрөөнгө куттай жаагысы келип ийип отурду...

«Кызык ошол адамдар от берген Прометейин эстешеби?» Чатырына келатып ушуну ойлоду. Касабанын боорундагы куу арча ага эми аскага керилген Прометейдей көрүндү.

* * *

Экинчи күн кечине тартты. Түшкө дейре талмоорсуп жүрдү. Көптөн бери мынча жол жүрө элек эме кечээ атка урунду болуптур. Ага түндөгү шарап да кошул-ташыл түшкөнбү, өлгөндөй уктаптыр. Койлор күн менен кошо чубап чыгып Ак-Талдын белине сабап жетип, жер тытып ошерде жатат. «Аердин чөбү шор, жылбайт,— деген Абдыгазы,— койлор шорсураптыр, тузду эмки кишиден берип иели».

Бешимде койду мөңгүгө такап салды. Суусуну канганда өзүлөрү түштү. Ал арада сүрөтчү кагазына бир топ эскиз чийди. Көңүлсүз иштеди. Гетенин «Батыш Чыгыш диванын» термелеп карады. Жакпай калды. Ашкере акылдуу немис сүйүүдө да акылдуулук кылып туруп алыптыр. Курсагы тойгон койлор ач кыйкырыктан жапырылып түнөгүнө беттеди. Атын шөлп-шөлп желдирип ал да чатырына жөнөдү.

Карагайдын бутактары чартылдап күйүп жатты. Сүрөтчү абышка калтырган чийки эт менен алек. Ал балтырканды муунактап кесип көндөйүнө тузу чакталган этти согон, көбүргөн аралаштыра солоду.

Оозун жел чыккыс тыгындап, корго ыргытып койду. Эт эми өз чыгына эзилип бышат.

Түтүк анда-мында «пырс-пырс» этип чыжылдап ырдай баштады. Ага отко асылган чайнектин ыры кошулду. Дүлөй түн. Очоктун «ыры»... Жер кайсы, асман кайсы жиги жоктой, көөдөй кара. Көз уялтып коломто гана аппак. Капыстан эле койдун чети «дыр-р» берип токтоду. Жүрөгү болк этип алактап кетти. Койлор турган турган жеринде элейип тынчып түштү. Бейсанаа отурганда. Ойноок жүрөгү токтоно албай күчөп түрсүлдөдү. Эмнеден үркту? Жөн эмес. «Адам туйбаганды айбан туят». Жөн эмес. Түйшөлө баштады. Касабанын бодур бетинде карандап көлөкө ойноп жатты. Көңүлүнө бир коош түштү. Кайдан жайдандыр пайда болуп, тырмак тумшугун жеңине жа-

шырып, үлбүрөгөн оттой сулуу кыз эт сурап жылып келаткандай болот. Прометей да эми колдорун арбаңдатып бакшыдай от жакалап бийлеп кирди. Көлөкө менен кошо бир аякка, бир биякка кыйраңдаган кызыл аска сүрөтчүнү айланта тооруп ыржалаңдап күлө баштады. Эсине карышкыр түштү. Түшкөндө да баягы кабыргалары кыржыңдаган жылаңач карышкыр түштү. Укканына канча болду дейсиң, бирок жадынан түк өчпөйт. Тырмагын терең матырып алган. Аны жылкычы агасы айткан. Эми ошол эрксиз эсине түштү.

Бир курдай кар калың түшүп жылкыга тийген карышкырлардын бири кар малтап узай албаптыр. Карыса керек. Жылкычылар тегеректеп тирүү кармашыптыр.

— Муну жырткычтын сырттаны дешет, тирүүлөй терисин сыйырса кыңк этпей чыдайт имиш,— деп калат бирөө.

— Жок, терисин сыйрып тумшугуна жеткенде бир каңк этип өлөт дейт.

— Өлбөйт, чочоюп отуруп алып, улуп-уңшуп туруп анан өлөт экен.

— Анын эмнесин талашкыдай, көзүбүз менен көрбөйбүзбү. «Мындан жөнөкөй эмне бар эле»,— дегендей дагы бирөө ушинтиптир.

Бозого алагүү, эриккен эмелер дүр-р коштоп, беркиэкөөнү мелдештирип жиберишет. Кандим эмелер оозуна камчы салып кемечтей коюшат да буту колун керип түрүүлөй союп киришиптир. «Каңк эткен да, кыңк эткен да үн укпадым, байкебай», деген агасы таң калып, анын ошондогу алайган кебетеси күнү көз алдында, үнү кулагында:

— Каңк эткен да, кыңк эткен да жок, байкебай, ичинен ыйлаган адамдай жанды эзген бир үн тетиги эле тереңинен уңулдап чыгып, мобу алкымына келгенде кыркыракка өтүп жоголуп атты. Бастайт да, кайра күчөйт. Анан терисин сыйрып болуп тургузуп тыштадык. Карышкыр мас кишидей башы ооган жакка кетип теңселип жүрдү. Бу териси жогу кызык экен, кысталактын, оозу ылжайып

ыржалаңдап атқансыйт. Боорубуз эзилди. Кабырылып баскан сайын кабыргалары кыржаңдайт. Чычаңы чатына таяк сайгандай серейет. Көзү гана кутургандай канга толуп чыкты. Мактаган иттерибиз...

Ошо жерден чоң атасы чыдабай кеткен, бапылдап кызып бараткан эмени олуй карап:

— Кудайдын батасы тийсин, кудайдын батасы тийсин, сага каапыр,— деп төшөгүнө кырданып кеткен. —Айтпа, куттуу үйгө айтпа! —Мүйүз сап таягы ооруп калгандай титиреп турган. А күнү кечке жаны жай таппай жүрдү. Туруп, туруп кобурап алат: —Кудайым жан макулугун жаратканы ар бирине өз насибин буюрган. Жети күнү жерден, жети күнү желден...

— Айта берет да эски динчил киши. Макул карышкырды мен аяйын, мени ким аяйт.

Агасы актангандай чоң атасына угузбай ушинтип койгон.

...Кызыл аска жылаңач карышкырдай кабыргалары кыржыңдап көзүнөн кан агып, заар агып үстүнө кулап түшчүдөй теңселип тооруй берди. Эми ырылдаган шамал, уңулдаган чоку, суу да, баары өчтү. Коломтонун ыры өчтү. Не ыржаңдаган жинди күлкү, не бозого тойгон бейжай каткырык—ушул гана калды. Бул азезил каткырыктан жиндиликке чейин бир эле кадам, бир эле укумдай. Сүрөтчү эми аны чагылгандай сезди. Аскадан кадимкидей качты. Чатырына корголоду. Шамал май чырагын бийлетип алыптыр. Чатырдын ичи караң-караң, этектери делпделп. Көчүк басып олтурду. Көңүлү жайлангыча болбой койлор кайрадан «дыр-р» берди. Алактап... Кандай болгонун өзү билбейт, бүкүрөйүп, бирөөнү каршы алчудай карышып, тизелери титиреп туруп калыптыр. Ушинтип туруп калганын гана билет. Денеси калчылдап сыртка атып чыкты. Жууураттай уюп тынч жаткан кой асканын түбүнө бир ууч болуп ыгыптыр.

— Чоой. Чоой!

Түн жарылды. Өз доошунан кандайдыр кайрат алды.

Тынч эле сыяктанат. Неден үрктү? Карышкырдан жыт алдыбы? Отту улуу жагыш керек. Адеп эле ушу ой келди. Өчүңкү очокко куу бутактан үйүп жиберди. Мындай караса биякта жарыбагандай отун калыптыр. Очоктогу от дуулдап, айлана заматта аппак тартты. Койлор турган ордунда жарыкты эш тутуп, көздөрүн жапжашыл кылып жамырап тиктеп турду. Ыргыган чок караңгы тилип ийсеңдейт. От күйүп бүтүп баратты. Эми калган бутактарды үстүнө таштады. «Мына бу да күйүп бүтөт, анан шыйрагымды жагамбы? Мына сага көзүңдө от, көкүрөгүңдө от! А да жөн от эмес, Прометейдин оту! Көкүрөгүңдөн мурда коломтоңо, коломтоңо от керек экен! Жат эми от болуп».

Сөгүнүп, оттун жарыгында тегеректен куу тезек чогулта баштады. Күндүз карагайга түшүп барып отун өңөрүп алгандан эринип койгон. Бүгүнчө жетээр деген. Бир кезде катуу нерсеге чалынды. Казык! Буту ооруганын сезбей сүйүнүп кетти. Бир эки тээп бошотту да ычкынып сууруп алды. Мүйүздөй кургак, жоон четин казык экен, издеп көрүп дагы төрт беш казык сууруду. Жүрөгү кабына келди. «Жетпей баратса чатырдын казыктарын алам, эртең жаңыртып коём». Бу акылы да кубат берди.

Отко салган казыктары жаңы жалындап күйүп келатканда койлор жана үрктү. Бир ууч болуп аскага кептелди. Сүрөтчү аюудай бакырып турду. Кайра кулак кескендей тунжурай түштү. Ушу тапта ат чыңырып кишенегендей болду. «Карышкыр». Бу саам ал карышкыр жакын экенинен эч шек кылбады. Ойлонуп үлгүргөн жок. Көз ирмегиче «жарк» эткен чагылгандай бир туюм гана бирөөнүн атын араң сурап алышканын, кой элдики экенин, өзүнө жардамга келээр өзүнөн башка эч ким эместигин, коркууга акысы да жогун, ал турсун... «жашоо» деген кылтылдаган таразанын, бир тарабы карышкыр, бир тарабы эми өзү экенин сезди. Кызыл аска, дүлөй түн, тоо, карышкыр, баары, баары муну уйпалап, жеп тытып салмакчы болгонун маңдайына жарк эттирип тартып өттү. Жалындап күйүп чыккан казыктан экөөнү сууруп алып

төбөсүнө кармай койду. Тажаал чаңырды. Ушу учурда анда бир чечкиндүүлүк пайда болду. Кыйкырып, өкүрүп, итче арсылдап, кырга жөнөдү. Адам уулу не деген добушка эгедер эле! Өз көкүрөгүндө не деген кудурети күч үндү алып жүрбөйт эле! Кабыланды калтыратып, как ибилистин өзүн кан сийгизген заар каткырык, айбат үн жанардай бүркүлүп, бирде аркырап, бирде шыркырап, кээде уңулдап киркиреп кара түндү титиретет. Колундагы кош чычала диркирейт. Шамал канча үйлөсө ошончо чоктонуп айлана кызыл жаян. Шерденип алды. Бир оокумда «балпп» этти да айлана аппак тартты. Сүрөтчү өзү чочуп кетти. Ошол замат сүйүндү. Казыктарын байкоос кайчылаштырып алыптыр. Ажырата койсо жалп өчөт да себеленип чок урат. Шырылдатып түндү эритет. Кайчылаштыра кармаса от жалбырт жанып дирилдеп, дирилдеп жалын үзүлөт. Ал өзүн от чачкан ажыдаар сезет. Айланасындагы кызыл аскалар карандап көлөкө ойнотуп оойт, кыйрайт, кайра турат. Чачтарын селкилдеткен мастан кыздардай серпилип гүү-гүү түшөт. Тоо-таш титиреп дүңгүрөгөн үнсүз күлкүгө тунат. Кайып качтыбы, кайберен үрктүбү шыгыр-шыгыр шагыл агат... Үнү зоого кабышып алыстап, алыстап аягы тыйылаарда жапайы жаңы бир айкырык аны өчүрбөй улап кетет. Улам күчөп жан кечтиленген доошу, эми да бир аздан соң анын өзүн ибилиске айлантып кетчүдөй болот...

...Аркандалган аты оттобой туруптур. Аман соосун көрүп сүйүнүп кетти. Чычаласын обочо таштап арканын чече баштады. Четин мал оозундагы бетегесин күрт-күрт чайнайт да кулагын кайчылаштырып алдастаган капчыгайдын шоокумун тыңшап элтейе калат.

Бир топтон соң өз жайына келди.

Прометей бүлүнгөн уулуна кайдыгер, аскада зыңгырап керилип турду. Жай күйсүн үчүн колундагы казыктарын чоктуу күлгө матыра сайды. Буйруксуз ашка айла жок, эти күйүп бүтүптүр. Кейиген жок. Өзү эт болуп атса... Бир ыптасы жайыла тартып четинен жуушай баштаган

койлор капыс эле кайра үркту. Ал кайра атып турду. Нан кескен бычагын мыжып, караңгыны как жарып жаны чыккандай жана бакырды. Кайра баары тынчыды. Эч эчтеке болбогондой. Түн эрмеги үчүн эле бирөө ушинтип ойнотуп жаткандай. «Ошентсе эле кана. Ойнотуп атса эле кана. Таң аткыча тажабай куурчак болуп беришке даяр элем. Оюн эле болсо кана»...

Чет жакта соройгон ташты жыттагылап турган козу капыс эле үркүп берди. Бири үрксө миңи дүрбөгөн айбан мал аскага соктугуп токтоду. Сүрөтчү эми гана очоктогу жалын чайпалган сайын тегерегиндеги соройгон таштар көлөкөсүн кош аяктай туш келди секиртип, койлорго «тийишип» атканын көрдү. Бу чын эле оюн экен. «Туй энеңди...» туталангандан сөгүнүп жиберди. Кимди дейсиң, куурчак өзүн эле сөктү да. А куурчак кылып ойноткон ким болду? Тоолорбу? Карышкыр сойгон агасыбы? Өз мүнөзүбү? «Булар бүт эле каапыр. Акыр замандын баласы» деп тилдечү чоң атасы ачууланганда.

От өчтү. Кой да тынчыды. Баары бир санаасы тынып уктай албай койду. «Балким чын эле карышкыр келгендир, оттон качкандыр. Балким башка да бир нерсеси бардыр...» Түйшөлүп атып таң каракчысында гана азыраак тук этти.

Эртеси кечээгидей кой соңунан ээрчиген жок. Үстүңкү кыр жолго салды. Карышкырдын изин чалмак болду. Канча караса да из көрбөдү. Бирок башканы, Абдыгазынын улар камагын көрдү. Эрикпей иштегенине таң калды. Баланын эле ойну. Арасы үч-төрт саржандай жерден эки канат кылып узата таш тизип баштаптыр да баш жагын куушуруп отуруп үч төрт жерден улар өткүдөй муунак жасаптыр. Тузактарын ошол муунактарга коюп, учун туштарына кагылган казыктарга бекитээрин боолгоду. Билбеген киши биякка шайтандын кызы ойноптур дегидей. «Абдыгазыныкы деле оюн бейм. Тоонун башында томурандап баладай таш тизип алектенип жүргөнүнөн элестетти.

Жамажайын жыя албай бейсанаа жадыраган абышка ага чын эле жаш баладай сезилип жатты. «Митаам абышка ээй» деди дагы бир ирет ага таң калып да, элжиреп да.

Күн көтөрүлө баштады көз уялтып, тоо койну тынч. Табият абалкы кейпинде кирсиз чаңкаят. Түндөгү жоругу эми ага биресе түштөй сезилип өзүнө күлкүсү келди. Өлөсөлүү абышканы деле желмогуз жеп жутпаптыр. Абышканын бир сөзүн эстеди азыр: «Кара-Тоону саа калтырдым» деген коштошуп атып. Кызык, ошол жөн салды кептен ал өзү үчүн көмүскө — өзүнчө маани таба баштады. «Кара-Тоону каныма сиңирип жашатып кала алдымбы. Ага даярмынбы?» деп ойлоду. Өз оюна жооп берген жок. Жалтайлады. Түндөгүсү ал, саман өрттөнсө Самарканды жоо чапкандай бүлүнүп...

Койлор кечээгидей эле Ак-Талдын белинде кумайдын сейрек эжигей чөбүн бырт-быртүзүп, тегеренип оттоп жүрдү. Сүрөтчү мөңгүдөн томуруп келип таштын көңдөйүнө арча жагып чай кайнатып ичти. Кызыл демделген чай, арча жыты, кыр шамалы көңүлүн тазартты. Сүрөт чийгенге киришти. Кызуу иш үстүндө бир кубанычка чөмүлдү. Тартканына эмес башкага кубанды. Илгеркилердин көрөгөчүнө кубанды. Алмусактан бери эл жайлаган бу эски тоодо не деген гана жер аттары жок. Мындай карасаң бир эки сөздүн башын осол кошуп койгондой. Бир эки эле сөз болгону, а тереңи... Жакын аталарынын бири каза болгон. Тим ата дешчү. Соңку кездери маркумдун каралуу сүрөтүн ак шейшепке тартып сөөктүн тушуна илип коюшчу болду. Анын «башпуртка» деп түшкөн кол башындай сүрөтүн карап отуруп акыркы азалуу элесин ак болотнайга түшүрүп аткан. Бир караса эле кермеден тирүү адам тигилип турат, денеси дүр-р этти. Өзүнүн тирүү атасын тартып салыптыр. Өчүргүчө шашкан. Денеси өлүп, көмүр кармаган колу калчылдап... Капыс ыйлап ийген. Качандыр бир... качандыр бир... качандыр бир (айтпаска айла барбы, дебеске чара барбы) өз атасынын

да сүрөтү куу чүпүрөккө ушинтип тартылчу күн келерн мээсин муз салгандай какшаткан. Сезими чымырап, саамга өлгөн. Адамдын кайтышы ал — Ай, Күндүн өлүмү экенин ошентип сезген. Ар бир адамды ыйлагың келгендей сүйгүсү келген. Айы, Күнү карыган Тим атасынын кайталангыс ыраңын ал ошентип аяп, азап чегип жатып тапкан. Кайра ар бир бырыш меңин этияттап чийип отуруп араң окшотту. Ошондо ал мурда өзү элес албаган экөөнүн окшоштугун, эки бир туугандын таң каларлыктай окшоштугун туйган. «Мезгил сыртыбызды бурмалайт экен, тегибиз өчпөйт бейм»,— ушундай ой келген.

Эми мына бул тек ойноп айтылгандай жер аттары да Тим атасындай чын касиетин сыртында эмес, тереңинде, бир караган көзгө түшө койбос тереңинде катып турганын сезди. «Кемпир ташты» кагазга түшүрүп жатып сезди. Чулу асканын арсак-терсек миздери кагазына көчкөн сайын мурду, ээги, аттиштей кабышкан кемпирге окшой берди. Көккө зымыраган чокусунда чак түш чаңкайып, куркураган түпкүрүндө түн жаткан көк заңгел аскалардын арасында таруудай адашкан пенде жаңылбай мына ушундай көрүшү үчүн ага бүркүт учкан бийик керек, бүркүттүн көзү керек! («Бүркүттүн томогосун кандай алдың, жер ошондой топтомолок ирмелип алаканына келет, көзү кайнап турганы ошол». Түкбаш деген эски бүркүтчү ушинтип айткан.) Азыр алар мурункулар тоосун бүркүттүн чаар кум учкан көзү менен көрүшкөнүнө ынанып, кубанып да, таң калып да жатты. Түндүк-Алма, Казан-Кудук, Бок-Каймак, Куш-Мурун, Эки-Бала... жердин өз үнү, өз терени...

Сүрөтчү күңгүрөнүп иштеп жатты. Эми эмне тартпасын ар биринин терендеги үнүн уккансып жатты...

* * *

Күн бешимге оогондо ылдыйтан атчан көрүндү. Сүйүнүп кетти. Киши карaанын сагынып калыптыр. Тааныса Бакболот.

— Келдим,— деди ал,— туз апкелдим. Сенден кийин биздин кесүү экен.

— Эртең бүтөт да.

— Э, анын кеби бар. Бир күн болсо да акоотчулук кылбаймбы.

Түшүп жайланган соң ал ачылуу альбомду барактады. Көргөндөн шуудуратып бүткөнү бат.

— Мобул эмнең? — деди анан бүшүркөй.

— Абдыгазынын улар камагы.

— Эмне?.. А кандай улар ушуга камалып калган?

— Экөөбүз ай талаада калсак ачка өлмөкпүз. А булар термелеп жашап кетет. Чөптүн тамырын жейт, илбээсин тутат. Биз билбейбиз.

— Анан Абдыгазы билеби?

— Билгени ушул да, боюнан саал бийик коргон кылсаң секирип ар жагына өтпөйт дейт. Канаттуунун анты экен. Өйдө оттогон улар бойлоп отуруп мобу муунактардан тузакка илинип берет экен...

— Ошол элеби? Шаарда жүрүп бирдеке билген экен десе кайдагы абышкага сыйынат. Мелдешсең мен бирди эмес, бир мүшөк улар кармап бербеймби. Күлбө, күлбө... Мылтык да албайм, салып кеткенге бир мүшөк, анан бир дүрбү алам.

Тигинин ишенбей күлгөнүн көрүп Бакболоттун бүйрү кызыды.

— Уларың элеток,— деди ал. —Жаңкы көк спирт бар го, денатырат. Ошого буудайдан салып эки үч сотке көптүр. Анан мерчемдүү жерлерге себелеп ташта. Болду, алыстан дүрбү салып жата бер. Оттоп отуруп барат. Эки үч чокуп эле көзү аңтарылып тырая берет. А соолуккуча кайда. Текши сулаган соң барып башын жулуп мүшөккө сала бер. Бирди айтат, боо түшүрөсүң,— ал жарпы жазыла жыргап күлдү. — Өлгөнүн да билбейт, кыйналбайт. Кыргоол, кекилик, чилди да азыр ушинтип кармайт билсең.

Сүрөтчү мындай укмушту уккан эмес. Дабдырап кал-

Ичинен бирдемеси үзүлгөндөй кан-жини аралашып тугуп кетти.

— Кой кеттим,— деди ал анан атынын ээрин оңдоп,— кечки акоотко үлгүрөйүн. Эликтер эми салкында чыгат.

Сүрөтчүгө бу баягыдан да катуу тийди. Ушу кезде кантип... Жаңы төлдөп бүтсө.

— Ошонусу кызык да. Башка учурда жалгыз кишиге аттырабы? — Ал колун оозуна такап көмөкөйүнөн «чыйк» ышкырды. — Чаарчык ушинтет. Мылтыгыңды окто да өңүп жата бер, ушинтип койсоң улагым деп жаны чыгып жетип келет. Иттей баласаак. А сен кыхх, анан кыхымы! — Кекиртегин туурап койду.

— Барып турган тоок сен экенсиң! — деди эми сүрөтчү кээри көөдөнүн тээп. — Атасы өлсө да ноюбаган бир санаасыз эл болот.

— Анткорсунба, шорду сен деле сагынгандырсың, атсам шыралга берем,— деди ал жанагыдай мадырандап. Бастыра түшүп кылчайды.

— Атпай калсам эртең таңкы акоотко калам. Күтпө. Туз чатырдын артында!

«Ошо туз урсачы сендейди».

Кулагына чоң атасынын саруулаган үнү угулду:

«Кайдан, кайдан жүрүп мынча кайырдин болуп кетет пендең, садаган кудай!».

* * *

Үчүнчү күн да кечине тартты. Койду короону карай каптатып коюп жатагына жөнөдү. Жолдон капчыгайга түшүп какжыраган арчанын дүмүрлөрүнөн өңөрө келди. Тезек чогултту. Бүт дүйнө көргүдөй, бүт Кара-Тоонун карышкыры качкыдай, өмүрү эстен чыккыс майрамдай дуулдатып улуу от жакса болот эми! Күндөгүдөй от жагып чай асты. Уюган сал туздан короонун ар кай жерине таштады. Кой этегинен бириндеп чубады. Бышкырып туз жалап жатышты. Жайыттагылар да дыркырап оюн салып

түштү. Очоктун жээгинде олтуруп кечки чайын ичти. Колундагы чынысынан денесине жылуулук тарап, бейкут кечтей бейпилдик кирди жанына. Эшилген кыктын коңур ис-жыты, карагайдын, арчанын түтүнү жуурулуп, ыраакы бир бейсанаа турмушка жетелейт, кайдагы бир көчмөндүн канын тутантканcыйт... Ал эми өзүнүн тереңин ойлонду. «Кара-Тоону саа калтырдым». Дамамат от жакалап коломто кайтарып отуруучу чоң энеси, аккан суу, чыккан чөптөй күнөөсүз жашап өткөн чоң атасы көз алдына келди. Өзү элестете да албаган, чоң атасы самырдай какшап үйрөтө берүүчү жети атасы Дыйкан, Сарбагыш, Кыдыр, Эсенгелди, Кошуке, Токчоро, Алагар... көз алдынан чубай берди. Булар ал үчүн тек ысым эле. Аларды асканын, тоонун, карагайдын, арчанын кебетесинде көргүсү келди. Жагымдуу кыялына жаш баладай бат алданды, атайын алданды. Аскалар аталарындай эңилип, жер алаканына салып турушту. Алардын демин сезди. Бул өзүнчө эле жомоктой абал эле. Ал жомок ааламынын босогосунда тургандай сезди өзүн.

Адам бир улуу, жаркын, аруу нерсеге кабылганда пенделиги үчүн кечирим күткөндөй, майдалыгынан арылгысы келгендей бир ырым иштегиси келеби... Ал муну алгач аскерден туулган жерине келгенде сезген. Түнүчүндө келди. Жүрөгү көөдөнүн жарып кетчүдөй ургулап, эмнегедир айылга жете бербей түшүп калган, жөө бармакчы болгон. Эмне үчүн экенин алиге билбейт. Ошондо адеп эле үйүнүн үстүндөгү дөбөдөн кара шаардай көрүстөн көрүндү. Жаңы жылдын түнүндөй сансыз миң жылдыз самсаалап жаап туруптур. Нес болгондой кадамы буулуп, саамга катып калды. Анан ушул турган жеринен жылбай туруп кандайдыр бир ырым иштеш керегин сезген. Бирок эмне ырым иштешти билбей эле, өз билгенин иштеген. Чөк түшүп жер чеңгелдеп жыттаган, анан жеген. Дубал чукуган балтыр бешик баладай ууртунан топурак агызып кумарланып жеген. Алкымын зил өрдөп: «Ошондо өлүп калсам кандай гана бактысыз болот элем,

ıдай гана бактысыз болот элем,— деп ыйлап жибер-
. ı. Эли, журтун сагынып бук болуп жүргөн күндөрдө бир курдай катуу ыза көрүп, аз жерден өлүп ала жаздаганын эстеп, эми өлсө арманы жоктой, бир сөзүн кайра-кайра кайталап, муунуп ыйлай берген. — Кандай гана бактысыз болот элем...»

Ушундай ырым болобу, жокпу, кийин эч кимден сурабады. Көндүм турмушка өткөндө ал сезим да жоголуп кеткен...

Мына эми ошол сезим кайрылып отурат. Очок жээктеп Адам атадай жапжалгыз отурганында эски малдай көзүн жашылдантып кайрылып отурат. Андагыдай алкымы былкылдап көздөрүнө жаш келди. Акылы али жетпеген, көкүрөгү айныбай туйган жаркыраган бир жаш ааламга өзүн өтө жакын, жакын тургандай, ага мына эми жанашчудай, мезгили жеткендей сезимге өрөпкүп жатты. Отту тиктей отуруп андагыдай бир ырым иштегиси келди. Чоң энесин кайра эстеди, оттон улам эстеди. Жарылган манжаларына эчкинин майын эритип тамызып, тамырдай арбайтып очокко кактап отурчу. Ыраматылык коломтонун боюн бейиштин босогосундай таптаза кармай турган. «Сен укта, мен от кайтарам,— дечү небересине.— Коломтонун жээги таза болсо, келип периште ойнойт, ыпыр-сыпыр болсо, шайтан уялап толуп алат»,— дечү. Өмүрү өткүчө шайтан-шабырды шыпырындыга кошуп отко жагып жүрүп өттү.

Ал суу төгүлүп, чай төгүлүп, отко какшып тапталып болгон коломтонун жакасын мизилдетип шыпырды, ыпыр-сыпырды чокко таштады. Жүрөктөй жерден, жүлүндөй түтүн созулду....

Байкаса чоң атасы да, чоң энеси да өзүлөрүндөгү бир улуу отту астейдил таза сакташкандай...

А өзүчү?

Өз суроосуна өзү дагы жооп берген жок.

Эмнегедир ушул тоого келгени өзүнүн бир да суроосуна жооп бербей тайсалдап атат. Эми да жооп ордуна

агасынын, Бакболоттун мадырайган кебетелери маңдайына калкып келди.

«Мындан теги кутулбайсың го» — деди бир үн тереңинен.

«Анткени, сен да ошонун бирисиң!» Капыстан бетке чапкандай экинчи үн чыкты.

«Жок, мен сенин бар экениңди, болгондо колтугумда жүргөнүңдү билбепмин десең...»

«Акчыланба, сен менин колтугумдун жылуусунда жан багып жүрдүң, анан кайдан көрмөксүң. Баса, сенде бүркүттүн эмес, таранчынын да көзү жок да!»

«Жок, жок, мен алардан ыйманы чек билген, отуна сыйынган абышкаларды өйдө көрөм».

«Бул жомогуң, кыялың. Турмушта от-мотуңду уруп койбогон ушундай камбылдар менен тартышып жашайсың. «От-от» деп отуруп оозуң күйүп бүткөндө көрөм сени. Ошондо өзүң саар чачып өчүрөсүң ха-ха!..»

«Отко тил тийгизбе наадан, антип тил тийгизбе!..»

«А сен баягы Прометей эрдигин насыяга чыгарган кишини эстечи. Жорудан корунуп, чегинип отуруп асканын денесине батып кеткен от атасын эстеген ким бар азыр! Калппы ошонуку? Ыйыгы ага сокур тыйын. Акчыланба, сен да ошонун бирисиң!».

«Жок, мен сени көргүм келбейт. Кантип, кантип, билбей келгем десең?»

«Эмесе ана асман, учуп кет, эми көрүп билдиң!»

«Учам, турбайм, турбайм».

«Ха-ха-хаа!..»

Заар күлкүдөн эсин жыйды. Адегенде эле ага караңдап көлөкө ойноткон касаба, касабанын кылда учуна конуп алган бешенеси баладай жарык-жарык жылдыз көрүндү.

Тоо ичи гүүлдөп, төмөн карагайдан элик бакырды. Үн кандай күтүүсүз чыкса, ошондой жым өчүп тоо күчөп гүүлдөдү. Сүрөтчү отту чоң жакты. От жээктеп отурду. Айлана капкара. Касаба гана канталап караң-караң

.өкө ойнотот. Бирок, эми аны басып жечүдөй үрөйүн ,-урбады. Чычаңын серейтип адамдардын боорун эзип теңселип жүрдү. Көзүнөн кандуу жаш аккан карышкыр, мас улар сезимине бүлүк сала берди. Өзүнүн ыйык нерсеси кордолгондой сүрөтчү ызага муунду.

Мүмкүн эмелеки элик да адашкан түгөйүн издеп жүргөндүр. Түгөйү улагынын чыңырыгын угуп учуп жеткенде коргошун октон мерт тапкандыр. Ыйиген ууз баланын балжууран эриндерине эмес жерге аккандыр. Керз өтүк тепсегендир. Акыркы көз ирмеминде татынакай улагы кош аяктуу жырткычка кандайча айланганын түшүнбөгөн табышмак катып калгандыр...

Эликтин кареги чоңойгондон чоңоюп, чоңоюп... жылчыксыз түндөй каптап, аны талтайып тээп турган кош аяктуу жырткыч акырын жылып жакындап келатты.

Мөлтүрөгөн сулуулук сүрөтчүнүн көз алдында кыйрады. Ушу учурда анын жүрөгүнөн ибилис ойгонду. Кечээ аскаларды аралап улуп-уңшуп жүргөндө чукуранган ибилис эми ачыкка чыкты.

...Капчыгай жарган гүүлдөгөн үндөн селт берди. Кой үркту. Миңдеген көчмөндөр дүңгүрөтүп чаап өткөндөй үркту. Тымтыракайы чыкты...

— Чоой!-Чоой!

Ал очоктон кош чычаланы сууруп алды да жаркылдатып булгалап, жүгүрүп-туруп касабанын жонуна чыкты. Айланасы жошодой кызыл жаян.

«Анакей, издеп жүрсөк өзү чыкты». — Тунук абаны кылычтай шылып заар үн чыкты. Кайдан чыкты? Өзүнөнбү? Ана! Аңгыча чычаланын жарыгында ойдон сансыз жабалактаган көздөр көрүндү. Бир заматта миң от өчүп, миң от жангандай баш аламан күйүп, өчүп, аны селдей каптап куушуруп кирди. Ал чычаласын айкаштырып жиберди. Чагылгандай жарк эткен жарыкта кыпкызыл карышкыр, аны минген кепини жазылган, чачы жайылган кемпир, сакалына чалынып туруп мүргүгөн чал, арып ачкан, азган-тозгон адамдар көрүндү. Төбөлөрүндө канат-

тарын сабап, быкпырдай кайнап гуу-гуулап сансыз улар чарк урат. Тир укмуштуу кошун дүңгүрөп асканын кырына кыскандан кысып жакындайт. Ал коргонуп чычаласын баш аламан шилтей берди. Жок, алар кыскандан кысты. Шыркыраган чычаланын жарыгында канга жуунгандай кызыл жаян. Тебелеп кетчүдөй чукулдашты. Эми ал баарын көрдү. Карышкыр жыпжыланач, минген кемпир... О шумдук, чоң энеси. Топ баштап сакалы боюн тушаган чал... О, шумдук, чоң атасы! ...Дүңгүрөгөн үндөр.

**ЖЫЛАҢАЧ КИШИ:** — Улар этин ушул жеген, кескиле, талагыла!

**АБЫШКА:** — Тирүү карышкыр сой деген эмесмин, өзүн, өзүн сойгула!

**КЕМПИР:** — Жок, жок, мындай уулум жок, эне сүтүн тепсеген уулум жок!

**ЖЫЛАҢАЧ КАРЫШКЫР:** — Мен мунун отун, отун гана өчүрөм. Өзүн мендей... мендей карайлатам! Ах-агх!

Ал дагы бир кадам чегингенде бутуна такоол урунбай боштук ылдый куркурап кулап кетти. Күү менен асканын боюндагы арчага, жок, Прометейге тийди. Оо, түгөнбөгөн шумдук! Кудайлардын чынжыры бүт чириптир! Ушуну үзө албай оо, шумдук, улуу Прометей кургаган бир куу чалга айланыптыр! Омкорулуп учту. Экөө тең кучакташып, тытышып, куркурап келатышты. Ылдыйта өзүнүн оту, бүт дүйнөнү жарыткан улуу оту алоолойт. Сүрүн айт да, ырайымсызын айт! Алкымынан от бүркүп асманды кайсап жылдыздарды кыздардай чыркыратып соргон, көккө сойлоп жерге чабылган ажыдаар, кылымды кыяндай шыпырган топон суу!

Жалындын муз тили кургаган чалды искеп өттү. Жалындап күйүп кирди. Эми от буга жармашты. Чачы, кийими өрттөндү, андан миң сан, миң сан учкун туш-тушка зырылдап учуп, ааламдын аркы чегине үрккөн жылдыздарга аралашты. Шыркыраган жалындын өзөгүнө шуңгуп, шуңгуп, улам терендеп баратышты. «Оо кудай!» — деп бакырды бу алааматта Прометей жору чокуп кал-

бырланган жүрөгүнөн зарлуу да, моюн сунгандай да, жалынгандай да, тозокко күйбөс, топон сууга акпас, муңбас бир керемет үн менен. «Оо кудурети күчтүү улуу кудай, амириңе баш урдум, эми багындым! Багындым кудай! Күнөөмдү эми өз отум өзү жуусун!..»

Бул акыркы чыңырык эле. Бычырап чокко батып баратышты. Бу учурда сүрөтчү да бир жапайы чыңырып алды. Көкүрөктө кысылган жаны ушул чыңырык менен учуп чыгып жылдызга зымырады. Ал ушул көз ирмемде тозок отун ортосунан как жарып баарына кайыл күйүп аткан Прометейди, жанындагы өзүнүн көмүргө айланган денесин, тээ ойдогу адамдар азыр эле аскадан кулаган куйруктуу жылдызды кайдыгер карап коюшканын көрдү. Жылдызга жакындап... жакындап, бет алды агаргандан агарып... агарып келатты...



## МАЗМУНУ


| | |
|---|---|
| Ай ыры | 3 |
| Таң | 3 |
| Аян | 3 |
| Обон | 4 |
| Ыр | 5 |
| Кубулуу | 5 |
| Мажнун | 10 |
| Жышаан | 11 |
| Сагынуу | 11 |
| Эстет | 12 |
| Керээт | 13 |
| Куурчак | 14 |
| Нөөмөт | 16 |
| Жаңы будда | 18 |
| Ишеним | 22 |
| Инген ийиген | 28 |
| Бала | 39 |
| Чабарман | 44 |
| Абышканын бийиги | 56 |
| Өмүрдүн бир күндөрү | 71 |
| Тоодогу жомок | 85 |

*Чоюн Омуралиев*

ГОНЕЦ

Рассказы

(На киргизском языке)

Издательство «Кыргызстан»

Рецензенти *К. Ибраимов*
Сүрөтчүсү *Ө. Асанов*
Редактору *О. Сулайманов*
Көркөм редактору *С. Ямгирчиев*
Тех. редактор *В. Крутякова*
Корректору *Ж. Елтинова*

ИБ № 3363

Терүүгө 09. 04. 87. берилди. Басууга 03. 11. 87. кол коюлду. Кагазы типографиялык № 1. Д—01559. Адабий ариб, жөнөкөй ыкма менен басылды. Форматы 70×108 1/32. 3,375 физ. басма табак. 4,72 шарттуу басма табак. 4,929 учёттук басма табак, 4,895 боек түшүрүү. Тиражы 5000. Заказ № 155. Баасы 30 т.

Элдердин Достугу ордендүү «Кыргызстан» басмасы, 720737, ГСП, Фрунзе шаары. Совет көчөсү, 170.

Кыргыз ССР басма полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети. Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты.
720461, ГСП, Фрунзе, 5. Жигули көчөсү, 102.